О. Т. ЛАЙЛИЕВ, А. О. ЛАЙЛИЕВ

ӨЧПӨС ӨМҮР

Эч ким унутпайт,
Эч качан унутулбайт.

ББК - 84 Ки 7-4
Л - 18

Лайлиев О. Т., Лайлиев А. О.

Л - 18 Өчпөс өмүр. — Б:, «Учкун», 2003. — ... б.

Бул китеп эл, жер үчүн өмүрүн сайып, граждандык жана Атамекендик улуу согуштардын кан майдандарында салгылашкан эр-азаматтардын жаркын элесине арналуу менен азыркы муунду патриоттуулукка тарбиялоо вазипасын көздөйт.

Советтик мезгилдеги согуш тарыхын изилдөөчүлөргө жана жалпы окурман журтуна арналган.

Ысык-Ата районунун акими Саралинов Мурат Назарбековичке О. Лайлиевдин «Өчпөс өмүр» деген китебинин басмадан чыгарылышына материалдык жана моралдык көмөк көрсөткөндүгү үчүн, китепти дайындап чогулткан Лайлиев Алымбек Осмонович жана окурмандар чын жүрөктөн ыраазычылыгын билдирет.

ISBN 9967 - 413-68-9
Л - 4702300100-03
ISBN 9967 - 413-68-9

ББК - 84 Ки 7-4
©Лайлиев О. Т.,
Лайлиев А. О., 2003
© «Учкун», 2003

Кыргызстандын Эгемендүүлүгүнө арналат.

I. ӨМҮРГӨ ШЕРИК

Мен, Озоке төрөлүшү — биринчи орус революциясынын баррикадаларындагы залптарга, балалык кези — көп жылдык кандуу империалисттик кыргынга, жаш кези — граждандык согуштун каардуу жылдарына, жигит кези — өлкөбүздүн кайра жаралышына, алгачкы улуу курулуштарга, индустриализациялоого, туташ коллективдештирүүгө, улгайган кези — гитлердик фашисттердин кол салып кирүүсүнө каршы айыгышкан салгылашууларга, улуу жеңишке, социализмдин биздин өлкөдө гана эмес ошондой эле планетабыздын башка көп өлкөлөрүндө дүркүрөп өнүгүшүнө туш келген адамдардын муунуна таандыкмын.

(«Бизден кийин төрөлгөндөргө») менин кыялымда далай-далай элестер турду, алар коммунисттик партиянын, Лениндин улуу идеяларын турмушка ашыруу үчүн бирге салгылаштарга аттанышкан кыргыздын эң сонун уулдарынын, коммунисттердин, комсомолецтердин, кызыл аскерлер менен ыктыярдуу отряддарда кызмат кылышкандардын көөнөрбөс образдары эле. Кымбаттуу окуучулар так ошол күрөштөрдүн айрым эпизоддорун чагылдырып, сиздерге тартуулагыбыз келди. Ооба, ошол өткөндөрдүн саргайыңкы тарткан далай баракгары алиге чейин күнү бүгүнкүдөй эсимде. Бул бир жагынан! «...кыргыз өлкөсү үчүн, биз убакты аябадык»,.. — деген акындын учкул ыр сабы эриксизден эске келет.

Октябрь революциясына чейин кыргыз жери — тоосу-тоодой, түзү-түздөй турганы менен андагы эмгекчилердин көпчүлүгү жапа чегишкен. Октябрь төңкөрүшү гана кыргызды Орто Азиядагы бардык улуттардын катарына кошуп жерин гүлзарга, кылымдар бою каны катып келген элин

илимге сугарды. Ошентип кечээ кокту-колотто жашашкан элдин уулдары бүгүн жаңы турмушту коргоп калуу үчүн салгылаштарга аттанышты. Ал салгылаштар оңой-олтоң эле ишке ашырыла койгон жок. Ар бири күрөштү, кан төгүүнү ал гана эмес керек учурда кырчын өмүрлөрдү кыюу талап кылды. Улуу теңкөрүшкө чейин кыргыз элинин өнүгүүсү капиталисттик өнүгүү деңгелине жете элек болгондуктан доордун ал формациясын аттап өтүп, социализмди куруунун айкын-ачык жолуна түштү. Бул улуу Ленин тарабынан жарык кылынган закон менен улуу көсөм башында турган коммунисттик партиянын жетекчилиги астында гана жүзөгө ашырылууга мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Лениндин идеяларын ишке ашыруу оңой-олтоңго турган жок. Менин бул эске түшүүлөрүмдөн; ошол өткөн күрөштөрдү чагылдырган айрым эпизоддорду окуй аласыздар. «Биз өзүбүз» дешкен кыргыз бай-манаптары, падышачылыктын алиге жоюла элек калдыктарынан болушкан орус, кыргыз кулактары, ошондой эле чет өлкөлөрдөн басып кирүүчүлөргө каршы жүргүзүлгөн күрөштөр оор жана кандуу эле. Алардын көпчүлүгүн азыркы мезгилдин жаштары элестете да алышпайт. Анткени, республикабыздын өнүгүп-өсүшү, бул кездеги бактылуу турмуш, башка бир тууган республикалардай эле Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун карамагына кирген Кыргыз Республикасынын тең укуктуулугу өткөн турмуш, өткөн күрөш катаалдыктарын алда-кайда сүрүп салгансыйт. 20-кылымдын башталышында В. И. Ленин: «Түркестан чыныгы типтеги колония» (Ленин, чыг. 3-том, 522-бет) Падышачылыктын Түркестанга койгон генерал-губернатору, кыргыз жана Кокон кандыктары тарабынан кыргыз эли бир канчага бөлүнүп турган.

Октябрь революциясынын жеңишинен бир нече күн өткөндөн кийин, башкача айтканда, 1917-жылдын 22-ноябрында В. И. Лениндин демилгеси боюнча кабыл алынып «Россиянын бардык мусулман жана Чыгыш элдерине» карата Совет өкмөтүнүн кайрылуусу жарыяланган эле. Анда мындай деп айтылган:

«Ушул мезгилден баштап сиздердин диндик ишенимиңер, үрп-адатыңар, улуттук жана маданий мекемеңер эркин жана эч кимдин колу тийгис деп жарыяланат. Өзүңөрдүн улуттук жашооңорду кургула. Сиздердин укугуңар Россиянын башка улуттарындай эле революциянын бардык күч-кубаты жана жумушчулар Совети, дыйкандар менен

солдаттардын депутаттарынан түзүлгөн анын органы сактайт деп толук ишенгиле». «Сиздер өз турмушуңарды өз үлгүңөрдүн негизинде курууга тийишсиңер». Биз азыр эркиндикке чыккан кыргыз эли — Ленин партиясынын жетекчилиги астында социалисттик курулуштун негизинде республикабыз бактылуу турмушту түзүүгө жетишкенине жана келечек коммунизмдин жеңиштерине карай ишенимдүү кадамдар менен бара жатканына күбө болуп отурабыз. Улуу Октябрь, бир кезекте жарым көчмөндүү болуп жашап жүргөн элге артта калуучулуктан илим, техника, маданият бийиктигине чейин өсүп жеткен жогорулашка көтөрүлүүгө мүмкүнчүлүк берди. Бул жолдо ошол мезгилде эле элибиздин калың катмарынан көптөгөн эр азаматтар суурулуп чыгышып, алардын бирлери элинин келечек бактысы үчүн өз өмүрүн беришсе, кай бирөөлөр үчүн биздин мезгилге чейин жашап күн санап, болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн жөнөкөй гана күбөсү болбостон, ага түздөн-түз катышуучулардын болуу бактысы туура келди. Биздин жаш кезибизде булардын дээрлиги кыял гана болчу, бирок азыр бай тажрыйбабызды, ишенимибизди жана коммунисттик коомду куруу ишинде Ленин партиясына берилгендигибизди кайталап сөз кыла бергибиз келбейт. Тек бүгүн да кандай иш болбосун аткарууга дайым-даяр экендигибизди айткыбыз гана келет.

Бул кыргыз атчандарынан куралып, эң алгач өзүнчө улуттук эскадрон андан соң дивизионго полкко айландырылган азыркы ардактуу кызыл аскерлерди биринчи уюштуруучулар: партия, жана Кыргызстан Борбордук Аткаруу Комитетинин (ЦИК) председатели Абдыкадыр Уразбеков, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын секретары Жайнак Садаев, командирлер: Павел Васильевич Вахалов, андан кийин Василий Александрович Калачев болгон. Эскадронго андан соң дивизионго командалык кылган, андан кийинки жылдарда 4 дивизионго жана полкко командачылык кылган такшалган командирлер: Черных, Швецов, Трулоо жана Ставинковдор болгон жана саясий жактан жетекчилик кылууда Мамашев, Амиров, Алчынбаев жана акыркы убагында Истамбековго ченемсиз чоң кызматка таандык болгон. **(Фото карточканы кара).** Ушул адамдардын жеке турмушу эл менен болгон байланыштын абдан терендиги жана Коммунисттик партияга берилгендиктин ишенимдүү далили. Демек жаштар, коммунизмдин жаш куруучулары бу-

лардын турмуштарынан толук үлгү ала алышат. Бир кезде кыял гана болгон биздин ой-тилек бүгүн жүзөгө ашырылууда. Ушул күнкүлөр үчүн биз күрөшүп жана эмгектенип келгенбиз.

Өткөн окуялар, адамдардын көөнөргүс жандуу образдары, табияттык ажайып көрүнүшү, ошол, ошол күндөрдүн өзөктөрдү куйкалаган кайгы-капасы — күрөшү — улуу идеяларды жүзөгө ашырууга карата болгон күрөшү кайрадан бир гана ирет эмес бир нече жолу ачылып өтүп жатты:

«...Өткөндөр мага кучагын жаят,
Кечээ гана бул бакты
Аралап басып жүргөндөй» — деген улуу Пушкиндин мөлтүр ыр саптарын кайталагыбыз келет. Тоолорубуздун арасында көрктүү кыштактарыбыздын четинде, шаркырап аккан тентек өзөндөрүбүздүн жээгинде туруп мен кайрадан өткөн күндөрдү эстейм. **«Одних уж нет, а те далече...».** Алар кайда, жашап жүрөшөбү? Айрымдарын биз билбейбиз. Ошондой кишилердин бири менин эң жакшы көргөн досум, Кыргызстан үчүн эң сонун жылдары менен көптөгөн күч-кубатын зарп кылган улуу орус элинин өкүлү Василий Александрович Калачев эле. Эгер тирүү болсо аны менен кездешсем деген ой көп жылдардан бери менин тынчымды алып келе жаткан. Башкача айтканда, биздин эң акыркы кездешүүбүз 1927-жылы болгон эле.

Биз жогоруда эскерип кеткендей Октябрь революциясынын жеңишинен бир нече күн өткөндөн кийин эле 1917-жылдын 22-ноябринде «Мусулман эмгекчилерине кайрылуу» деп В. И. Ленин тарабынан кол коюлган тарыхый документте эркин эл, эркин турмушун өздөрү куруп алышат деген көрсөткүчү боюнча Кыргызстан таанылгыс республикага айланды.

Кыргызстанды азыркыдай гүлзарга айландыруучулар — бир кезде кат сабаты жоюлбаган биздин эл: биздин адамдар болушту. Бул «керемет» кандайча пайда болду? Мындай суроону бергибиз деле келбейт. Анткени, биз жеңиштер өзүнөн-өзү эле же сыйкырчынын керемети аркасында жарала калбагандыгын, анын тескерисинче Коммунисттик партиянын үзгүлтүксүз, туура жана чыныгы жетекчилиги астында улуу Ленин тарабынан ачылган законго ылайык бардык бийлик эл эңчисине берилген өлкө жаратканын абдан жакшы билебиз.

Улуу орус эли жиберген коммунисттер бизге жардам беришип, азыр алар биздин улуу агабыз болуп калышты. Алар биздин элге жакшы жардамдар беришүү менен акындын сөзү менен айтканда: «акылга дыйкан, жакшылык, түбөлүк» калуучуларды себишти. Ооба, бул себилген үрөн атактуу Манастын байыркы жана бышыкчылыгы мол жерине келип түштү. Ал кыргыз эпосунда эчактан бери жашап келе жаткан, эркиндик, бактылуу эмгек жөнүндөгү кыялдануулар бул күндө жаңы себилген үрөндөн кубат алып өсүп чыкты. Тарыхтын уруттуу мезгилине тушма-туш келген биздин жаш кезек, ошол күндөрдүн эр жүрөк, азаматтары бакыт жөнүндө кылымдар бою кыялданып, бирок жетпей келишкен элдин үмүтүн жүзөгө ашыруу максатында кан майданга салгылаштарга бирге аттандык.

Бүгүнкү күндө алардын неберлери республикабыздын жана бир тууган республикаларыбыздын институттарынан, университеттеринен, консерваторияларынан билим алышып, окумуштуулар, врачтар, артисттер жана ар түрдүү кесип ээлеринен болушууда. Жарым кылым илгери бир дагы өндүрүш ишканасы болбогон Кыргызстандын заводдору менен фабрикаларында азыр миңдеген, он миңдеген жумушчулар иштешет. Ал эми колхоздор менен совхоздордун эмгекчилери пахта, тамеки, кызылча өстүрүү боюнча жыл өткөн сайын мурда болуп көрбөгөндөй ийгиликтерди жаратышууда. Ошол эле чарбалардын жылкычылары менен чабандары өздөрү багышкан малдардын башын өстүрүү боюнча да күрдөлдүү күрөштү күчөтүшкөн кез. Азыр Ала-Тоонун аймагында Ильич шамы балбылдап күйбөгөн, жери жок, радио менен телевидение иштебеген жерлер өтө аз. Бүгүнкү учурдун жеңиштерин бир кезектин машакаттуу окуяларына түздөн-түз, байланыштуу экендигин улам-улам эскерткибиз келет. Аны жаштар билишсин. Демек, менин бул повестим ошол биз кайрылгандар, өткөндөр жөнүндө болмок.

II. АТА ЖУРТ СИЛЕРДИ УНУТПАЙТ

1.

Кеткен жылдар, өткөн күндөр шар аккан суудай алыс кетти көрүнбөй» деп ырдашат элибизде. Бул саптар эриксиздеп эске түшөт. Ар минутасы окуяларга толгон ошол күндөр эчак эле кайрылгыс сапарга жол тартты. Ал биздин элибиздин бүгүнкү турмушунда жана өткөн тап душмандар-

ға каршы күрөштө жетишилген далай-далай ийгиликтерди камсыз кылууда эң маанилүү из калтырып өттү. Так ошол күндөрдө кыргыз атчандар эскадронунун, дивизионунун андан соң полкунун атайын бөлүгү түзүлгөн эле.

Аябагандай чоң империянын миңдеген километрлерге созулуп жаткан чек араларын коргоп туруу үчүн көптөгөн аскерлер талап кылынса да падышачылык Кыргызстандын тоолору менен түздөрүндө жашашкандардын колдоруна курал берип өз жерин коргоого ишенишпегенин биз жогоруда белгилеп өткөнбүз.

Совет бийлиги кыргыз элине өзүнүн улуттук аскер бөлүгүн — кыргыз атчандар эскадрон-дивизионун (кийинчерээк полкун) түзүүгө берген улуксаты бизге сөз менен айтып түгөнгүс кубаныч алып келгенин жашырууга болбойт. Биз — ошол кездеги жаштар, кыргыз жергесинин булуңбурчунан; ак селделүү Тянь-Шань менен көгүлтүр Ысык-Көлдүн жээктеринен, Талас өрөөнү менен Фрунзе (ал кезде Пишкек) шаарынан чогулуп өз ыктыярыбыз боюнча Кызыл Аскердин карамагына кирип жаттык.

1925-жылы Совет өкмөтү Кыргыздын улуттук аскер бирикмесин түзүү жөнүндө маселе коёт. Бул жаңылыкка эң биринчилерден болуп орус комиссарлары менен командирлеринен Вахалов Павел Васильевич, ошондой эле Калачев Василий Александровичтер келишет.

Кабар айылдан—айылга, жайлоодон—жайлоого бат эле келип жетти. Июнь айынын узун күндөрүндө, чартылдап күйгөн отту тегеректей далайга чейин сүйлөшүп отурушкан ак сакал чалдар кыргыз элинин көп кылымдык турмушунда болбогон мындай жаңылыкты талкуулашып: «Ленин арабызда жок, бирок Лениндин партиясы биздин камыбызды көрөт», — деп сүйлөшүп отурушту. Ал сөздөр күндүзгү иш убагында да айтылып жатты. Кыргыздын улуттук аскер бөлүгүн уюштуруу партия тарабынан жүргүзүлгөн акылман саясат эле. Ушул маселени чечүү кедей-кембагалдар арасында сакталып калган бай-манаптардын таасирин жок кылуу ишинде чоң роль ойноду.

Ал эми комсомолец жаштар, профсоюз уюмдарынын активисттери, «Союз Кошчунун» мүчөлөрү болсо бул кыймылга түздөн-түз аралашып ага жетекчилик кыла башташты. Атчандар полкунда кызмат кылгандардын дээрлик көпчүлүгү Кызыл Армиянын катарына өз ыктыяры менен келишкендер эле.

Жаңыдан түзүлгөн ыктыярдуу отряддагылар өздөрүнүн командирлери менен комиссарлары Калачев, Вахалов, Мамашевдерди «Кызыл Армиянын катарын толуктоого келе жатышат. Ура! Биздин жигиттер Совет мамлекетин коргоп калгандай болгула! — деген кыйкырыктары жер жаңыртса, аларды шаардыктар шаңдуу музыканын коштоосу менен тосуп чыгышкан. Шаардын көчөлөрүндө, мекемелеринде Лениндин портретинин жанында «Ата мекенди коргош үчүн Кызыл Армиянын катарына өткүлө!» деген ураандар менен кызыл желектер желбиреп турду. Бул аскер бөлүгүндөгү жоокерлерге жалпы, согуштук жана партиялык саясий билим берүү иши чыныгы турмуштук мектепке айланды. Эң алгач эскадрон, андан соң дивизиондон атчандар полкуна айландырылган бул аскер бөлүгү өзүнүн он үч жыл жашоосунун ичинде падышачылык; «тоолук жапайы кыргыздарды окутуп, бир нерселерге көнүктүрүүгө мүмкүн эмес, — деп эсептеген көчмөн элдин он үч минден ашуун уулдары көп кырдуу согуш илими менен анын күжүрмөн даярдыгын дилгирлик менен үйрөнүп жатышты. Падышачылык төбөлдөр: эгер булардын колуна курал берилсе, огу өз чекелерине мээлерин жакшы түшүнүшкөн. Ошол себептүү Кыргыз жергесинде улуттук аскер бөлүгү түзүлгөн эмес. Бул аскер бөлүгүндө кызмат кылышкандардан жеке гана жакшы даярдыктагы командирлер менен жоокерлер өсүп чыгышпастан ар кыл профилдеги кеңири масштабдуу советтик кызматкерлер өсүп чыгышты. Алардын көпчүлүгү Родинабыздын жаркыраган келечеги үчүн кийинки кандуу салгылаштарда курман болгондор да аз эмес. Кээ бир жөндөмдүүлөрү «өзүнүн көп жылдык жана түйшүктүү өмүр жолунда Ленин партиясынын катарында кызмат кылуу менен партиялык, советтик жетекчи кызматтарга көтөрүлүштү. Чыныгы аракет, жөндөм майканасын көрүшкөн алардын айрымдары азыр да жооптуу кызматтарда талыкпай иштешүүдө.

Кыргыз элинин, кыргыз турмушунун терең катмарынан чыгышып өз убагында кыргыз дивизионунун тарбия мектебинин өтүшкөн Качыкеев Кадыркул, Абдыбеков Коной, Усубеков Турдубек, Чукеев Мамыркул, Рысбаев Абдыкерим, Жаналиев Кыдыралы жана башка көптөгөн адамдардын атын эскертпей кетсек биз үчүн жаңылыштык болоор. Алар улуттук аскер бөлүгүнүн борборунан тарбияланышып келечекке кадам ташташтары.

Аларды Ленин партиясы тарбиялап өстүргөнүн айрыкча белгилешибиз. Партиянын ишине чындап берилген дивизиондун командири Калачев Василий Александрович Кыргызстанда улуттук аскер бөлүгүн түзүүгө чоң салым кошкон. 1925-жылдан тарта кенже командирлер мектебинин начальниги, Вахалов, Соломин жана Муровтар болгон эле. 1926-жылдан баштап ал эскадрондун командири В. А. Калачев болгон.

«Авроранын» дүйнөнү дүңгүрөткөн залпы жер шарын «жаңыртканга» чейин Кыргызстан падышачылык Россиянын «алыскы чети» деп эсептелип келген. Эмгекчил кыргыз элин империалисттик басып алуучу саясаттын «тартибинде» былк эттирбей кармап туруу үчүн биздин жерге падышалык атайын аскер бөлүгүн кармап турган. Атчан аскерлер жергиликтүү тоолуктардан түзүлдү. Мында да белгилей кетүүчү кызыктуу нерсе — ага кирүү ар кимдин өз ыктыяры, өз каалоосу боюнча жүргүзүлдү. Ага биринчилерден болуп комсомолецтер, «Союз кошчунун» мүчөлөрү жана айылдардан келишкен кедей-кембагалдар жазылып жатышты.

Бул дивизионду түзүү Орто-Азия аскер округу тарабынан 1927-жылы бекитилди. Анын биринчи комиссары Малышев Хашим, ал эми биринчи командири Л. В. Вахалов, андан кийин В. А. Калачев болду.

Кийинчерээк дивизиондун командирлиги Черных, Трулла жана Швецов, ал эми комиссарлыгы Мамашев Хашым Амировдор менен алмаштырылган. 53 кыргыз атчандар полку болуп түзүлгөндөн кийин полктун командири Ставинков, ал эми Алчимбаев менен Аден Истамбековдор болсо анын комиссарлары болушкан. Кыргыз жоокерлеринен түзүлгөн бул дивизиондо согуштук даярдыктар өткөзүлүп, саясий тарбия, менен мезгил талабына ылайык жалпы билим берүү сыяктуу иштер жандандырылды.

Мурда көчмөн кедей-кембагалдар эми аты аталган жаңы полкко кызмат кыла башташкан ушул тоолук жаштардын дээрлик бардыгы кийинчерээк комсомолецтер менен коммунисттердин катарына өтүштү.

Кыргыз атчандарына айылдар менен шаарлардын адамдары жакшы жардамдарды көрсөтүштү. Эскадрон кайсы гана жерге барбасын ошол жерден аларга ыктыярдуу отряддар кошулуп, бандаларга каршы салгылаштарга бирге аттанышчу болду. Алсак, Оморбек Мамбеталиев, Акылбек Көкчолоков, Раимкул Төлөгөновдор жетекчилик кылышкан

Талас өрөөнүндөгү ыктыярдуулар отрядынын мүчөлөрү, Арыстаналы Осмонбеков менен Кожобек Кузенбаевдер башында турушкан Фергана өрөөнүндөгүлөр, Кызыл жылдыз орденинин кавалери атактуу **Кутан Торгоев** менен бир катар эрдиктери үчүн Кызыл Туу ордени менен сыйланган **Асан Эшимбековдор** жетектешкен Ысык-Көл өрөөнүндөгүлөр жана жай-кышы чокусунан ак кар, көк муз кетпеген карт Тянь-Шандан кокту-колотторунда түзүлгөн ыктыярдуулар отрядын башында **Кененбай Молтоев, Ысмайыл Козубеков, Шыгай Желденов** сыяктуу элдин калың катмарынан чыгышкан адамдар. Алар басмачылардын бандалары менен көп ирет бетме-бет келишип, бир катар эң сонун жеңиштерге ээ боло алышты. Эл массасы менен кызыл аскерлердин арасында партия жана анын саясий кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн аңдемелешүүлөр, лекциялар жана чогулуштар өткөрүү негизги күчкө айландырылды.

III. УЛУТТУК БАЙЛАНЫШ ЖООКЕРЛЕР

Жергиликтүү Кыргыз элинин, ошондой эле уйгур, дунган, казак, орус улуттарынын жигиттеринен командир кадрларын өстүрүү жагынан Калачев Василий Александрович жетекчилик кылган дивизион чыныгы борборго айланды. Өзүнүн жашоосунун анча узак эмес убактысынын ичинде ал аскер бирикмеси — взводдорду, эскадрондорду, дивизиондорду, полкторду жетектей алышкан жүздөгөн командирлерди өстүрүп чыгарды. Кыргыз атчандар дивизиону менен кыргыздын атчандар полкунун эң биринчи комиссары — **Аден Истамбеков** кызыл командирлер менен саясий кызматкерлерди өстүрүү жагынан баа жеткис эмгек сиңирген жетекчи гана болбостон ал нукура тарбиячы экендигин да көргөздү. Натыйжада Аден Истамбеков 21 дивизиянын саясий бөлүгүнүн начальниги болуп турган кезинде эле. Кызыл Армиянын жогорку аскердик командованиеси тарабынан саясий бөлүктөрдүн комиссары деген жогорку наамды алууга жетишкен. **Асан Алиев, Болот Мукашов, Усман** Илмурадов жана башка көптөгөн анын тарбияланууучуларынан болушту. Усман кийинчерээк полктун комиссары жана кыргыз согуш комиссариатынын саясий бөлүмүнүн начальниги болуп иштеди. Ал эми **Орозалы Саралинов, Кожобек Күзөмбаев, Байдулла Доскенов, Дүйшө Ногойбаев, Шады Жураев, Павел Васильевич Вахалов, Жамангул Жээн-**

чороев, Андрей Григорьевич Цейер, Турдубек Усупбеков, Омор Асылов, Калачев Василий Александрович жана көптөгөн ушу сыяктуулар анын күжүрмөн командирлеринен боло алышты. Алардын далайлары партиялык-советтик органдарда **жетекчилик кызматтарда иштешет.** Алсак: **Кадыралы Жээналиев, Ордобаев, Абдыкерим Рысбаев, Кадыркул Качкеев, Кусеин Көлбаев, Мамыркул Чукеев, Мусабек Бошкеев, Иса Осмонов сыяктуулар.**

Тынымсыз окууга арналган жылдар, ар күнкү машыгуулар жана үзгүлтүксүз өткөрүлгөн күжүрмөн даярдыктар бекерге өтпөстөн, жөп-жөнөкөй жигиттер Кызыл Армиянын эң сонун командирлеринен болушуп взводдорду, роталарды, эскадрондорду дивизиондорду жана полкторду жетектешти. Ошондой эле алар жөндөмдүү чалгынчылардан да боло алышты. Тоодо туулуп, тоодо өскөн кыргыздар — шырп алдырбай уккан, кыймыл-аракети шамдагай, тыкан жана тапшырылган кайсындай иш болбосун аны аткарарына толук ишенген чыныгы чалгынчылар экенин көргөзө алышты. Алар өтө татаал шарттарда да душмандардан маанилүү кабарлар ала алышкан.

Дивизиондун командири Василий Александрович Калачев аскердик жеке составды тарбиялоо ишинде көп эмгек жана билим жумшады. Мурдагы кедей-дыйкандын үй-бүлөсүнөн чыккан, ал так өзү сыяктуу кедейлерден куралган дивизиондун жоокерлеринин ой санаасын жакшы билчү. Октябрь төңкөрүшү менен Граждандык согуш жылдарында Василий Александрович, атаман Аненков башчылык кылган сибирдеги ак гвардиячыл баш кесерлердин отряды менен Орто-Азиядагы анын ичинен айрыкча Кыргызстандагы басмачылардын бандаларын талкалоодо үзүрдүү эмгектенген. Бир боордош советтик Россия тарабынан жиберилген, биздин кадырлуу устаттарыбыз эскадрон менен дивизиондун биринчи командирлери — Павел Васильевич Вахалов жана Василий Александрович Калачевдер бизге канчалык кымбат экенин өзүнөн-өзү түшүнүктүү. Анткени, алар согуш куралдарын кандайча пайдаланууну гана эмес көз алдыбызга кеңири горизонттуу ачуу менен саясий даярдык, орусча так сүйлөө жана кимде-ким сабатсыз болсо анын сабатын жоюу жумуштарын тынымсыз жүргүзүп келишти. Василий Александрович менен болгон биринчи жолугушуум 1927-жылы мен кенже командирдик курска кирүүгө келгенде болду.

Ошол кезде ал дивизиондук командири болчу, а менин максатым болсо, кенже командирлерден болуу эле. Ал ар тараптан билимдүү адам болчу. Биз аны «биздин урматтуу устатыбыз» деп атоочубуз. Ал бардыгыбыз үчүн, алардын ичинен мен үчүн да эмнеге болбосун үлгү боло алчу.

Биз ал киши менен 1928-жылы кош айтыштык, башкача айтканда мындан кырк жыл мурда. Ошол мезгилдердин ичинде мен ал киши жөнүндө эч нерсе уга алган жокмун. Бул жылдардын аралыгында бир канча ирет: «Урматтуу устат сен кайсы жердесиң?» Тирүүсүңбү? Ал жолугушуудан бери далай жылдар, далай окуялар, алардын ичинен Улуу Ата Мекендик согуш сыяктуу оор күндөр да болуп өтпөдүбү» деген жоопсуз суроолорду өзүмө-өзүм берип да жүрдүм.

Ушундай ойлор менен 1970-жылы күз-айларынын байлык жыттанган күндөрүнүн биринде Фрунзенин аэропортунда турдум. Менин көз алдымдан качанкы өткөн окуялар, адамдар, жолугушуулар менен далай жылдарга көрүшпөөлөр, улуу курулуш темпи күч алган тынч убактар менен далай жүрөктөрдүн үшүн алган согуш биринен сала-бири киноленталарындай агылды.

Мен Москвага учуу алдында турдум. Москвага... далай, ондогон жылдардан бери кездешпеген Василий Александровичке жолугушуу үчүн сапар алдында турдум. Кырк жылдан ашык убакыт аткөндөн кийин ал кишинин Москвада жашарын кандайча билдим? Ушул убактарда мен канча ирет аерде болбодум? Бул окуя капысынан болду. Мен киоскден жаңы гана сатылып алынган «Советская Киргизия» газетасына көз жүгүрттүм. Бул 1970-жылдын үчүнчү бетиндеги «ВЛКСМ Борбордук Комитетинин тапшыруусу боюнча жаштар арасында аскердик патриоттук тарбия иштерин жүргүзүү максатында отставкадагы полковник В. А. Калачев Кыргызстанда анын шаарлары: Фрунзе, Ош, Жалал-Абад жана башка жерлеринде болду», деген макаланы кайталап окудум. Бул эмне деген кубаныч! Мен ошол эле замат бир аз күндөн кийин Москвада жолугушуу жөнүндө Василий Александровичке кат жаздым.

Мына бир нече сааттар өткөндөн кийин бул жолугушуу улуу Родинабыздын жүрөгү Москвада анын Кызыл Аянтында болмок. Биз ушундай болжошконбуз. Менин жүрөгүм, бул жолугушуу толкундуу жана достук кырдаалда өтөрүн сезип турду.

Мени менен Москвага күрөш жылдарын бирге өткөзгөн күжүрмөн жолдош, азыр республикабыздын граждандык коргонуунун начальниги Ильмурадов бирге учмачкы. Күндүн нуруна канаттарын чагылтышкан залкар ИЛ-18 төмөндө тилке-тилке эгин аянттарын, узун лента сыңары учукыйырсыз созулуп жаткан жолдорду алаканга салгандай көргөзө Москва тарапка бет алды.

Катарлаш олтурган жолдошум Ильмурадовко кайрылып:

— Усман, мен бул адам акылынан жаралган 20 кылымдын шумкарында аз учкан жокмун, ар качан абага көтөрүлгөн сайын: киши акылынан гана пайда болгон «керемет», — деген суроо кылт эте түшөт. Мен өлкөбүздүн жүздөгөн шаарларында кайталанып жаткан көрүнүш адатка көбүрөөк айланып бара жатса да, жомоктогу мындай учууларды; күнүгө кайталана берүүчү, кезектеги көрүнүш катары эсептөөгө көнүгө албагансыйм, — дедим, — Усмандын көшүлгөн оюн бузуп.

— А мен, — деди Ильмурадов саамга унчукпай, ой жүгүртүп тургандан кийин: — мен эмне жөнүндө ойлодум билесиңби? — ушулардын бардыгы, техникада жетишилген ийгиликтер да сөзсүз Лениндин гениялигинин натыйжасы болуп жүрбөсүн. Аябаган кыйынчылыктар менен курулган курулуштар — ач-жылаңач, күрөктөн башка тыңгылыктуу куралы жок жакыр Россия өнөр жайы өнүккөн социалисттик өлкөгө айланды. Так ушулардын бардыгына ким жол ачып, ким мүмкүнчүлүк түздү? Лениндин тендешсиз акылманынан гана жаралды. Өзүң эле ой жүгүртүп көрчү, ГОЭЛРО планы өлкөдө социализмди куруунун башталмасы эмеспи. Жөнжөнөкөй адамдар, жумушчулар менен дыйкандар массасы, кедей-кембагалдар Лениндин айткандарына толук түшүнүшүп электрлештирүү жөнүндөгү эң сонун идеясын колдоп чыгышы, а жазуучу — фантаст Уэлсчи? (буржуазиялык чектелүүсүнүн натыйжасында) Лениндин улуулугун түшүнбөстөн анын айткандарын куру кыял, — деп атады. Ал чечкиндүү жана таланттуу ойду, болгону... кыялдагы нерселер гана — деп эсептеди. Чындык, улуу бирок кыялдагы. (Кийинчерээк Лениндин бул айткандары мөөнөттөн алда-канча илгери орундалып жаткынын көрүп Уэлс мурдакы көз карашынан танган).

— Андан орус акыны Александр Блок көрөгөчүрөөк болуп чыкты. Ооба, Орто Азиялык Аскер округунун саясий басмасы тарабынан чыгарылган Блоктун «Он эки» (Ал поэ-

масы 1918-жылы жазылган) аттуу китебин кайталап окушуп анын айрым сөздөрүнө толук түшүнүшпөсө да, эң сонун поэманын мазмунун терецинде чыныгы эргүү, Россиядагы революциялык турмушу жөнүндө тунук ойлор жатканын тек гана боолголошподу алар жүрөктөрүндө сезип турушту. Ошондуктан биз поэманын айрым саптарын жаттап да алдык. Алсак, «Түз карма, төнкөрүштүк кадамыңды...» деген учкул саптар көпчүлүгүнүн эсинде унутулгус болуп калды. Мен ушуларды эсиме түшүрдүм.

...Корккон душман козголуудан корунуп, кол көтөрүп, тизе бүгүп жалынды!.. — деди мага катарлаш отурган Усман! Биз текке кетпеген жаш чагыбызды кайрадан эске түшүрүп бара жаттык.

...Биз бир аздан соң мотордун кубаттуу дабышына кулак түргөндөй унчугушпай калдык. Ар кимибиздин кыялыбызда киноленталар сыяктуу далай-далай тагдырлар... жаңы турмуштун эң алгачкы кыйын жылдары, ооба, Совет бийлигинин таң менен кошо төрөлгөн кезиндеги жаштыктар агылды... Эгер бул китебимде ошол өткөндөр жөнүндө обуруздарыма ишенимдүү, элестүү кылып айтып берүүгө жетише алсам, автор катарында өзүмдү бактылуу сезер элем. Ошол убакта менин бардык ой-санаам жакында болчу кездешүү жөнүндө болду. Мени көздөй полковник формасын жарашыктуу тыкан кийген адам кадамдап келе жатты. Мен ага каршы бет алдым. Мен анын жүзүнөн көзүмдү албай, менин урматтуу командирим, дос жана устаттын өзүбү же башкабы? деп далайга тиктеп турдум. Полковниктин төшүндө кырктан ашуун ар түрдүү ордендер менен медалдар жаркырап турду.

— Кымбаттуу Василий Александрович, — деп мен кыйкыра сүйлөдүм. Ал мени эми гана таанып:

— Көрүп жатасың го мен аябай өзгөрүптүрмүнбү? Мен эми карып калбадымбы? Ден соолугум түзүк... Биз далайга чейин сүйлөштүк. Ал мага мен ал кишиге суроолорду жаадырабыз го деп оюмда болду. Биз ал күнү Москванын көчөлөрүндө далайга чейин сүйлөшүп басып жүрдүк. Жаңыбыздан өткөндөр биздин бири-бирибизге кылган мамилебиз менен сүйлөшүүбүздөн улам, жашап калышкан бул эки офицер далай жылдардан соң биринчи кездешкенин баамдашкандай жылмая тиктешет. Алар чындыгында эле жаңылышпады. Мен ошол замат кызыл командирлерден болуу үчүн курска келген жапжаш кезими эске түшүрдүм.

Биз анда Василий Александрович менен Пишпектеги (азыр Фрунзе шаары) казарманын ичинен жолугушканбыз. Мен ал убакта кенже командирлерди даярдоо курсунун курсанты, а ал болсо кыргыз улуттук атчандар дивизионунун командири болчу.

— Мына эми экөөбүз тең командирбиз, менин максатым орундалды деп кубана сүйлөдүм.

Ошол күнү кечинде мен анын үйүндө отурдум. Василий Александровичтин аялы Милиция Николаевна бизге орус дасторконун кенен жайып, тамактын бир нече түрүнөн даярдап, меймандап отурду. Василий Александрович өзүнүн басып өткөн өмүр жолундагы; он сегиз жаштагы кызыл гвардиячыдан армиянын оперативдүү бөлүгүнүн начальнигине, Улуу Ата мекендик согуштун биринчи күнүнөн акырына, Москвадан Берлинге чейинки аралыктардагы ар кыл окуяларды эске түшүрдү. Ошондой эле ал кырк эки жыл ичинде болуп өткөн далай-далай кызыктарды айтуу менен мен жөнүндө да кызыга сурап жатты. Биздин Родинанын жүрөгү Москвада кырк эки жылдан кийин болгон эки жоокердин жолугушуусу ушундайча өттү.

IV. СОЛДАТТЫН БАСЫП ӨТКӨН ЖОЛУ

Калачев В. А. Казакстандын Талды-Коргон областында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө өскөн. Ал ошол кездеги жогорку башталгыч окуу жайын бүтөт. Ошондон кийин өмүрүнүн далайын окуу менен өткөрүп, Фрунзе жана Ворошилов атындагы аскердик эки академиянын дипломдоруна ээ болот. Бул жагынан ал дагы жаштарга үлгү болорлук.

Ал 1921-жылы П. В. Вахалов, И. Муровдор менен чогуу кызыл командирлердин мектебин ийгиликтүү бүтүргөн соң алар фронтторду ар түрдүү участкаларындагы атчандар эскадрондоруна командалык кылышат. Ага эң алгачкы алкыш Аненковдун ак гвардиячылардан турган бандасын катуу качырып кирип, ташын-талкан кылгандыгы үчүн. Кыкызыл командирлердин мектебин ийгиликтүү бүтүргөн соң ошол бандаларды акыр-аягына чейин талкалоого жана Саркканда, Лепсинск, Бахты, Сергиополь, Чабучек жерлериндеги бандалардын шайкаларын жок кылууга катышып эр жүрөктүүлүк көрсөткөндүгү үчүн сыйлыктарга татыктуу болгон. Ал ошол кезде отряддын командирине адъютанттык кылган. Гавриловский, андан кийин Жети-Суу фронту тү-

зүлгөндө жолдош Калачев катарында болгон кызыл гвардиячыл отряд, ошол эле фронттун аскер бөлүктөрүнүн составына кирген. Жаш жигит Калачев фронттун штабына командировкага жиберилип чалгынчылык боюнча бир катар тапшырмаларды орундатууга жетишет. Граждандык согуш жана Совет бийлигинин телчигүү мезгилинде көрсөткөн бир катар каармандыктары үчүн. Октябрь революциясынын 50 жылдык майрамында ага Кызыл Жылдыз ордени ыйгарылды.

Ал 1922-жылы Алма-Ата менен Самарканддагы атчан аскерлер курсун бүтүп кызыл командир деген наам берилет. Ошол мезгилде В. А. Калачев советтик улуу полководец Михаил Васильевич Фрунзе менен бетме-бет жолугушуп аңгемелешкен. Кайраттуулугу, демилгелүүлүгү жана жоокерлердин саясий күжүрмөн даярдыктарын жогорулатууга жетишкендиги үчүн Бухара полкуна эскадрондун командири андан кийин ошол эле полктун чалгындоо бөлүгүнүн начальниги болуп дайындалат. 1924-жылы командованиенин буйругу боюнча кызыл командир Калачев өзү командачылык кылган аскер бөлүкчөсүнүн жетекчилиги астында Өзбек ССРинин территориясындагы (Гузар, Бухара, Бахра, Бахризиб, Керки, Чарджоу) басмачылардын чоң отряддарын жок кылууга катышкан. Алар: Корбашы Аман-Палван, Көр Шермат, Рустам — пансаттардын отряддары болгон.

Мындан тышкары биздин республиканын территориясындагы бандиттер менен басмачыларды жоюу жумуштарына да катышкан. Ал Ленинград шаарындагы атчан аскерлердин командирлеринин билимин өркүндөтүү курсун ийгиликтүү (ал ар дайым эң жакшы деген бааларда гана окучу) аяктагандан кийин жаш командир 1926-жылдын июль айында Кыргыз автономиялуу област түзүлгөндүгүнө байланыштуу Кыргыз улуттук атчан аскерлеринин эскадронуна командир болуп дайындалат. 1927-жылдын Октябрь айында Василий Александровичке кыргыз улуттук аскер бөлүгүнүн жайгаштырылган жерге аскер курулуштарын курдарууну жетектөө милдети жүктөлгөн. Кыргыз улуттук аскер бөлүгүнүн күжүрмөн жана саясий даярдыктарын жогорку деңгелде уюштура алгандыгы жана эскадрондун, биринчи командири болгондугу үчүн атайын энчиленген кол куралы менен сыйланган. 1928-жылдын июнунда Кыргыз атчандар дивизионунун командирлигинен Кавказдагы Биленовский дивизионуна которулган.

В. А. Калачев Коммунисттик партиянын эчактан берки мүчөсү. Ал 214-дивизиянын 780-аткычтар полкунда кызмат кылып турган кезде Улуу Ата мекендик согуш чыкты. Согуш жарыялангандан беш күн өткөндөн кийин. В. А. Калачев өз полку менен Витебск областында немецтик басып алуучуларга каршы согушка кирди. Андан кийинки Василий Александровичтин өмүр жолу төмөнкүдөй болгон. Ал полктун командири, чалгындоо полкунун, полк мектебинин, дивизия штабынын, корпус штабынын, армиянын оперативдүү отрядынын начальниги, дивизиондун командири ал эми согуштан кийин Москва аскер округунун күжүрмөн даярдык бөлүгүнүн начальниги, КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы Жогорку Партиялык Мектептин (ВПШ) окутуучусу болуп иштеген. Ошондой эле ал Москва аскер округунун штабы менен округ башкармасында кызмат кылган.

1955-жылы оорусуна байланыштуу Советтик Армиянын катарынан аскер кийимдерин кийип жүрүүгө улуксаат алуу менен (100 — приказ боюнча) бошогон. Калачев бир катар шаарлардын советине жана райондук советтерге депутат болуп бир топ ирет шайланган. Жолдош Калачев Москва шаарынын ири ишканаларында партиялык уюмдун секретары болуп эмгектенген. Ал райондук, шаардык жана областтык партиялык конференцияларга делегат болуп катышкан. Ал ошондой эле согуш ветерандарынын Советтик комитетинин мүчөсү.

Василий Александрович «Москва үчүн салгылаш», «Москвадан Берлинге чейин», «Эрдиктин жолдорунда» — деп аталган үч китепти түзүүгө, басмадан чыгарууга жана жазууга катышкан. Аты аталгандар 1966—1970-жылдардын ичинде чыгарылган.. Анын 50дөн ашык очерктери, каарман жана эр жүрөк жоокерлер, офицерлер, коммунисттер, комсомолецтер жөнүндө жазган аңгемелери мезгилдүү басма сөз беттеринен жарык көргөн. Каармандыгы, эр жүрөктүүлүгү, Советтик Ата Мекенге, Коммунисттик партияга чын жүрөктөн берилгендиги үчүн Василий Александрович жогорку сыйлыктардын ээси болууга жетишкен. Ал кыркка жакын ордендер менен медалдарды алууга татыктуу болгондугун биз жогоруда белгилеп өткөн элек. Алардын ичинен — Ленин, беш Кызыл-Туу, төрт Кызыл Жылдыз, Ата Мекендик согуштун, Суворов, Кутузов, Александр Невский ордендерин, он алты ар түрдүү күжүрмөн медалдарды жана Мам-

лекетибиздин бир канча ардак значокторун (ар түрдүү грамоталарды кошпогондо) алууга татыктуу болгон.

В. А. Калачев Москва алдындагы улуу салгылаштын, Серпухов багытынын ошондой эле Москва областынын Высоконичи районунун борбору ундагы немецтик душмандардын аскер күчүн талкалоо планын түзүп чыгуучулардан жана аларды талкалап жок кылуучулардан болгондуктан, эң биринчилерден болуп Кызыл-Туу орденин алууга жетишкен. Аны Калачевдин көкүрөгүнө М. И. Калининдин өзү таккан.

Биз Василий Александрович менен чыныгы досторчо кол кысышып кош айтыштык. Мени Москвада китебимдин башка каармандары менен болчу кездешүүлөр күтүп турган эле. Ал киши менен болгон эң акыркы жолугушуум мен Фрузеге сапар тартар алдында болду. Бул кездешүүлөр мага жеке гана кубаныч алып келбестен, ал менин чыгармачылыгымдын шыктандыргыч күчүнө айлана алды. Бул жол — согуш ветеранынын күжүрмөн жолу. Анын **күжүрмөн жолун санап, Советтик Армиянын катарын толуктап турган жаш муундарга үлгү** болорлуктун жолу. Бул жөп-жөнөкөй аскер адамынын өмүрү, эң татаал учурларда да аны кандайча жеңүүнүн үлгүсүн баяндаган нукура чындык. Жалгыз гана максаттын айкындыгы менен жогорулугу ар кандай кыйынчылыктын туруштук бере албастыгына ишенгендик. Ооба, тынымсыз аракетсиз эч нерсе өзүнөн-өзү келе калбайт. Ар ким өзүнүн бакытын өзүнүн чыныгы эмгеги менен гана жеңип алышы керек. Ушул айтылгандар ар качан жаштардын эсинен чыкпоолору керек!

V. КОМАНДИРДИН БААТЫРЛЫГЫ

Фергана, Хорезм, Түркменстандын жана Кыргызстандын территориясында жайгашкан басмачылардын бандаларын талкалоодо дивизиондун командири Швецов Семен Михайлович да зор эмгек сиңире алды. Өзгөчө тапшырмаларды ишке ашырууда Семен Михайлович эр жүрөктүүлүктү, билгичтикти көргөзө алгандыгы үчүн партия, совет өкмөтү жана командование тарабынан ал төрт жолу Кызыл Туу ордени менен сыйланып, күмүш жарак-жабдыктуу эң сонун үйрөтүлгөн аргымак ат анын энчисине тартуу кылынган. Анын эрдиктеринин бири мындайча болгон. Ал кезде башында белгилүү бандиттер Исманкулов менен Караевтер турушкан басмачылардын шайкасы алты жыл тынымсыз Фер-

гана шаары жана анын айланасындагылардын тынчын кетирип келишкен.

Ал шайка кыштактарды талап алып, айылдарды өрттөп, тынч эмгек менен күн өткөзүп жатышкан адамдарды, айрыкча партиялык советтик кызматкерлерди аёосуз кыйнап өлтүрүп жатышты. Шайкадагыларды жана анын жетекчилерин колго түшүрүү көп убакка чейин ийгиликсиз болду. Акырында мындай өтө татаал жана жоопкерчиликтүү күжүрмөн тапшырма, ал кездерде Ферганага жайгашкан эскадрондун командачысы Швецовго зор ишеним менен берилди. Ал, кандай гана болбосун Фергана өрөөнүнүн территориясындагы бандалардын шайкасын жок кылуу маселеси эле. Тоодон анча алыс эмес жерден орун алган шайка отрядынын карамагында жети жүз киши бар экенин билген Швецов өзүнүн анча көп эмес — 80 кишиден турган отряды менен далай күнү бандиттердин артынан акмалап, айрым учурларда салгылашып жүрүп отурат. Акырында кызыл отряд үчүн оңтойлуу учур да келип жетип, душмандардын шаштысын кетирип, капыстан качырып киришет. Кылычташкан бул теңдешсиз салгылашта 300 гө жакын басмачынын мойну кесилди, калгандары тоого качып кутулушту, ал эми алардын бир бөлүгү колго түшүүгө аргасыз болушту. Ошентип шайка талкаланып таптакыр жок кылынды. Бул кабарды угушкан дыйкандардын кубанычы айрыкча чексиз эле. Бул 1922-жылдын кычыраган кыш айларында болгон. Ушунда биринчилерден болуп С. М. Швецов Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

1924-жылы мурдагы Хорезм эл республикасынын байлары, хандын мурдакы жан-жөкөр чиновниктери жана башка Совет бийлигинин элдешкис душмандары жаңы бийликке каршы көтөрүлүш башташты. Алар колдоруна тийген советтик кызматкерлерди, коммунисттерди жана жалпы эле Совет бийлигине тилектештигин билдиришкен адамдарды жырткычтык менен кыйнап өлтүрүп, атып-асып киришти. «Н» атчандар полкунун командованиесинин тапшыруусу боюнча Швецов бул козголонду акыр-аягына чейин талкалап жок кылгандыгы үчүн Кызыл Туу орденин экинчи жолу алууга татыктуу болгон. Швецовдун көкүрөгүнө тагылган үчүнчү Кызыл Туу ордени Түркестан согуш округунун командованиесинин буйругу боюнча, көрүнүктүү басмачы Жунайд хандын жетекчилиги астындагы 1500 кишиден куралган басмачылардын бандаларын жок кылгандыгы үчүн

берилген. Андан кийин Швецов кыргыз атчандарынын улуттук дивизионуна командачылык кылды. Кыргызстандын территориясындагы басмачылардын бандаларын талкалагандыгы үчүн ал төртүнчү жолу Кызыл Туу орденин алууга татыктуу болду. Бул 1929—30-жылдар эле. Бул операцияларга Швецов менен бирге күжүрмөн командирлер, саясий кызматкерлер, партиялык жана комсомолдук уюмдардын мүчөлөрү чоң активдүүлүк көрсөтүштү. Алардын ичинен айрыкча каармандык менен салгылашкандар Болот Мукашев, Дүйшө Ногойбаев, Василий Александрович Калачев, Кадыркул Качыкеев, Усман Илмурадов, Асан Алиев, Молдогазы Орозбаев, Андрей Григорьевич Цейер, Байдылда Доскенов, Орозалы Саралинов, Шады Жураев, Павел Васильевич Вахалов, Турдубек Усупбеков, Омор Асылов жана дивизиондун комиссары Амировдор эле. Дивизионго жергиликтүү калк да жакшы жардамдарды көрсөтүшүп турушкан.

Семен Михайлович Шевцов атчандар аскерин абдан жакшы көргөн, аны аскердик бирикменин эң күчтүүсү жана күжүрмөнү деп эсептеген. Анын терең ишеними боюнча атчандар кандай гана салгылаштарга бет алышпасын жеңилбес жоокерлер деп атаган.

Командирдин мындай катуу ишеними — бир адамдын гана жеке ишеними эмес, бул анын тескерисинче көп жылдык согуштук тажрыйбага ээ, чыныгы салгылаштардын далайын өз башынан өткөзгөн аскер жетекчисинин ишеними эле. Жеңиштин сөзсүз боло тургандыгына толук ишенген дивизиондун командири аны кыргыз атчандарынын сезимдерине толук жеткизип турган. Ал, өздөрү минип жүрүшкөн аатарын жакшы багууга, тынымсыз жүрүштөр менен татаал машыгуу учурунда кылычтарды, мылтыктарды кандайча пайдаланууга көнүктүрүү менен агитация, пропаганда иштерин тынымсыз жүргүзгөн. Ошондой эле ал жергиликтүү эл менен тыкыз байланышта болуу дивизиондун иши үчүн жакшы натыйжаларды берген.

Дивизионго саясий тарбия берип, лениндик улуу идеяларын улам көбүрөөк тааныштыруу менен партия тарабынан коюлган милдеттерди жоокерлерге түшүндүрүү боюнча комиссарлардын жүргүзгөн иштери жөнүндө айтпай коюу адилетсиздик болоор. Эң жакшы жоокерлер болгон күндө да, эгер эмне үчүн салгылаштарга бара жатышканын жакшы билишпесе алар чыныгы жоокерлерден болуп эсептелбейт эмеспи. Биздин атчандарды моралдык жана

саясий туруктуулукка тарбиялоого кыргыз атчандар полкунун комиссары Аден Истамбеков менен дивизиондун комиссары Амировдордун эмгектери ченемсиз.

Амиров 20 жылдарда эле Михаил Васильевич Фрунзе менен бирдикте Бухара эмирининн бандасынын ташын талкан кылуу менен Бухара шаарын бошотуп алууга катышкан, эчен салгылаштарды башынан өткөзгөн, такшалган адам эле. Дивизиондун комиссары Амировдун көкүрөгүндө полководец Фрунзенин өзү тапшырган Бухара ордени жаркырап турчу. Амировдун кылган кызматы кыргыз дивизионунун ар бир жоокерине чыныгы үлгү болуу менен жоокерлер анын ар бир сөзүн аткарууга аябай далалат кылышчу. Комиссар кимди болбосун ишендире да алуучу. Ал, кийинчерээк эскадрондордун, дивизиондордун, полкттордун эң сонунун саясий жетекчилери боло алышкан эскердик бир топ кадрларды тарбиялап өстүрдү. Алардын арасында Усман Илмурадов, Асан Алиев, Орозалы Саралинов жана башка көптөгөндөр бар эле. Жоокерлер жана айыл-кыштактардын, райондун адамдары менен болгон алардын аңгемелешүүлөрү эң негизги маселелерди камтуу менен жогорку принциптүүлүктө өтүүчү. Алар мамлекетибиздин ички жана тышкы саясаты, эл аралык турмуш ж. б. толуп жаткан маселелерди ортого салышчу. Мындай саясий жетекчилер менен жоокерлердин жандуу аңгемелешүүлөрү жоокерлердин Родина үчүн сыймыктануу сезимдеринде тарбиялоого жана алардын жеке сапаттарына моралдык, саясий туруктуулукту күчөтүүгө шарт түзүүчү. Бул болсо советтик жоокерлердин салгылаштарда ар дайым жеңишти камсыз кылуучу баа жеткис салымдарынын негизин түзчү.

Тажрыйбалуу, жөндөмдүү саясий кызматкерлер тигил же бул аскердик жеке составдардын кайсы күнү кандай абалда экендигин гана жакшы билишпестен, анын жоокерлери Ленин партиясы койгон улуу максаттарды жүзөгө ашырууга бет алышкандыктарын жеткире түшүндүрүшкөн. Мындай иштер жоокерлерди шыктандыруучу.

VI. ДИВИЗИОНГО ДАҢК!

Кыргыздын атчандар дивизиону округ боюнча кандай гана шартта болсун душмандар менен салгылашууга бир топ жөндөмдүү, жана жакшы даярдалгандардан деп эсептелинүүчү. Ал кездеги эскадрондун командири Вахалов Павел Васильевич менен анын комиссары Мамашев Хашым

жөнүндө айтпай коюуга болбойт. Вахалов ар түрдүү бөлүктөн куралган эскадронду Сөөк ашуусу аркылуу Ак-Сай Арпа өрөөнүнүн чек арасына жетүүгө үлгүргөн басмачылардын күчтүү бандасын талкалоого жетекчилик кылып барган. Ал басмачылардын башында Жаныбек Казы турган. Бул окуя 1927-жылы болгон. Вахалов Павел Васильевич командачылык кылган бул атчандар эскадрондун күжүрмөн аракети Кыргызстанда тап душмандарга каршы күрөшүү тарыхынын элестүү баректарынын бирилеринен боло алды.

Эскадрондун саясий жетекчиси Асан Алиев болгон. Ал кызматка Ташкенттеги лениндик аскер мектебин бүткөндөн кийин келген. Саясий жетекчи катары ал өтө талап койгуч эле. Шашпай чыккан үнү, билиминин терендиги анын жоокерлерди тарбиялоого койгон бардык далалатын сөзсүз ишке ашырууга өбөлгө түзчү. Эч ким анын буйругун эки кылууга батынуучу эмес. Алар коркконунан эмес тескерисинче эскадрондун саясий жетекчисин урматтагандыктан ушундай иштетүүчү. Аны жоокерлер, бөлүктүн, взводдун командирлери бардыгы тең сыйлашчу.

Кыргыздын биринчи улуттук атчандар дивизиону он эки жылдан ашыгыраак жашады. Бул анча дале узак мөөнөт болбосо да ал Кыргыз жергесинде жаңыдан түзүлгөн жумушчулар менен дыйкандардын өкмөтүн жок кылып, эски тартипти орнотууну көздөшкөн басмачылар жана ар түрдүү бандалар менен болгон тендешсиз күрөштөрдүн күбөлөрүнөн болушкандыгын эске алсак эле жетиштүү чыгар.

Дивизиондун жоокерлери өзүлөрүнүн ыйык милдетин абийирдүүлүктө аткаруу менен Улуу Октябрь социалисттик революциясынын Кызыл Туусун коргоп калуучулардын бирлеринен боло алышты. Алар ошол Кызыл Туунун алдында эң сонун даңктуу жолду басып өтүштү.

Түйшүктүү 1937-жыл келип жетти. Ар түрдүү жалган ушактоолордун натыйжасында кыргыздын атчандар дивизиону жоюлду. Дивизиондун жоокерлеринин бир тобу аракеттеги Кызыл Армиянын катарына кызмат кылууга кетишсе, көпчүлүгү өзүлөрүнүн согуштук билимдерин жогорулатуу жана жеке саясий кругозорлорун терендетүү максатында аскердик окуу жайларына кириштн. Кийин Ата мекендик согушта алар чыныгы жоокерлерче салгылашышты.

Биз бул жерден кыргыздын улуттук согуш подразделениесинин жашоосунун акыры жөнүндө сөз козгоо менен бир

аз алдыга кеттик. Бирок так ушул подразделениенин өмүрүнүн акыркы баракгары менен Коммунисттик партиянын жетекчилиги жана шыктандыруусу аркасында тендешсиз оор күрөштөр, жоокерлердин эр жүрөк салгылашуулары менен ийгиликтерди камсыз кылуулары сыяктуу кызыктуу окуялар, фактылар анын күрөш жолунун чыныгы мазмунун чагылдырып өтүп жатты. Өз ыктыяр, өз жүрөк мүдөөлөрү менен бул аскер бөлүгүнө келишкендер туулуп-өскөн ата-конушун сактап калуу үчүн бай-манаптардан түзүлгөн басмачыларды талкалоо ишине чоң роль ойношкон. Ошондой эле алар кыргыз жергесинде совет бийлигин орнотуу жана аны чет душмандардан коргоп калуу ишине зор салым кошушту.

Манастын байыркы жеринде тап күрөшү курч жана айгышкан кырдаалда өттү. Ошондуктан кыргыздын улуттук аскер бөлүгү Кыргызстанда бактылуу советтик турмуштун гүлдөшү жана кедей-кембагалдардын бийлигин бекемдеп жана сактап калуу үчүн чоң жардам көрсөтө алды. Ал акырындап чыңдала да жеңиштерди камсыз кыла берди. Басмачылар менен болгон күрөш ийгиликтүү аяктагандан кийин да бай-манаптар тим жатышпай чет элдик сатылган чалгынчылардын колдоосу астында жаңы турмуш куруп жатышкан адамдарды коркутуу аркылуу алардын коллективдүү чыгармачыл эмгектерине жолтоо кылууну көздөшкөн.

Ошондуктан кызыл аскерлер чек арада турушкан ар бир күн тынч өтпөй, көп-көп түйшүктү баштарынан өткөзүп жатышты. Алар кайсы гана шартта болушпасын социализмдин эң алгач кирпичтерин коюуга бет алышкан биздин адамдарга жардам көрсөтүүгө, советтик мекенди терең сүйүү боюнча топтолгон баатырдык традицияны дагы улантууга жана анын душмандарын чындап жек көрүүгө далай күч жумшашты.

Бул кызыктуу окуяларга бай күндөр эч качан унутулбайт.

Анда биз бул полк менен дивизиондун басып өткөн анча узак эмес тарыхынын айрым даңктуу баракгарына тереңирээк токтолуп өтөлү.

Эмесе кымбаттуу китеп окуучулар, бүгүнкү биздин бактылуу турмушубуз, сени менен менин бул күндөрдөгү эркин жашообуз үчүн далай кырчылдашкан салгылаштарга бетме-бет калишип анда өз өмүрлөрүн курман кылышкан

уулдар, аталар жана агалар жөнүндө кеп козгойлу. Алар улуу сапарларда! «Элим келечекте азап чегишпесин, бактылуу болушсун» деген ак тилек менен көз жумушкан. Айрымдары өрт кечишип, ченемсиз мезгил сыноосунан өтүшү менен биздин учу-кыйрына көз жетпеген өлкөдө коммунизмдин курулуштарын куруу ишине өздөрүнүн зор салымдарын кошо алышты. Алар улуу заманыбызга мезгил көөнөртө алгыс эмгектерди калтырышты. Ошол. себептүү «Силер түбөлүк тирүү жоокерлерсиңер!» — деп сыймыктануу менен айта алабыз. Ал эми биз менен ат салышып, турмуш туткасын бирге кармашкан айрымдарчы?! Булар, чыныгы болоттой миз алышкандар, булар чыныгы асыл жүрөк адамдар...

КОМИССАРДЫН ТАГДЫРЫ

1.

Аден Истамбеков кыргыздардын арасынан биринчилерден болуп аракеттеги Кызыл Армияга командирдик кылууга жетишти. Ал эки жогорку окуу жайын согуштук-педагогикалык мектеп жана мамлекеттик университетти бүткөн. Ал көптү билген чоң эрудициялуу, талап койгуч жана адилет тарбиячы, боорукер адамгерчилиги менен көптөгөн өз замандаштарынан жогору турчу. Аден Истамбековдо бири-бирине көп жакындыгы жок эки сапат бар, гармониялык айкалыштыкта бири экинчисин толуктап, бири-экинчисинин ажарын ачып туруучу. Ал Кызыл Армиянын таланттуу командири боло алгандыктан, ал согуштук жогорку билимге ээ болууга жетишкен. Анын күчүнүн «жашыруун сыры», чөйрөсүндөгүлөргө болгон таасири коммунист болгондугу менен эле чектелбеген. Жогорку принциптүүлүгү, партиялык ишке чексиз берилгендиги жагынан ал көптөрдөн ашып түшүп, анын ою жана бүткөргөн иштери ар дайым башкаларды ишендирүү тарбиялоо жагында болучу.

Жөнөкөйлүк жана жагымдуу мамиле анын уюштуруучулук жөндөмүнө шайкеш келгендиктен, ал кандай киши менен бирге иштебесин өзүнөн-өзү жогоркудай табигый сапаттары ачык сезилип турар эле. Аден Бекембаевич менен кезигишип сүйлөшүү биз үчүн унутулгус окуялардан эле. Биз ал кишиге баруу менен анын биз үчүн кыйынчылык учурларда жакшы кеңештерин айтып жардам беререне толук ишенүүчүбүз. Мындай моралдык жактан кебелгис дух ага жаш кезинен эле пайда болгон. Бала чагында ата-эне-

си менен бирге ал жокчулук менен зор кайгыны башынан өткөзүүгө туура келген. Анын атасы Бекембай Истамбеков Россиядан көчүп келишкен орустардын жер ченөө группасына жумушчу болуп иштеген. Анын жумушчу табына карата аң-сезиминин ойгонушуна большевик-мугалим Путалов менен суу техниги Федотовдор көмөктөш болушту. Ошентип 1905-жылдагы Петербург жана башка өлкөнүн көптөгөн шаарларында башталган орус революциясын ал Россиялык жумушчулар бардык эмгекчи элдин бактысы үчүн күрөшкө аттанышканын түшүнүү менен аны чын жүрөктөн өзүнө кабыл алды. Ушул учурларда Пишпек жана Каракол шаарларында большевиктер жетектеген жумушчу жана дыйкандардын революциялык биринчи уюмдары жашыруун иштей баштаган эле.

Каракол шаарында Бекембай Истамбеков орустун алдыңкы катардагы адамдары менен көбүрөөк жакындашуусунун натыйжасында, орус жумушчулары менен жарды-жалчылары сыяктуу эле кыргыз кедейлеринин максаттары бир падышачылык зордук-зомбулукту кулатып эркиндикке жетишүү экендигин акырындап түшүнө баштайт. Ошентип ал революциялык идеяларды таратуучулардын активдүүлөрүнөн боло баштайт.

Ал биринчи орус революциясы жана анын алдыга койгон сонун максаттары жөнүндө чыныгы берилгендик менен түшүндүрүп, кыргыз кедей-кембагалдарын бай-манаптарга каршы күрөшкө чыгуу керек экендигин мындай деп ачык айткан:

— Орустун жумушчулары менен дыйкандары помещиктер менен капиталисттерге каршы күрөшүп жатышат. А биздин болсо Кокон ханы, орус падышасы жана анын жан-жөкөрлөрү эзүүдө. Биз ошондуктан орустун жумушчулары, кедей-дыйкандары менен бирге күрөшкө аттанышыбыз керек. Аларды дагы, биз сыяктуу эле өз байлары эксплуатациялап жатышат. Биз бириккенде гана максатка эртерээк жетебиз.

Анын бул сөзүн бардыгы угуп отурушту. Бирок ар кимиси ар кандай түшүнүшүп: бирөөлөр анын сөзүнүн абдан адилет экенине ишенишсе, экинчилери, сабатынын жоюлбаганына, басмырланганына, караңгылыгына байланыштуу, бул тентек эмнеге чакырып жатат? — деп ойлошту. Анын жалындуу чакырыктарынын маанисине жакшылап түшүнүп алып, революционердин кабарын «жеткирчүү жерге» жеткирүүгө шашылуучулар да болбой койгон жок.

Күндөрдүн биринде Бекембай Истамбековду жандармдар кармап алышып, сыз подвалга камап коюшту. Сот убагында кат сабаты жоюла элек кыргыз мындай революциялык ишенимди кайдан алды? — дешип сот кызматкерлери анын айткандарына таң калышты. Ал бар болгону өмүр бою байлардын коюн кайтарып, гидрологдордун жумуштарын бүтүрүп, бирдеме-сирдемелерин ташыгандан башка кызмат деле аткарган эмес. Анын үстүнө Ысык-Көлдүн жээгинен алыс деле барган жок. Сөзүн угуп отурсаң айткандардын бардыгы тең революциялык ойлор.

Бекембай Истамбеков падышалык соттун алдында турду. Качан андан эмнеге жетишмексиң, кимге каршы муштум көтөрүүгө батынганы жатасың? — деп сурашканда Бекембай козголбостон туруп мындай деп жооп кайтарды:

— Мен жарды-жалчымын, менин коңшуларым менен тааныштарымдын бардыгы тең жарды-жалчылар. Бай-манаптар орустун кулактары сыяктуу эле абийирибизди төгүшөт. Ал эми силер соттор ал жакка тартасыңар! Анда биз эмне кылышыбыз керек? Мен өз элимди; бай-манаптар менен кулактарды жер үстүнөн сүрүп таштагыла! — деп күрөшкө чакырдым. Биз, кыргыздар эркиндикте жашагыбыз келет. Орус кедей-кембагалдары да жапа чегүүдөн кутулгулары келишет. Биргелешип туруп силерди жок кылабыз. Эртедир, кечтир биз силерди жеңип чыгуучу убак менен бирге эркиндик келет!

Узун жана чатышкан айыптоо кагазындагы сүйлөмдөрдөн; аны айланадагыларына таасири чоң «коркунучтуу саясий» кылмышкер катары көп жылга Сибирге сүргүнгө кесилгенин гана жакшы түшүндү.

Бекембай Истамбековдун эң акыркы суроосу — аялы менен кичинекей баласын өзү менен кошо алыскы сапарга кошо ала кетүү өтүнүчү эле. Тергөө кызматкерлери кыйлага дейре кеңеш курып жатышып, акыры анын өтүнүчүн орундатышты.

Ошентип, Бекембай айдалгандардын катарында чалчык жолдо алыскы чыгышка карай бет алды. Анын аялы кичинекей уулу Аден менен айдалгандардын артындагы арабада кетип бара жатышты. Алыскы Ысык-Көлдөн Сибирдин Александров Централына бир топ айда араң жетишти. Сүргүндөгүлөр бул азаптуу саякатта эмнелерди көрүп, эмнелерди гана баштарынан өткөрүшпөдү! Аларды кайсы жөр болбосун шамалы, жааны, суугу тосуп алып жат-

ты. Айдалып бара жаткандарга кичине тынығуу учурларында ысык суу менен бир кесим кара нан берилип турган ал эми Аден менен Умуткө жада калса бул шыбага да буюрбады. Алар үйдөн алып чыккандарына гана ыраазы болуп жүрүп отурушту. Колунда баласы бар аял деги канча тамак алып жүрө алат дейсиң?

Ошентип колдогу азык-түлүк да түгөндү. Анда аргалары кеткен. Умут менен Аден кечинде көчө кыдырышып, дарбазаларды такылдатышып жакын селолордогулардан кайыр сурап жүрүштү. Ошентип алар Бекембайдын артынан суук жана бейтааныш жерде жүрүп отурушуп араң жетишти. Баштан өткөн мындай кыйынчылыктардан улам Некрасовдун «Орус аялдары» деген поэмасындагы эр жүрөк жана күйөөлөрүн чындап урматташкан аялдар жөнүндөгү «Кардуу ээн талаадагы каарду өлкө» деген эң сонун сабы эриксизден эске түшөт. Акын ал аялдарга: «Ички дүйнөлөрүнүн чыныгы күчүн көрсөтүшкөн эр жүрөк аялдардын образы кимди болбосун өзүнө багындырып алардык».

Элдин терең катмарынан чыккан кыргыз аялы Умут да так ошолордун эрдиктерин андан да татаалыраак шартта кайталады. Андайлар бирөө гана эмес эле. «Эч перседен кайра тарпастан буту-колуна кишен салынган күйөөлөрү менен кошо көз көрбөгөн Сибирге барышып, алар менен бирге абдан татаал сүргүн турмушун баштарынан өткөрүшкөн эр жүрөк аялдар, биздин тоолорубуздун арасында да болушкандыгы чын», — деп мен сыймыктануу менен айтаар элем.

Бекембай үчүн Александровск Централдагы 1906-жылдын көңүлсүз күндөрү менен айлары өтө жай жана көңүлсүз өтүп жатты. Кишендерге маталган адамдардын бир даары токой жумуштарын иштөөгө жөнөшсө, дагы бирлери үңкүрлөргө окшогон өтө ыңгайсыз шахталарга түшүп иштешкен. Алар тандан кечке чейин абдан оор кызматты баштарынан өткөрүшкөн. Көпчүлүгү сүргүндүн оорчулуктарына туруштук бере алышпай биринин артынан экинчилери өлүп жатышты. Ушундан улам: «Азаптуу эмгек» — деген лакап элде бекеринен пайда болбосо керек.

Бала кезинде эле кедейчиликтин ысык-суугуна көнүп калган Бекембай бул оордукка эптеп чыдады. Бирок анда башка да коркунуч бар эле. Бул сыяктуу азаптуу күндөрдү өткөзүүдө Бекембайдын Сибирдин башка караңгы чет жакаларындагы кыштактарда болуп келишкен москвалык жана

питердик жумушчу революционер-большевиктер менен жолугушуулары чоң окуя болду. Бул жолугушуулар ага көптү үйрөттү! Ал ар бир революционер эмнелерди иштеш керек экендиктерин жакшы түшүнүп калды. 1911-жылы Бекембай Истамбеков түрмөдө каза болду.

Биз жанатан бери айтып келе жаткан анын уулунун тагдыры деги эмне болду? Бул коркунучтуу окуя Аден Истамбековдун кийинки өмүр жолуна кандай таасир калтырды? Аден Александровск Централында жашоо менен татар-туземдик мектебинде үч жыл окуду. Мугалимдери жана аны менен бирге окугандардын арасында улутчулдук, башка улуттарга каршы душмандык мамилелер күчөй баштаган. Ошондуктан кыргыз баласы Аденди — Гадий-гадюка, гад — дешип шылдыңдаган ат коюшкан. Ошол Гадий — деген шылдың ат Аден — деген өз аты менен түбөлүк кош айттырып, эми ага энчиленген ат болуп калды. Ал документтерге да ошентип жазылып калды. Анын атасы өлгөндө сүргүндөгүлөрдүн турмушу оорчулуктун теңдешсиз чекитине жетип калган. Бала басып келе жатса анын туш-туш тарабынан: «Мына, саясий чыккынчынын баласы. Бөрүнүн бөлтүрүгү. «Алма шагынан алыс түшмөк беле»... Унчукпай кетип бара жаткан бул баланы карагылачы, атасынын жолуна түшпөй койбойт» — дешип толгон-толгон шылдың менен кер какшык сөздөрдү жаадырышчу.

Атасы өлсө да аны энеси менен бирге бул суук жердин, бул сыяктуу чоочун адамдардын эмнеси аларды коё бербей жатты? Үмүт болсо бир тууган жерине кайтып келүүнү эчак эле чечкен. Айтуу абдан оңой! Ал эми акча болсо жарты тыйын да жок. Бирок байкуш сүргүндөгүлөр, Бекембайдын жолдош-жоролору бир аз акча чогултушуп аларды алыс сапарга — үмүт үзүүлөр менен ченемсиз кыйынчылыктарды баштарынан өткөзүү сапарына узатып чыгышты. Эне-бала узак жана азаптуу жолдо бирде чанага, бирде арабага, бирде жөө-жалаңдап, бирде төөгө минип эңсеген элине жол тартышты. Кээде алар алсырашып, орундарынан козголууга да дараметтери араң жетишсе да эптеп-септеп кайрат тутуп жүрүп отурушту. Жарым жыл убакыт өткөндөн кийин гана көгүлтүр Ысык-Көлдүн жээгине жетишип, Ичке-Жергес айлына маанектешти. Бир топ убакка Аден энеси экөө жергиликтүү бир кулактын кызматын кылышты. Андан соң уулунун окуу жана окууга карата болгон ой санаасы ишке ашып, ал Кара-Көлдогу жогор-

ку башталгыч окуу жайына өттү. Бирок иштебей окууга эч мүмкүнчүлүк болбогондуктан ал батрактык кылып... лямка тартуудан такыр коштошо албады. Жалаң гана кожоюндардын ичиң жегендеринен калгандарын чогултуп, ал да болсо тоё желбеген тамактар менен күн өткөзүшкөн. Ошол мезгилдердеги батрактардын жашоосу кимдерге маалым эмес. Кайдадыр бир бурчка жатышып азаптуу түйшүктөн соң куш уйку салуу... эртеден кечке чейин күнүгө кайталана берүүчү жумуш тозогу. Ушундай түйшүктөрдөн кийин буларда окуу үчүн түзүлгөн жакшы шарт деп айтууга болобу! Ошондой болсо да ал китептерге көз жүгүртүүгө да убакыт таба алган. Кийинчерээк ал кышы менен тааныштардын жана аны менен бирге иштөөгө туура келгендердин бардыгы урматташкан жана таң калышкан туруктуулук менен ченемсиз иштөө жөндөмдүүлүктөрдүн бекем тамыры тээ терендикте экендиктерине достору толук түшүнүшкөн.

2.

Ошентип, аябаган чоң кыйынчылыкты жеңип чыгып Аден Ново-Константиновка селосундагы (мурунку граф Полянскийдин) 3 жылдык чиркөө-приходдук орустун дин мектебинин үчүнчү классын анча көп эмес кыргыз уландары менен бирге бүтөт. Ошол мезгил үчүн бул бир кыйла жакшы билим алуу деп эсептелген.

Ушул убактарда алыстагы тоолордун арасынан орун алышкан кыргыз аймагын аймалап, жаз шамалы менен түбөлүк таалай керимсели сыяктуу Совет бийлиги орноп калган эле. Совет бийлиги Аден Истамбековго жаңы жана мурда болуп көрбөгөн кеңири горизонтторду ачты. Анын өмүрүнүн буга чейин ачыла элек жаңы баракчарынын күжүрмөн беттери биринен сала экинчиси баракчала берди.

Совет бийлигинин биринчи күндөрүнөн баштап эле Аден анда Рудольф Маречек, Николай Лысов жана жаштарга агитация, пропаганда таратуу жана аларды уюштуруу боюнча иш жүргүзгөн Данеке Имановдор жетекчилик кылышкан Кара-Кол уездик революциялык комитеттеги жаштардын активдүүлөрүнүн бири болгон. Ал бул өндүү революционер-большевиктер менен бирдикте Лениндик эң сонун идеяларды таркатуу жана Кыргызстандын бир катар жерлерине Совет бийлиги менен большевиктик ячейкаларды түзүү боюнча көп күч жумшаган.

Бул адамдар менен Аден Истамбековдун жигердүү тагдырлары анын коомдук ишмердүүлүгүнүн эң алгачкы кадам-

дарында эле ажырагыс болуп байланышкан эле. Алар Аденге чоң таасир тийгизишкен. Ошондуктан алар жөнүндө да кыскача токтоло өткөнүбүз оң.

Данаке Имановдун турмушу өз элинин жашоо тагдыры менен тыгыз байланыштуу. Ал социализмди куруу ишине байланыштуу чыныгы каармандыктын, советтик жана партиялык кайсы гана кызмат болбосун зор жоопкерчилик менен аткаруучулуктун оттуу өмүрү. Жөндөмдүү уюштургуч, жалындуу агитатор болгон, ал эң жакшы иштей алган жана айланасындагылардын ар бирине чыныгы сүймөнчүк менен көңүл бура алган.

Оор мезгил эле! Тап душмандар Кыргызстанда убак өткөн сайын чыңалып келе жаткан Совет бийлигине кандай гана болбосун жолтоо кылуу максаттарында бардык айла-амалдарын жүзөгө ашыруу аракетинде болушту. Ошол учурларда Кара-Кол уездинде жаштар Союзу уюшулуп, ага биринчилерден болушуп Данеке Иманов, Сыдык Чоңбашев, Онош Шооруковдор мүчө болуп киришкен.

Кара-Кол жаштар Союзу өзүнүн эң алгач таасирин анча алыс эмес айылдардагы жаштарга тийгизе баштады. Данеке мында көп иштерди жүргүзө алды. Ал уландар менен кыздарды окууга, — эң алды сабатсыздыктарын жоюуга чакырды. 1918-жылдын январь айында Данеке Коммунисттик партиянын катарына өтүп, анын биринчи күндөрүндө эле жогорку активдүүлүктү, демилгелүүлүктү көргөзө алган. Биринчилерден болуп ал пропагандисттерди жана агитаторлорду даярдоочу курска кабыл алынган. Андайлар ал мезгил үчүн өтө керек эле. Ошол эле курстан Чоңбашев, Чижмеев, Султангазиев, Убытаев сыяктуу көптөгөн алдыңкы жаштар окушкан. Курс аяктагандан кийин алар өзүлөрүнө көптөгөн-көптөгөн жаштарды катарга тартуу менен кедей-кембагалдардын үстүнөн дагы эле бийлик жүргүзө бергилери келишкен бай-манаптардын, молдолордун, кулактардын таасирлеринен аларды таптакыр бошотууга аттанышты.

Курста алар Коммунисттик партиянын уставын, Россиядагы коммунисттик кыймылдын тарыхын үйрөнүшүп, партиялык уюмдардын кезектеги милдеттери менен таанышышкандан кийин жаңылыктарга «Куралданган» жаш агитаторлор эми өзүлөрүн революцияга каршы чыгуучу контрреволюциячыл тап душмандары менен алардын контрреволюциялык үндөөлөрүнө каршы күрөшө ала тургандыктарына толук ишеништи. Ал эми тап душмандар болсо өз оюнда-

гыларын беришпей буга жанталашып каршылык көрсөтүп жатышты. Акыры кырчылдашкан тап күрөшү башталды. Ушундай курч мезгилдерде партиялык уюмдар чыналып жана бир кыйла күч топтоого жетишкендиктен тап душмандарга каршы айыгышкан күрөшкө чыныгы жетекчилик кыла алышты. Партиялык жетекчилик контрреволюциячылардын тым-тыракайын чыгарууда чечүүчү учур боло алды. 1917-жылдан бери партиянын мүчөлөрү бир катар иште нйгиликтерди камсыз кылууга жетишкен Николай Лысов менен Рудольф Маречекке «Ысык-Көлдүн кожоюну» деген атты коюшкан.

Николай Лысов бул мезгилде Пржевальск уезддик партия комитетинин төрагасы болуп иштөөчү. Ал эми Данеке Иманов болсо «уполномочиесиз активист» катары таанылып, кайда калктын терең катмарына партиянын идеяларын таратуунун шыктуу жоокери керек кылынса, кайда кыйынчылык болсо ошол тарапка кайрадан жөнөтүлчү.

Ал болгон жерлерге ак ниет ишкердикти, чыныгы эргүүнү жана уюштуруучулукта чыгармачылык табылгаларды калтыруучу. Ошондуктан аны бекерден-бекер татаал жерлерге жөнөтүп турушкан. Андай оор жумуштардын бири дыйканчылык кылышкан кембагалдардан түзүлгөн «Союз кошчу» уюму эле.

Булар Данаке чоң кадыр-баркка ээ болуп иштеген Түндүк Жети-Суу фронтундагы үчүнчү чыгыш эскадронуна саясий жактан жетекчилик кылып, Бүткүл Россиялык партиянын конференциясы менен съездине делегат болуп катышышкан жана Кызыл Армиянын катарынан 1920-жылы кайтып келгенден кийин болгон. Ал туулуп-өскөн жерине кайтып келип Жети-Суу областтык партия комитети менен Жети-Суу областтык комсомол комитетине мүчө болуп шайланган. Бул учурларда ал аскердеги саясий жетекчиликте алган билимин такшалууларын, уюштуруучулук жөндөмүн толук пайдаланган. Ошондой эле ал Жети-Суу уезддик батрактар менен кедейлер союзунун төрагасынын орун басары да болуп иштеген.

Ушул учурдун шартына ылайык күн тартибинде чоң-чоң маселелер келип турду. Турмуш күн өтүп, алдыга кадам таштаган сайын улам аткарууга коюлган милдеттер татаалдана берди. Партиянын кайсы гана чечими болбосун аны сапаттуу жүзөгө ашыруу үчүн коммунисттен саясий жана жалпы билимдерин дагы жогорулатуу талямдарын койду.

Бул милдеттерди да иш жүзүнө ашырууда Иманов кайраткердик жана өзүнө-өзү талап коюучулук менен иштеди.

Мындан тышкары ал элдердин достугун чыңоо ишине да белсенип кириштн. Буга анын конференцияда чыгып сүйлөгөн жалындуу сөзү ачык мисал боло алат.

Ал:

— Каракол уездинде дагы эле болсо тап жагынан бөлүнүүлөр жашап жатат, — деп айткан. Бул жерде орус кедей-кембагалдары орус кулактарынын таасири астында болушса, кыргыз жарды-жалчылары бай-манаптардын таасиринен бошошо албай жатышат. Мунун өзү алардын таптык сезимдеринин ыкчам ойгонушуна жолтоо болуу менен улуттук жана диндик чектелүүлөрдү түп тамырынан бери жок кылуучу убакытты өтө кечендетет. Ошондуктан таптык жана улуттук жактан душмандашууларды жоюу ошол кездеги партия уюмдарынын эң негизги иштеринин бири болуп калды.

Бул үчүн тигил же бул партиялык кызматкерден күндөлүк турмуш койгон маселелерди чечүү боюнча ачык-айкын максаттуулук менен көрөгөчтүк, ошондой эле улуттук жактан карама-каршы коюларды тап-такыр билбеген чыныгы интернационалистти талап кылды. Ошол мезгилдерде партия кедей-кембагалдар арасында бир катар орчундуу иштерди жүргүзгөн. Жаңы турмуштун бул тармагын иш жүзүнө жакшылап ашыруу жумуштарына да Иманов бир канча ирет катышып, өзүнүн уюштуруучулук жөндөмүн таасын көргөзө алды. Ошентип ал баштаган иштердин бардыгы тең ийгиликтүү жүрүп жатты. Анын совет бийлиги, жаңы замандын жаркыраган келечеги жөнүндө эл арасына айтып берүүлөрү бардык жерде-айылдарда да, жайлоолордо да угулуп турду.

Тап душмандар анын жүргүзгөн иштерин куугунтукка алышып, эгер ыңгайы келсе Имановдун чыныгы коммунисттик өмүрүнө кол салууну көздөшсө, кедейлер ага туш келүүчү коркунучтар жөнүндө эскертишип, жардамдашышып жана айрым учурларда аны душмандардан жашырып да калып жатышты. Андан кийинки жылдары Д. Иманов негизинен бай-манаптардан куралган басмачыларга каршы түзүлгөн Феодор Кузнецовдун коммунисттик отрядынын иштерине активдүү катышуу менен ал Кара-Кол уездик «Союз Кошчунун» төрагасынын орун басары сыяктуу жоопту кызматты да ийгиликтүү аткарып келген.

Карт Россия тараптан соккон түбөлүк ырыскы менен бакытты түзүүчү Ленинизмдин таза желине бүткүл эмгекчи элинин жүзүн чайытууга зор күч жумшаган Иманов Орто-Азиянын, анын ичинен Кыргызстандын бир катар жерлеринде өмүрүнүн акырына чейин тынымсыз жана өз ишине берилген коммунист катары эмгектенди.

Али жапжаш Аендин өмүр жолу менен кийинки ишмердүүлүгүнө кебелгис таасир калтыргандар ушундай адамдар эле. 1921-жылы Аден Истамбеков Кара-Кол революциялык комитеттин путевкасы боюнча Ташкент шаарындагы командирлик курска жөнөтүлүп, аны ийгиликтүү аяктаган соң, ошол эле жердеги В. И. Ленин атындагы Орто Азиялык бириккен согуштук мектепте командир болуп дайындалды. Бирок ал бул мектепте бир аз гана иштегенден кийин, үч жыл катары менен Москвадагы педагогикалык-согуштук жогорку окуу жайында окуду. Аты аталган окуу жайын Аден жакшы бүткөндөн кийин кайрадан Ташкентке келип, өзү бүткөн мектепте окутуучу болуп иштеп, согуштук тактикадан сабак берип калды.

Ушул убакта Бухаранын чыгыш жагындагы кумдуу чөлдөн Рустам Пансаттын бандасы чыгыптыр, — деген кабар Ташкентке келип жетти. Анда чогулган миңге жакын баш кесерлер тынч жаткан кыштактарды каптап киришип; малдарды айдап, тамак-аштарды жүктөп, үйлөрдү өрттөп, кишилерди өлтүрүп жана аялдарды өзүлөрү менен кошо алып кетип турушкан. Аз эле убакыттын ичинде бүтүндөй бир областта жашагандардын тынч турмушу бузулду. Лениндик согуш мектебинин курсанттары бул жаңжалды басууга аттанышты. Баш кесерлерге каршы аттанган жүрүшкө мектептин комиссарлары Якушев менен Аден Истамбековдор жетекчилик кылышты. Басмачыларга каршы жолго чыгардын алдында мектепке Орто Азия согуш округунун командачысы Дыбенко келди. Ал түп-түз зыңкыйып катарда тизилишип турушкан курсанттарды көрүп, алардын арыкчырай, чымыр денелүү жана шыңга бойлоруна суктана карады. Булардын арасында орустар, өзбектер, казактар, кыргыздар, түркмөндөр жана тажиктер бар эле. Сымбаты келишимдүү аттардын жалында ойноп, жолго чыгуу курсанттарга кубаныч алып келди. Балдар өздөрү минишкен аттарды жакшы көрүшөрү жана аларды даярдап багышаары да бат эле белгилүү болду. Бул иштердин бардыгына аябай ыраазы болгон Орто Азия округунун командачысы Дыбенко

каардуу душмандарга каршы кармашка жөнөгөнү жатыш-кандардын алдында чыгып сөз сүйлөдү. Анда жолдош Дыбенко, эң жаш совет өлкөсү кайсы гана душман болбосун жок кылууну көксөбөй койбойт. Андай каардуу душмандардын бири басмачылар. Алар бардык айла-амалдары, күч-кубаты келишинче аркеттенишет. Ошондуктан көптөгөн ак ниет адамдардын тынч эмгегине жолтоо болгон Рустам Пансаттын бандаларын кандай гана болбосун талкалоо биздин милдет! — деп айтты.

Таамай айтылган бул сөздөргө шыктанткан курсанттар жүрүш сапарына бет алышты. Ташкенттиктер аларды жакшы каалоолор менен узатып чыгышты. Алар бир топ күндөн кийин гана Бухарага келип жетишти. Бул жерден командованиелер тактады. Азыр бандиттер Гиждиван районунда жашынып жатканы белгилүү болду. Экинчи күнү эртең менен айланага күндүн мурду текши чачырай электе алар бандалар менен салгылашууга бетме-бет чыгышты.

3.

Комиссар Якушев биринчи жолу команда берди. Капысынан болгон дүрбөлөңгө басмачылар эмне кыларын билишпей шашып калышты. Бирок душмандар бат эле күчтөрүн чогултууга үлгүрүштү. Лениндик мектептин курсанттары бул салгылашта душмандардан алда-канча артыкчылыктарын көргөзүшүп, бандалардын артынан беш ай бою тынымсыз кууп жүрүп отурушту. Акырында басмачылар талкаланып, банданын башчысы колго түшүү менен Рустам Пансат жана анын ондогон жан-жөкөрлөрү айыптоо сотунун алдында отурушту. Рустам Пансаттын басмачылары менен болгон салгылашта Усман Илмурадов, Кожобек Кузембаев, Юсуп Осмонбеков, Асан Алиев, Хасан Дадабаев, Болот Мукашов, Аден Истамбеков, Жексен Эсенбаев, Бейсембай Бежанов өндүү курсанттар менен командирлер эр жүрөктүүлүк көрсөтүштү. Буга байланыштуу алар Бухара ордени жана баалуу сыйлыктар алууга татыктуу болушуп алардын ичинен Мирза Фаизовго Кызыл Туу ордени ыйгарылды.

Жыйырма тогузунчу жылы Качыкеев Кадыркул менен бирге мен (Лайлиев Осмон) Ташкент шаарындагы согуштук окуу жайына Кыргызстан согуш комиссариатынын жиберүүсү боюнча келип кирди. Эң алды алар окууну даярдоо курсунан баштады. Бул жерден алар тактикадан сабак берген Аден Бекембаевич Истамбеков менен биринчи жолу таанышты. Ал шыңга бойлуу, тыкан, маданияттуу, токтоо

мүнөз Кызыл Армиянын такшалган командири эле. Ал бардык курсанттарга көңүл коюу менен мамиле кылгандыгы, ар бирине чоң адамкерчилик сапат көрсөткөндүгү жана келечекте армиянын эң сонун кадрларын даярдоо боюнча болгон бардык билимин, күч-кубатын жана убактысын аябай тургандыгы, өткөн сабактарын жогорку сапатта бергендигинен байкалып турду. Ошентип чоң кадыр-барктуу жеңип алган. Ал ар бир курсантка жекече кам көрүп, анын жөндөмүн жана башка сапаттарын эске алуу менен мамиле кылуу.

Арадан тизмектешип бир топ айлар да өтүп кетти. Анча деле көп эмес ушул убакыттын ичинде ар кайсы айылкыштактардан чогулуп келишкен, сабаттарын гана аран жоюшкан курсанттар командирлер менен окутуучулардын күн-түнү тынымсыз иштөөсү аркасында алардын сабатсыздыктары толук жоюлушу менен согуштук саясий жана тактикалык маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүктөр алууга жетишишти. Ошондой эле алар күн өткөн сайын күчкө толо башташты. Алардын, ар бири бул жүргүзүлгөн иштердин бардыгы социалисттик Ата Мекенди коргоп турууга карата багытталып жаткандыгына жакшы түшүнчү.

Курсант жоокерлерди ушул сыяктуу жакшы сапаттарга калыптандырууда Аден Бекембаевичтин үлүшүнө туруктуу коммунисттик сапат, өз Родинасына чексиз берилген патриот жана коммунисттик партиянын алдыңкы уулу деген зор ишеним энчиленди. Ташкенттеги аты аталган согуштук мектепти: Илмуратов Усман, Осмонбеков Юсуп, Төлөгөнов Байыш, Тургумбаев Муса, Жээнчороев Жамангул, Ногойбаев Дүйшө, Жураев Шады, Мукашов Болот, Алиев Асан, Кузембаев Кожобек жана башка бир катар жигиттер ийгиликтүү аякташты. Алардын айрымдары Кызыл Армиянын чыныгы командирлери жана саясий кызматкерлери боло алышса, бир тобу Ата-Мекенди коргоп калууда душмандарга каршы теңдешсиз салгылаштарда курман болушту.

А Истамбековчу? Ал адам көптү бүткөрүүгө үлгүрүп, Кызыл Армиянын жүздөгөн жоокерлерин тарбиялап өстүрдү. Ал өз убагында элдин урмат-сыйына, партиянын терең ишенимине ээ болду. Бирок, Аден Бекембаевич жетишкен ийгилигине эч качан маңчыркап калбастан ар дайым изденүүнүн үстүндө болгон. Анын мүнөзүндөгү, эң сонун сапаттарынын бири өз билимдерин тынымсыз жогорулатуу, биле

электерин үйрөнүү, өзүнө тиешелүү илимди кайрадан казып окуу болучу. 1931-жылы Аден Бекембаевич Орто-азиялык мамлекеттик университеттин тарых факультетине сырттан окууга өтүп, аны ийгиликтүү аяктагандан анча көп убакыт өтпөй ал Ленинграддагы атайын командалык состав үчүн ачылган бронетанкалык курска өтөт.

Бүгүн менин алдымда Аден Истамбекович жеке гана жүздөгөн жоокерлердин эң сонун тарбиячысы эмес, ошондой көрүнүктүү саясий ишмер экендигин күбөлөгөн эчакы сыргыч документтер жатат. Алсак, Истамбеков Пролетар райком партиясынын бюро мүчөсү, Ташкент шаардык советтин депутаты, деген документтер. Мына, Истамбековго Хорезм округу боюнча партиялык комиссиянын төрагасы деп Өзбекстан КП Борбордук Комитети тарабынан берилген удостоверение.

Бир аз кийинчерээк жолдош Истамбеков Согуш Эл Комиссариатынын буйругу боюнча Алма-Ата шаарына жиберилип, анда казак жеринде түзүлгөн территориялык атчандар полкунун саясий иштер боюнча командиринин орун басары болуп иштейт. Борбор шаардын эмгекчилери аны эмгекчилер депутаттарынын шаардык советинин мүчөсү кылып шайлашат, ал ушул эле убактын ичинде Орто-Азия согуш округунун партиялык комиссиясынын мүчөсү да болгон.

Аден Бекембаевич кайда жана кандай гана жумушта жүрбөсүн бардык күчүн жумшоо менен иштеген. Ал бир канча жолу ардак грамоталар, өз аты жазылган күмүш саат-тарды сыйлыкка алууга татыктуу болгон. Ушул сыяктуу нерселер менен көптөгөн документтер күрөшчүл коммунисттин жана тарбиячынын жаркын элесинин ачык-айкын күбөсү болбой койбойт. 1937-жылы Истамбеков Фрунзе шаарына келип элүү үчүнчү кыргыз атчандар полкунун комиссары болуп иштей баштаган **кезде мен ал кишиге экинчи ирет жолуктум.** Ал комиссар, бизден бир канча жаш улуу жолдош жана жетекчи эле. Бул жерден Истамбеков **мени менен жана мен кызмат кылган чек** арачы Кызыл Аскерлер менен бат-бат аңгемелешип, жоокерлер арасында тынымсыз тарбия жумуштарын жүргүзүү. Ар дайым көрсөткөн ченемсиз жардамы үчүн мен ал кишиге мин мертебе ыраазычылыгымды билдиргим келет. Ал келечектеги жоокер чек арачылардан чыныгы аскердик күжүрмөн сапаттарга тарбиялоодо мен жана мен сыяктуу ондогон болочок аскер кыз-

маткерлерин өстүрүүдө Родина алдында белсемдүү салым кошо алды.

Өзү туулуп, киндик каны тамган жерге келген Истамбеков ишке жаңы күч менен кириштн. Тажрыйбалуу комиссар, сезгич тарбиячы катарында ал бул жерден да чоң кадыр-барктьі бат эле жеңип алды. Фрунзе шаарында аны шаардык советтин депутаты, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын биринчи съездинин делегаты кылып көрсөтүштү.

Аден Истамбеков менен болгон ушул мезгилдеги жолугушуу алигиче күнү бүгүнкүдөй эсимде. Бул 1936-жылдын жай айларынын биринде болгон. Ал кезде элүү үчүнчү кыргыз атчандар полку, азыркы аэропорт орун алган шаардын түштүк тарабындагы жайкы лагерге жайгаштырылган эле. Ат спорту боюнча мелдештер башталууга саналуу гана убакыт калган. Биз бул мелдештин катышуучулары менен чек ара жоокерлеринин бир бөлүгү кызмат кылып жаткан Нарындан келген элек. Полктун комиссары Аден Истамбеков бизди жылуу тосуп алды да, ар кимдин ал-абалын, мелдешке кандай даярдык менен келгенибизди жана аттардын машыгуусу жөнүндө кыскача болсо да сурап чыгууга үлгүрдү. Аны жеке гана булар эмес, аскерде кызмат кылуу кандай өтүп жатат, үй-бүлө турмуштары кандай, Нарында аскердик кызматка ылайык шарттар түзүлгөнбү? — кыскасы аны жашоонун бардык тармагы кызыктырды. Аден көңүлдүн чөгүнкүлүгүнө же жай күнүндөй жаркындыгына көп иштер байланыштуу экендигин эскертүү менен айтор көп нерселер жөнүндө кызыктуу суроолор берип жатты. Мен андан эч нерсе жашырбай чек ара кызматындагы ийгиликтер менен кемчиликтер, кызыктуу окуялар менен кээ бир кыйынчылыктар жөнүндө төкпөй-чачпай айтып берип жаттым.

Менин комиссар менен болгон экинчи жолугушуум ушундайча болгон эле. Аденге 1937-жылдын сентябринде жыйырма биринчи тоо атчандар дивизиясынын саясий бөлүмүнүн начальнигине дайындоо жөнүндө буйрук келген. Бул Аден өзү сыяктуу биз үчүн да зор сыймык эле. Бир кездеги саясий жактан айдоого кесилген «каторжник» жана кембагалдын баласы, андан соң катардагы солдат эң чоң согуштук бирикменин дивизиянын саясий жетекчисине өсүп жетүү — андан канча эмгек менен билимди, жөндөм менен чыдамдуулукту талап кылбады дейсиң!

Кыргыз атчандар полкунун командирлери, Кызыл Аскерлери жана бардык жеке составы өзүнүн комиссарын алыскы

Ферганага урматтоо салтанаты менен узатышты. Ал биринчи комиссардан түбөлүк ажырап, кайткыс сапарга жөнөтүп жатты.

Аден Истамбековдун өмүрүн ошол мезгилдеги совет өлкөсүнүн душмандарынын чындыкка таптакыр жакындабаган жалаа ушагы кыркып таштады. Ошентип Совет бийлиги менен Коммунисттик партиянын ишенимдүү улуу күнөөсүз жерден камакка алынды. Ал ошол мезгилде отуз төрт жашка гана толгон. Коммунисттин үстүнөн болгон ушак далилденген жок. 1958-жылы кеч болсо да ал жүзүкаралыктын бети ачылып, өлгөндөн кийин акталып чыгуу менен Коммунисттик партиянын мүчөсү деген ат калыбына келтирилди.

Ал өзүнүн кыска өмүрүндө колунан келген бардык ишти иштөөгө үлгүрө алды. Демек, Орто-Азия жерине орногон Совет бийлигин сактап калуу жана аны чындоо үчүн түн уйку, күн тынымын коюп эмгектенди. Анын жөндөмүнө билими шайкеш келгендиктен Кызыл Армиянын бир дивизиясынын саясий жетекчиси болуу менен ага эң биринчилерден болуп согуштук командалык состав үчүн жогору турган, полктун комиссары деген наам берилди. Анын төртүнчү он жылдыкка жаңыдан гана кадам шилтей баштаган өтө кыска, бирок даңктуу өмүрү бул күндө өсүп, биздин катарыбызды толуктап келе жатышкан жаштар үчүн үлгү болорлук. Бул өмүр-аябаган татаал шарттарда да адам билгичтик, талыкпастык менен аракеттенсе бийик максаттарга жетпей койбой тургандыгынын айкын күбөсү.

Айрыкча биздин шарттар менен биздин күндөрдө адам үчүн жеңүүгө таптакыр мүмкүн болбогон тоскоолдуктар жок. Бирок ал талбаган эмгексиз өзү келбети бештен белгилүү. Адам ар качан эмгеги менен жүзү жарык, эмгек менен жаратылган ийгилик жемиши чоң ырахат кубанычына ортоктошот. Эми гана ал дайыма бөксөрбөй кайнап турган бакыт казанынан ырыс даамын татытат. Убакыт өз сапарын уланта берет. Жаштар! Силер түзүүчүлүк эмгекке түбөлүк байыр алып, андан жашооңордун кебелгис жолун тапканыңарда гана өткөн күндөрүңөргө өкүнбөс болуп каласыңар! Биздин аталарыбыздын көбү ушундай болушкан. Жогоруда биз айтып өткөн ошолордун бири.

БААТЫРЛАРЧА КҮРӨШКӨН

1941-жылы немецтик-фашисттик каракчылар тынч жаткан элибизге түн жамынып кол салды. Советтик баатыр

элдин балбан колунан жаралган шаарлар, кыштактар өрттөнүп, замбиректен, пулемёттон, миномётгон, автоматтан чачылган ажал отунан эч күнөөсүз адамдардын каны суудай агып жатты...

Мына ушул күндөрдө Кыргызстандын өкмөтү коммунист Чукеев Мамыркулду КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы партиялык мектепте окуп жаткан жеринен чакыртып алып, жаңыдан уюшулган 107-Кыргызстандын атчандар дивизиясынын саясий бөлүмүнүн начальниги кылып дайындайт. Ал алгачкы күндөн тартып эле аскерлердин моралдык-саясий бирдиктүүлүгүн, ынтымактуулугун чыңдоого, согуштук илимди, душманга сокку ура билүүнү терең үйрөтүүгө айрыкча көңүл бурат. Солдаттардан аскердик тартипти темирдей сактоону, туруктуу жана тайманбас болууну талап кылат. Ошол талапка жооп бере турган өзүнүн жүрүш-турушу менен аларга үлгү көрсөтөт.

Мамыркул Чукеев көп узабай эле экинчи Украина фронтундагы 67 мотомеханизациялаштырылган бригадага жиберилет. Анын баатыр жоокерлери менен Украинанын Белгород, Харьков, Кременчуг шаарларын душмандан бошотууга активдүү катышат. Көрсөткөн эрдиги үчүн күжүрмөн командир бир нече ордендер жана медалдар менен сыйланат. Ал жөнүндө Ата мекендик согуштун катышуучусу, бир нече ордендердин кавалери, азыркы Талас колхоздук совхоздук өндүрүш башкармасынын «Красная Заря» колхозунун алдыңкы мүчөсү Эргеш Бокуев мындай дейт: « Мен Чукеев менен бирге бир нече ай 107-Кыргызстандын атчандар дивизиясында кызмат кылдым. Ал өтө токтоо, согуштук илимди мыкты өздөштүргөн, эл менен тыгыз байланышта иштөөнү жакшы билген, чың денелүү, эч качан чарчап-чаалыктым дебеген адам эле. Ал бизди дайыма баатырларча салгылашууга шыктандырып сүйлөп, аскердик темирдей тартипти чыңдоого көп көңүл буруучу. Биз аны өтө кадырлай турганбыз».

Мамыркул согушта жүргөндө да өзү менен бирге душманга каршы салгылашып жаткан советтик баатыр жоокерлер жөнүндө үзбөй билдирип туруучу. Өмүрлүк жары Шекер болсо алыскы тылдагы кыргыз элинин каарман эмгеги, республикабызда, өздөрү туулуп өскөн айлында, үй-бүлөсүндө болуп жаткан жаңылыктар, чарбанын бардык тармагындагы зор жогорулаштар жөнүндө билдирип, Мамыркул-

дун демине-дем, күчүнө-күч кошуп, аны душманга тайманбай сокку урууга, жеңишке шыктандырып турган.

...Бирок шум ажал Мамыркулду тилегине жеткирбеди. Латвия жеринде Чыгыш Аизвитидеги Швиркшты поселогу үчүн болгон салгылашуу үч күнгө созулду. Мына ошол салгылашууда сергек коммунист, күжүрмөн командир, гвардиянын майору Мамыркул Чукеевдин жүрөгүнө ок тийип, баатырлык менен курман болду.

Бөлүктүн командири, гвардиянын полковниги Василенков душманга каршы согушта Мамыркул Чукеевдин баатырларча курман болгонун билдирип, анын жүрөгүнүн канына боёлгон катты Шекерге салып жиберген. Шекер Якубова өмүрлүк жолдошунун жүрөгүнүн канына боёлгон бул кат үчүн атайын чөнтөк жасап, аны өзүнүн жүрөгүнүн түшунда ошондон бери сактап келе жатат.

Мамыркул Чукеев ар дайым эл үчүн кызмат кылган, элдин эркиндиги үчүн күрөшүп жатып курман болгон. Эл анын элесин эч качан унутпайт.

О. Т. ЛАЙЛИЕВ,
Советтик Армиянын запастагы майору.

24-февраль
1963-жыл.

1.

ЭЛГЕ АРНАЛГАН ӨМҮР

Эчен кылымдар өтөт, жер жаңырат, эл жаңырат. Бирок, бүткүл өмүрүн эл үчүн арнаган эр-азаматтар эч качан унутулбайт. Алардын жаркыраган элеси туулуп өскөн жеринде, бапестеп тарбиялаган элинде түбөлүккө жашай берет. Дал ушундай азаматтардын бири — Мамыркул Чукеев. Ал өз элинин ар-намысы, бак-таалайы, жадыраган келечеги үчүн өмүрүн арнаган.

I. УМУТ

Мамыркул жаштайынан жетим калды. Ата-энесинин алчактаткан сүйүүсүн, жылуу мээримин көргөн жок. Боорун көтөрүп, кол-аякка жарагандан тартып ар кимдин эшигинде болду: алганы отун, жакканы от, бакканы мал, жаткан жери жайы-кышы короонун чети. Ошентсе да ийни жаңы-

рып кийимге, курсагы тоюп оокатка жетпеди. Кийгени жайдыр-кыштыр жаргак шым, куур тон. Ал эми заар тил, залим байлардан уккан жемесичи...

— Ал мына ушунун баарына кайыл. Анын оюн бийлеген бир гана асыл үмүт — жаш баладай жадыраган жакшынакай келечек! Мындай кереметтүү келечек уктаса түшүнөн, ойгонсо оюнан кетпейт. Кой жайып жүрүп нечен таттуу ойлорго батат, көз алдына бакытка балкып, ырыска көлкүгөн турмушту элестетет: бирде керилтип кемсел, алчыланта ак калпак кийип, ак мандай сулуу кыздардан өзү каалаганын сүйүп, көл жээгинде көйкөлө басып, сүйүүнүн назик махаббатына батса, бирде кыраан бүркүттөй чамынган курбуларын ээрчитип, кедей-кембагалдарды эзип жаткан байлардын күлүн көккө сапырат, алардан өч алат...

Мамыркул мына ушинтип жүргөн кезде улуу орус эли Ленин түзгөн Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында падышаны тактан кулатып, Октябрдын жеңишин камсыз кылган болучу. Анын жаркыраган нурлары кыргыз жерине да чагылгандай тез жетти. Карт Тянь-Шанда каптап алган карангылыкты сүрүп чыгып, эченден бери эрксиз эзилип келген эмгекчи элдин көзүн умачтай ачты. Мамыркул өз оюнун, үмүтүнүн эми гана ишке ашарына чындап ишенип, кубанчы койнуна батпай сүйүндү. Элди баштап, байлардан өч ала турган мезгил жеткенине түшүнүп, биринчи болуп малайлыкты таштады. Жергиликтүү батрактар менен бирге өз жеринде Совет бийлигин орнотуу жана аны чындоо үчүн күрөшкө аттанды.

2. АЛГАЧКЫ КАДАМ

Мезгил оор эле. Бай-манаптар, молдолор, эшендер жана башка ар кандай душман элементтер кедейлерге бийликти оңой эле кармата бергиси келген жок. Совет бийлиги үчүн тайманбай күрөшкө чыккан азаматтарга коңулдан кол салып, ач жылаңач карангы элди тетири үгүттөп, Совет бийлигине каршы тукурушту — элдин үшүн алып, ыркын бузуп, өздөрүнүн бийлигин сактап калуунун камында болушту. Бирок, алардын мындай арам ойлору ойрондоп калды.

— Анткени, Улуу Октябрдын дүйнө жүзүн дүңгүрөткөн жеңиши жөнүндөгү кабарды эмгекчи элге түшүндүрүү, Совет бийлигин орнотуу жана аны чындоо үчүн күрөштүн башында элдин эр жүрөк, чыныгы уулдары турду. Мына ошолордун бири — Мамыркул Чукеев эле. Ал 1922-жылы кү-

зүндө Боз-Учук айлындагы (азыркы Түп районундагы Ново-Вознесеновка селосу) жаштардан биринчи болуп Ленин комсомолунун катарына өтөт. Улуу Лениндин сүрөтү түшүрүлгөн кызыл белетке татыктуу болуу Мамыркулдун Коммунисттик партияга, Совет бийлигине, өз элине сүйүүсүн мурдагыдан да күчөттү. Эмгекчи элдин күчүн соруп келген байлар, алардын тукуруусу менен элдик бийликке каршы баш көтөргөн тап душмандары Мамыркулдун жетекчилиги астында талкаланып мал-мүлкү, жер-суусу элге өткөрүлүп берилген. Элди отурукташууга, биргелешип эмгектенүүгө үгүттөгөн, ар дайым кыраакы бөлүүга, душманга колтук ачпоого үйрөткөн.

Тырмактайынан суукка тоңуп, ысыкка күйүп турмуштун ачуу-таттуусун ажырата билип чыйрак өскөн Мамыркул кат-сабатын жойбой туруп алыс бара албасын жакшы түшүнгөн. Ошону үчүн билим алууга да эң биринчилерден болуп умтулду. Айылдык мектепке кирип окууну, жазууну үйрөндү. Мына ошондон кийин туулуп өскөн айылынан Фрунзеге келип, өз ыктыяры менен кыргыздын улуттук полкунун катарына кирген. Полктун командирлери өз элине жандили менен кызмат кылууну дегдеп алыстан келген жигитти келери менен кенже командирлердин бир жылдык курсуна кийиришти. Ал окууну эң жакшы баалар менен аяктап, кызыл командир деген наам алып чыгат.

1928-жылы Чукеевдин отряды жерибизди тап душмандарынан тап-такыр тазалоо үчүн акыркы операцияларды жүргүзүп жаткан күжүрмөн кызыл отряддардын катарына кошулду. 1930-жылга чейин Кыргызстандын бардык өрөөндөрүндө болуп, басмачылардын, аларды көкүтүп, өздөрүнүн жүзүкара ойлорун ишке ашыруу үчүн жанталашып жаткан чет өлкөлүк империалисттердин малайларынын изин тазалоодо эчен жолу эрдик көрсөттү. Элди өз артынан ээрчите билген, чечкиндүү, туруктуу, күжүрмөн командир катарында башкаларга таанылды.

Мамыркулдун турмушундагы унутулгус жылдардын бири — 1929-жыл. Анткени, бул жылы кечээ эле ач жылаңачтыктын азабын тартып, кокту-колоттордо кой менен жүргөн Мамыркул, бүгүн Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоо ишинде активдүү күрөшүүчү катарында Лениндик партиянын катарына кабыл алынат. Партия аны ар дайым эң жооптуу, өтө оор участокторго жиберип турган. Адетте республиканын түштүгүндө партиялык, советтик жетекчи кыз-

маттарда, кийинчерээк Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинде иштеди. Бардык жерде өзүнүн дилгирдигин, жөндөмдүүлүгүн, революциянын ишине берилгендигин көрсөтүп, тапшырылган милдетти так аткарып келген. Эл анын эмгегин жогору баалап, Кыргыз ССР Жогорку Советине болгон биринчи шайлоодо депутаттыкка шайлады. 1939-жылы Кыргызстандын партиялык уюму аны Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XVIII съездине делегат кылып жиберди.

1941-жыл. Согуш... Каардуу бул күндөрдө Кыргызстандын өкмөтү коммунист Чукеев Мамыркулду КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы партиялык мектепте окуп жаткан жеринен чакыртып алып, жаңыдан уюшулган 107-Кыргызстандын атчандар дивизиясынын саясий бөлүмүнүн начальниги кылып дайындаган.

Көп узабай эле Мамыркул Чукеев экинчи Украина фронтундагы 67-мотомеханизациялаштырылган бригадага жөнөтүлгөн. Анын көп улуттан турган ынтымактуу жана эр жүрөк жоокерлеринин катарында алоолонуп согуш талаасы менен узак жол басты.

Күжүрмөн командир Украинанын Белгород, Харьков, Кременчуг шаарларын душмандан бошотуу үчүн болгон кармашууларда жан аябай салгылашкан. Көрсөткөн эрдиги үчүн бир нече ордендер жана медалдар менен сыйланган. Ал жөнүндө Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоо ишине активдүү катышкандардын бири, Ата Мекендик согуштун ветераны, бир нече ордендердин кавалери, Советтик Армиянын запастагы майору жолдош О. Лайлиев мындай дейт:

Мен Мамыркул Чукеев менен көп жылдар бирге болдум. Ал өтө токтоо, зээндүү, шайыр, адамкерчилиги ашкан жигит эле. Коркуу, шашуу, чарчап-чаалыгуу деген ага жат болучу. Бир иштин артынан түшсө, анын аягына чыкпай койчу эмес, Родинага берилгендикти, туруктуулукту, душманды жек көрө билүүнү баарыбыз ошондон үйрөнгөнбүз. Басмачыларга каршы салгылашууларда бир жүргөндөгү анын солдаттарга, жергиликтүү жапа чеккен элге кылган мээримдүү мамилеси, ар бир маселедеги чечкиндүүлүгү, улам жаңы жеңиштерге шыктандырган жалындуу сөздөрү деги бардык кылык-жоругу бүгүнкүдөй эсимде турат...

3. КАНГА БОЁЛГОН КАТ

Мамыркул согушта жүргөндө да айыл менен байланышын үзгөн жок. Дайыма кат жазып, өзү менен бирге душманга каршы салгылашып жаткан советтик баатыр жоокерлер жөнүндө үзбөй билдирип, айылдагы жаңылыктарга кызыга турган. Өмүрлүк жары Шекер болсо алыскы тылдагы кыргыз элинин каарман эмгегин, өздөрү туулуп-өскөн айылда, үй-бүлөсүндө болуп жаткан жаңылыктар, чарбанын бардык тармагындагы зор жогорулаштар жөнүндө маалымдан Мамыркулдун демине—дем, күчүнө—күч кошуп, аны душманга тайманбай сокку урууга шыктандыруучу.

Шекердин Мамыркулга жиберген акыркы катында мындай деп жазылган:

«Өмүрлүк жолдошум, Мамыркул!.. Сенден жакында кат алдык. Кызматың жакшыбы. Уруш качан бүтөт? Жеңиш менен качан келесиң? Тез келишиңди зарыгып күтүп жатабыз. Балдар чоңоюп жатат, окуулары жакшы. Турмуш алынча. Эл катары өтүп жатат. Бизден эч кам санаба.

Жеңиш менен келишиңди тилеп...

4. ШЕКЕР

1944-жыл, 25 сентябрь». Мамыркул бул катты алганда кубанычы койнуна батпай сүйүнгөнүн айтпа. «Сөзсүз жеңиш менен барамын, мына ошондо бул катты Шекеримдин өз колуна белек катары тапшырамын» деп ичинен күбүрөп, күлүмсүрөдү да, партиялык билети менен кошо төш чөнтөгүнө катып койду.

...Бирок шум ажал Мамыркулду тилегине жеткирбеди. Латвия жеринде болгон салгылашууда сергек коммунист, күжүрмөн командир, гвардиянын майору Мамыркул Чукеевдин жүрөгүнө ок тийип, баатырлык менен курман болду.

Бөлүктүн командири, гвардиянын полковниги, Василенков душманга каршы согушта Мамыркул Чукеевдин баатырларча курман болгонун билдирип, анын жүрөгүнүн канына боёлгон Шекердин катын кайра өзүнө салып жиберген.

Шекер кайгыга чөкпөй Родинабыздын көз карандысыздыгын сактап калуу үчүн күрөшүп жаткан баатыр элибиздин катарында болду.

Азыр Ш. Якубова пенсияда.

Апрель—май, 1963-жыл.

2.

ӨЧПӨС ӨМҮР

Мекенди коргоо — ыйык милдет

Мына ошентип биз издеп, таанышалык деген адамдын ким экендигин саргайып, жыртылган каттар, кагаздар баяндады.

— «Кымбаттуу Хайры Мукашева! Айла канча. Сизге оор болсо да айтабыз да. Сиздин сүйгөн жолдошуңуз, балдарыңыздын атасы Болот Мукашев немецтик басып алуучулар менен болгон айыгышкан салгылашууда 1943-жылы 7-мартта баатырларча курман болду. Анын сөөгү Старая Русса шаарынан 24 километр аралыктагы Ловать суусунун жанындагы Климова кыштагына коюлду. Ал коюлган жерди кайсы убакта келсеңиздер да таап аласыздар. Андай эрдик көрсөткөн адамдардын ысмы өлбөйт-өчпөйт. Түбөлүккө сакталат. Кайрат кылып, анын уулдары Родинага берилген атасы Болот сыяктуу чыныгы патриот кылып тарбиялаңат деп ишенебиз... Сизди урматтап, майор С. Тютюнников».

Дагы бир кат. Аны Болоттун жолдоштору жазган. Катта ал командалык кылган бөлүктүн эрдиги жөнүндө айтылат. Катты окуп, Болот Мукашевдин такшалган, учурдагы абалды жакшы билген, кыйын убактарда айла-амал таап, фашисттерге кандайча сокку ургандыгы көрсөтүлгөн.

...1943-жылдын жаз айлары. Бирок да каарын катуу салып, бир жагынан кыш кычырып, Сталинграддын алдындагы өздөрүнүн жеңилүүлөрүнөн кийин ызасын чыгарып, немецтик-фашисттер ар тараптан кысымга алган. Асманда, жерде болсун согуш күчөгөн. Айрым участоктордо согуш штык менен салгылашууга дейре барып турган. Адам күчүнө, техникасынын артыкчылыгына ишенген фашисттер Болот командалык кылган бөлүктүн согуш линиясын жарып өтүп, Климова кыштагынан алыс эмес жерде турган резервдик бөлүктөрдү курчаган, андан кийин гана алга карай жылышыбыз жеңилдейт деп ойлоп, канжыгадай болгон кичине участокко бар күчүн топтогон.

— Немецтердин ойлогон оюн, көздөгөн максатын билесиңби, жолдош майор?

Баятан бери картадан башын албай бир нерселерди чиймелеп, айрым жерлерге кызыл калем менен белги коюп жаткан Болот тамекесин жаңы тутантып кирген комисса-

ры — майор Сергей Тютюнников оор улутунду, анан ээрдин тиштей, башын ийкендетип:

— Ананчы. Биздин бөлүк турган позицияны жарып өтүп, Москвага карай чабуул коюп жаткан бөлүктөрүнө өбөлгө түзүү. Биздин оюбузду эки анжы кылуу, — деди.

— Абдан туура. Бирок бул биздин гана оюбуз. Ал эми ойду тактоо, бекемдөө үчүн «тил» алууга тийишпиз. Кандай гана болбосун чалгынчыларды жиберүүбүз керек.

— Сөзсүз.

...Аландап, ким көрүнгөнгө жалооруй караган немецтик эки солдат, бир офицер полктун штабына келтирилди. Офицер өзүн канчалык эрдемдикте сезбесин, корккондугу байкалып турду. Бетинин түгү чыгып, кыймылдабай денеси билинер-билинбес кызарат. Столдун үстүндөгү кагаздарды нары жыйып, картанын үстүнө белгилерди коюп майор Мукашев башын көтөргөндө, офицер селт этип барып токтолду. Ал ойлогондой картага үңүлүп жаткан офицер орус эмес экендигине көзү жеттиби дагы чочуду. Майор анын бет маңдайына тура калганда, офицер өйдө турду.

— Кайсы бөлүктөнсүң?

Офицер түшүнбөдүбү, тилмечке карады. Ал полктун командиринин суроосун кайталады, офицер шаша сүйлөдү.

— Он жетинчи мотомеханикалашкан.

Майор Мукашев орун басарына тигилди. Тютюнников экөөнүн көзү учураша түштү. Алар унчугушпаганы менен немецтик офицердин айтканынан улам бул участокко белгисиз бөлүктүн келгендигин түшүнүштү.

— Бул кайсы жактан келген бөлүк, — деди Тютюнников полктун командирине катарлаш тура.

— Польшадан... Күнү-түнү жүрүп олтуруп, ушул жерге келип түшкөнүбүзгө беш күн болду. Арт жагыбыздан техника келип жеткенче мындан он эки километр алыстыктагы токойдо турдук. Партизандардын эки жолку тосмосуна кабылдык. Кыйла адамыбыздан ажырап, техникабыз Волга шаарынан бери өткөндө кыйрады, — деди офицер оор үшкүрүп.

— Соккон экен да жигиттер. Мына ушуну көрөбүз деп келгенсиңер да.

— Мен, мен бардыгын айттым. Мени өлтүрбөгүлө, балдарым бар. Өзүм деле качмакмын, Францияда, Польшада согуштум... Тажап бүттүм. Бизден башка бул жерге резервдик үч бөлүк келди. Эртең менен чабуулга өтмөк. Би-

рок да кандайдыр себеп менен токтолуп калды. Балким, дагы бир нерселерди ойлоп табышса керек. Бирок да бүрсүгүнү сөзсүз чабуулга өтөт. Танктан соң эсесчилердин бөлүктөрү чабуулга өтүшмөкчү.

Офицер көп нерселер жөнүндө айтып берди.

— Тособуз.

— Албетте.

Майор Мукашев картаны бүктөөсүнөн жазып кирип, бир нерсени ойлогондой тура калды. Туткун офицерге карап алды да, тилмечтен:

— Авиация көпбү, же азбы. Ошону сурачы? — деди.

— Көп. Чамасы жүздөн ашык го. Кечээ офицерлердин үйүндө болуп, авиациялык үч офицердин ушундайча сүйлөшүп жатканын уктум.

— Мда...

Берки эки туткун да офицердин айтып бергендерин кайталашты.

Штабдын кызматкерлери ушул түнү да таңды аппак атырышты. Штабдын билдирүүлөрүн жеткиришип, чабармандардын таскагы да жерге тийбеди. Батальондун, батареялардын командирлерин улам чакырып, байланышчылардын да жаактары тынбады. Участоктогу болгон абалды түшүндүрүп, полктун командири майор Мукашев телефонистканын жанында отурду. Эки күн бою уктабагандыктанбы, анын көзү мурдагысынан да кабаттанган. Жаак эттери шимирилип, ээрди кеберсиген. Уйку уламдан-улам сездирип тургандыгына карабастан кирпик какпады. Генерал менен байланышып бүтүп, көңүлү жайландыбы, трубканы коюпкойбой кирпиги чапталыша түштү. Денеси магдырап кирди.

Таң таштап-таштабай немецтик снаряддар Мукашев командалык кылган полктун айланасына жаай баштады. Күн токойдун башынан жаңыдан гана кылтыйып, боорунда кара крестери бар немецтик самолеттор согуштун алдынкы чегин бомбалап, пулемёттон октордуу жаадыра башташтары.

Адъютант атка камчы ургандай жөнөдү. Майор Мукашев баш болуп, анын артынан калгандары чуркады. Токойдун ичинде согуштук тартипке турган аткычтарды көрүп майор:

— Менин артыман чабуулга!

Кар асманга сапырылып, талаа аткычтарга толду. Сел каптагансып, жөө аскерлерге душмандын позициясына жа-

кындагандан жакындады. Аткычтардын чабуулуна шыктаныштыбы, жоокерлер окоптон чыгышып, мылтыктарын кез сунуп ураалаган бойдон жөнөштү. Арадан көп убакыт өтпөй жоокерлер немецтерге аралашышты. Найза тийип жаралган, башы кыйылып, боюн токтото албай сүрдүгө жүгүрүп барып тикесинен сайылган немецтер.

Кечке маал полктун командиринин сөөгү Климова кыштагына алынып келинди. Майордун сөөгү коюлуп, анын айланасы жыгач менен курчалды, эстеликтин бетинде: «Бул жерге майор Болот Мукашевдин сөөгү коюлган» деген жазуу пайда болду.

Биз баяндап олтурган бул согуштук эпизод биздин жердешибиз, эр жүрөк майор Б. Мукашевдин ошол оор жылдарда башынан өткөргөн окуялардын бири гана. Андай эпизоддор ондоп саналат. Кыргыздын эр жүрөк уулу, полктун командири Болот Мукашев Улуу Ата Мекендик согуштагы баатырдыгы үчүн «Кызыл Жылдыз», «Ата мекендик согуш» ордендери, бир канча медалдар менен сыйланган.

Родина үчүн курман болгон майор Болот Мукашевдин эстелиги согуштан кийин жаңыртылды. Ал жерге көп адам келип турат. Аны эскеришет. Гүлдестелери кышы-жайы дебей коюлганы коюлган.

О. ЛАЙЛИЕВ,
отставкадагы майор.

18-март, 1967-жыл.
«Советтик Кыргызстан» газетасы.

ТУҢГУЧ ВЕТЕРАНДАРДЫН БАЯНЫ...

«Эч ким, эч качан унутулбайт!».

Советтик басма сөздөргө өтө көп жарыяланып жүргөн мына ушул, гумандуу, кереметтүү сөздү окуганымда, менин көз алдыма жаш совет өкмөтүн чындоо үчүн, эркиндик, тендик, элдин бак-таалайы үчүн жанын да, канын да аябаган улуу муундардын айбаттуу элеси тартылат.

Ооба, алар аз эмес. Кээси биз менен түбөлүк кош айтышып кетсе да, анын эрдиги, биздин бак-таалайыбыз үчүн арнаган күлгүн өмүрү жүрөгүбүздүн тереңинде... Ал эми айрымдарын биз дайыма көрүп, а тургай жанына өтүп, кээде бетме-бет кезигише калып жүрсөк да, анын кандай адам экендигин анчалык элес албайбыз.

Анын сыңарындай мына ушул сүрөттөгү кишилердин көпчүлүгүнүн өңү мага тааныш адамдар. Алардын айрымда-

рын мен Москвада, жооптуу кызматта иштеп турган убагында жолуктурсам, кээсин асемдүү жыйындарда, ардактуу президиумда отурганын көргөм. Бирок, чынын айтуу керек, алардын басып өткөн даңктуу жолун билген эмесмин. Качан гана алардын «өмүр-баянына» сүңгүп кирип, сиңирген эмгектерин айгинелеген баалуу документтер менен таанышып ошол жылдарда жарыяланган газета-журналдарды окуп отуруп, анан ушул эскерүүнү жазууга туура келди.

Бул ой-баарыдан мурда, биздин республикада Кызыл Армиянын улуттук аскердик бөлүктөрү качан түзүлгөн, анын алгачкы барчындары кимдер болгон, ага ким командалык кылган, алар басмачылар менен кандайча салгылашкан, ошол адамдар барбы же жокпу деген ар кимди кызыктыруучу суроолордон улам келип чыкты.

...Анан архивди аңтара баштадык.

Бул — 1925-жыл эле. Республикада Кызыл Армиянын улуттук аскердик бөлүктөрүнүн түзүлө башташы — Кыргыз элинин турмушундагы эң зор тарыхий окуялардын бири болду. Анткени, жаңыдан телчигип келе жаткан жаш совет өкмөтүнө бир жагынан аябай куралданган чет өлкөлүк интервенттер тиштерин кайраса, экинчи жагынан ички душмандар каршылык көрсөтүшүп, дымын чыгарбай муунтуп жок кылмакчы болушкан.

Кыргызстанда да абал оор эле. Элдин көпчүлүгү сабатсыз, караңгы. Алар совет бийлигинин саясатына али терең түшүнүшө элек болучу. Мына ушундан пайдаланышкан тап душмандарды элди тескери үндөп, советтик активисттерди мыкаачылык менен өлтүрүп кетишип, катуу каршылык көрсөтүп жатышты.

Тап душмандарды жана ак гвардиячылар колдорунда куралы жок кедей-кембагалдарды буйдамга келтирбей чайнап салабыз деп турганда кыргыздын улуттук кавалериялык дивизиону түзүлүп калды. Аны адеп түзүүдө, боордош орус элинин өкүлү, азыркы отставкадагы полковник, өкмөттүк жогорку сыйлык — кырк орден менен медалга татыктуу болгон карыя большевик Василий Александрович Калачев зор эмгек сиңирген.

Тал чыбыктай солкулдаган жаштар жаңыдан түзүлгөн кыргыздын кавалериялык улуттук эскадронуна ар кайсы аймактардан агылып келип жатканда В. А. Калачев дивизиондун командири эле. Василий Александрович буга чейин ак гвардиячы Анненковдун бандаларын жок кылууга актив-

дүү катышып, большевиктер зор сыноолордон өткөн. Далай жооптуу операцияларга жетекчилик кылып, кызыл командир деген аскердик ардактуу наам алган. Ал советтик улуу полководец Михаил Васильевич Фрунзе менен жолугушуп, далай маанилүү тапшырмаларды аткарып келген. Жолдош Калачев эскадрондун командири, чалгындоо полкунун начальниги болуп иштеп, боордош Өзбекстандын Гузар, Бухара, Бахризиб, Чаржо жана башка басмачылардын уюктарын талкалоого катышкан.

Андан кийин биздин республикага келип, Коммунистик партия менен Совет өкмөтүнүн көрсөтмөсү боюнча жумушчу дыйкан Кызыл Армиясынын Кыргызстандагы улуттук бөлүгүн түзө баштаган. Анда жүргүзгөн көрүнүктүү иштери үчүн Кызыл Армиянын он жылдыгында ага күжүрмөн Кызыл Туу ордени тапшырылып, бир аргымак сыйлыкка берилген.

Ошол атты дивизиондун командири далай жолу төрт аягын туйлатып минип чыгып, катарга тизилген кыргыз солдаттарын текшере турган.

Мурда солдат деген эмне экенин жакшы билишпеген жана колуна курал алып көрбөгөн кыргыз жаштары үчүн улуттук бул эскадрон — саясий жана аскердик такшалуунун күжүрмөн мектеби болду. Алар бул жерден мылтыкты кантип-атып, кылычты кандай чабуунун жана согуштук татаал тактиканын жол-жобосун гана үйрөнүшпөстөн, ошону менен бирге, өздөрүнүн саясий деңгээлин көтөрүшүп, тап душмандар менен кандайча күрөш жүргүзүүнү да жакшы өздөштүрүп чыгышты.

«Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» дегендей, дивизиондун командирлери отто туулуп, күрөштө такшалган чыныгы большевиктер болгондуктан, өз кадрларын кыраан барчындай алгыр кылыш тарбиялай алышты. Мына ошолордун ийинде Андрей Григорьевич Цейер, Осмон Лайлиев, Кадыркул Качкеев, Усман Ильмуратов, Орозалы Саралинов, Абдыкерим Рысбаев сыяктуу ар улуттан ажырагыс болуп баш кошушкан каны да, жаны да бирге көп азаматтар бар эле.

Алар коллективдештирүү үчүн күрөшкө өзүлөрүнүн зор үлүштөрүн кошушуп, жаш совет бийлигине кастарын тигишкен тап душмандарын жана далай баш кесер басмачыларды жер менен жексен кылышкан. Бул жөнүндө көп китептер, эскерүүлөр жана макалалар чыкты. Алардын ичин-

де 1929-жылдан бери КПССтин мүчөсү, отставкадагы майор, бир нече китептердин автору Осмон Лайлиевдин эскерүүлөрү да бар. Жолдош Лайлиевдин жарыкка чыккан чыгармалары ошол кезде уюшулган кыргыздын тунгуч эскадронунун турмушунан жана анын күжүрмөн штабынын жүргүзгөн иштеринен кенири баян берет.

...1929-жылдын күз айлары эле. Орто Азия согуш округунан «Чаткалдан чыккан басмачыларды жок кылуу керек» — деген буйрук алынды. Булар — Қасансайдан чыккан Мадымар датка, шакафтардык Стамбек корбашы, дин исламдын тирүү кудайы Насыркан төрөнүн баш кесерлери эле. Алар көп кол курап, Чаткал менен Намангандын ортосунда аябай сайран курушуп, Жаңы-Базар, Қызыл-Жарды, Афлатунга чейин басып алышып, анан Ташкентке кол салышмак болушкан.

Қыш кирди. Жайды жайлата жапайы айбандарча кокту-колотко, тоо-ташка жашынып, колдоруна эмне тийсе ошону тоноп алышып, далай адамдардын көз жашына жана кан сабилине калган кара ниеттер тоодон түшүп, Иринжит деген кыштакка баш калкалашат. Буга чейин кызылдар аларды басып алган жерлеринен улам чегинтип отуруп, азыр Жаңы-Жол районунун аймагына сүрүп ташташкан эле. Иринжит кыштагы да мына ушул райондун аймагында. Басмачылар элдин малын каалашынча тоноп жешип, айыл активисттерин мыкаачылык менен кыйнап өлтүрүшүп, боюнда бар аялдардын ичин жарышып, укмуш шумдуктарды жасашкан.

Оперативдүү отряддын начальниги А. Г. Цейер, Иринжитте бугуп жаткан басмачыларды чалгындап келүү үчүн он жети милиция, жыйырма эки солдатты, үч пулемётту жана башка жарак-жабдыктары менен кошуп берип, Осмон Лайлиевди жиберет.

Жолдош Лайлиевдин чалгынчылары түн жамынып кыштакка жакындашат. Тандалып алынып, алдыга жөнөтүлгөн үч кишинин негизги максаты душмандын кай жерде жатканын, канча күчү бар экендигин билип келүү эле. Таң сөгүлүп бараткан. Айлана бүдөмүк караңгы. Жакын жерден эч нерсе таанылбайт. Үчөө бирде бүжүндөп чуркап, бирде айланасын аярлап тура калып, шырп алдырбай, алга жылып баратышты. Бироокумда мылтыктын үнү тарс эте түшүп, октор чуулдап калды. Көрсө булар — душмандын алдынкы чекте андып жаткан анча-мынча гана бөлүктөрү

экен. Алардын негизги күчү кыштактан бир километрче ары бугуп жаткандыгы кийин гана белгилүү болду.

Оперативдүү отряддын начальниги А. Г. Цейерге кабар жеткирүү үчүн ошол замат атайын киши чаптырылып, взводдун командиринин жардамчысы Осмон Лайлиевдин карамагындагы кызылдар душман менен беттешип калышты. Пулемётчулар өздөрүнө тийиштүү позицияларын ээлешип, душман тараптан ок чыккан жерди аябай аткылап жатышты. Бир аздан кийин ок сейрек-сейрек чыгып, басмачылардын артка чегинип бараткандыгы байкалды.

Кызылдар кыштакка кирип барышты. Бул учурда таң аппак атып, жерге жарык кирип калган эле.

— Басмачылардын алдыңкы чекте жатышканын атышып, улам сүрүп отуруп, кыштактын башына чыгып кетиптирбиз. Алар алды-артын карабай качып бериштн. Бирок мында бир сыр бар экен — дейт азыркы отставкадагы майор жолдош Лайлиев, ошол салгылашуу күнү бүгүнкүдөй эскерип. — Кыштактын баш жагындагы музун чагып ичүү үчүн атайын тоңдурулуп коюлган көлмөчөгө жеттик. Анын тегереги бак. Айлана жым-жырт. Дөбөчөдө бир үймөк чөп турат. Мына ошонун үстүнө чыга калып, дүрбү салдым. Бул жер адыр жана кокту-колоттуу келет. Кокусунан эле бир чоң коктуда тизилип турган басмачыларды көрүп калдым. Алардын ар биринин башында ак селде. Аттарына өбөктөшүп, кыбыланы карай, күү-күү этип, алакандарын жая, кудайга жалынып-жалбарып жатышат. Кокус биз, тиги качып берген анча мынча басмачылардын артынан кууп жөнөсөк, алар капысынан чыга калып, бизди курчап калышмак тура. Эт-бетиме карабай, үймөктөн сыйгаланып түштүм да, бир кишини отряддын начальниги А. Г. Цейерге дагы чаптырып, калгандарын өз позицияларын дароо ээлөөгө команда бердим.

— Пулемётту тез орноткула. Ок... Тезирээк ок алып келгиле.

Аты эсимде калбаптыр, арт жакта жүргөн бир жоокер антаңдап шашып, сегиз дисканы көтөрө чуркап, алдындагы короону айлана бергенде, мылтыктын үнү тарс эте түштү да, жигитим кулап кетти. Дискалар колунан ыргып, ылдый тоголонду. Басмачылардын бир тобу короонун ичинде жашынып калганын биз билбеппиз. Мындай учурда секунд да кымбат. Ойлонуп турбай дароо аракеттенүү керек. Күйүп жарылуучу бөтөлкө гранатаны алдым да, эмгектеп дубал-

дын түбү менен барып, алар жашырынган кепенин терезесине жеткенде ыргытып жиберип, ылай-сылайды билбей, арыктын ичине кулап түштүм. Граната жарылып, кепени асманга бүркүп таштады. Ошондон кийин эч кимдин дымы чыкпай калды.

Бактыга жараша алиги жоокер өлбөптүр. Ок мойнун жанып өтүптүр, жеңил жарадар болгон экен. Дисканы кайрадан алып, үч пулемёт, бир нече мылтык аркылуу залп менен атууга команда бердим. Коктуну көздөй ок жамгырдай жаап, чаң ызгып эле калды... Ошонун оро-парасынан карасам, басмачылар тим эле кара таан. Күтүлбөгөн соккуга бүлүк түшүшүп, кай жакка качышаарын билбей, уйгу-туйгу, будуң-чаң...

Атка минип, атака коюуга команда бердим. Бул жерден да бир жаңылыштык кетириптирмин. Көрсө так ушундай учурду күтүп, бир топ басмачы атайын даярданып турушкан экен. Пулемёттон атууга үлгүртпөй, алар бизди бир капшыттан качырып сала беришти... Бактыбыз бар экен. Аңгыча А. Г. Цейер жетекчилик кылган кызылдар атака коюп кирип келип калбаспы. Басмачылардын кайсыпыр болгонун мына ошондо көрүп ал. А. Г. Цейердин отряддары бир нечеге бөлүнүшүп, душманды оң жагында, сол жагынан да, алдынан да торгоп алып, кысып отурушуп, аябай майкандашты. Алардын көпчүлүгү колго тирүүлөй түшүрүлдү. Мына ушул операция менен Фергана өрөөнүндөгү ири басмачылардын уюктары тып-тыйпыл болуп, баштарын кайра көтөрө алышкан жок.

...Айтып олтурса мындай салгылашуулардын нечени болуп, кыргыздын, орустун, казактын жана башка боордош улуттардын көп жигиттери совет бийлиги жана эл бактысы үчүн өздөрүнүн кырчын өмүрлөрүн беришкен. Мына ошол тарыхый окуяга катышкандардын бир тобу отставкадагы полковник В. А. Калачев (азыр ал Москвада турат, аскердик-патриоттук темада жазылган бир нече китептин автору, 1970-жылы Кыргызстанга келип кеткен), отставкадагы майор, Осмон Лайлиевтин бир нече эскерүүлөрү чыккан, Кадыркул Качкеев, А. Г. Цейер, Абдыкадыр Рысбаев, Дуйше Ногойбаев, Усман Ильмурадов, ж. б. сыяктуу тунгуч ветерандар жөнүндөгү баян мына ушундай.

О. ЛАЙЛИЕВ.

Фрунзе шаары.

«Кыргызстан маданияты», 6-сентябрь, 1973-жыл.

ЧАЛГЫНЧЫ

Чек ара аскерлеринин элүү жылдык майрамы алдында биздин ыйык чек арабыздын бир даңктуу коргоочусу — Владимир Матвеевич Денисюк жөнүндө айткыбыз келет. Бул каарман чек арачы, граждандык согуштун баатырынын уулу Кыргызстанда жаш Советтик мамлекеттин биринчи жылдарын комсомолдук кызматкер болуудан баштап, даңктуу күжүрмөн жолду басып өткөн. Андан кийин ал полктук мектептин курсантынан немецтик-фашисттик басып алуучулар менен салгылашкан бир дивизиянын ири аскер башчылыгына дейре көтөрүлгөн.

Атасы Матвей Власьевич эски коммунист, Логвиненко командалык кылган аскер бөлүгүнүн пулемёттук тобунун командири эле. Алар көп салгылашууга катышуу менен дайыма жеңишке ээ болушкан. Качан гана кыргыз жергесинде согуш үнү басылган кезде Матвей Власьевич жаңы турмуш курууга кирише баштаган. Эски жоокер өзүнүн уулу Владимирди гана Родинага чыныгы берилгендерден кылып тарбиялабастан, анын көп курдаштарын да, айрыкча жергиликтүү улуттун уулдарын кошо тарбиялаган.

Владимир өзүнүн эмгектик жана жоокердик жолун айыл чарбасын машиналаштыруу боюнча техникалык-ремеслолук окуу жайында окуудан баштаган. Ал кезде граждандык согуштун оту жалындап турган эле. Атасы болсо бул жак ак гвардиячыл бандалар менен салгылашып жүргөн. Так ошол кезде Владимир комсомолго өтөт. Андан кийинчерээк комсомолдун Токмок райкомунун секретарлыгына шайланат, кийинчерээк ВЛКСМдын Нарын канткомунда иштейт. Каарман чек арачы Жумушчу — Дыйкан Кызыл Армиясынын катарында атчандар полкунда кызмат аткарып, өзүнүн аскердик жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт. Мындан бир аз мезгилден кийин саясий жактан жетилип эскадронго саясий жетекчи болот.

Аскердик кызмат өтөп жүргөн Владимир такшалды, ал жактан командир болуп кайтты жана дароо эле НКВДга кызмат иштөөгө орношту. Ал өзүнүн туулуп-өскөн Пишпегинде үч жыл иштеп турганда Тажикстанга НКВДнын Обигаримдеги райондук бөлүмүнүн начальниги болуп дайындалды.

Ата Мекендик согуш башталгандан мурунку жылдары Памирдин чек араларында эч кандай бийликтик жол эле.

Анткени күн-түн дебей душмандар биздин өлкөгө кирүүгө жан аябай далбасташчу. Алар мурда качып кеткен ак гвардиячылар, немецтик шпиондор, англиялык тыңчылар эле. Мына ушуга байланыштуу чек араны көздүн карегиндей гана өтө сактык менен кайтарып туруш керек болучу. Владимир Матвеевич бул жакка келгени жаны жай алган жок. Чек арачылар менен кошо посторду, заставаларды кыдырып, жаш жоокерлерди сактыкка, эрдикке, кыраакылыкка үйрөтүп жүрдү.

Өлкөбүздүн чек араларында ак ниетүүлүк менен кызмат кылгандыгы үчүн Владимир Матвеевич 1937-жылы Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланды. Ал эми Обигарим районундагы № 252 Кадаран шайлоо округунун эмгекчилери Владимир Матвеевичти Тажик ССРинин Жогорку Советине депутат кылып шайлашты. Мындай көрсөтүлгөн ишеничке аябай шерденген коммунист ого бетер жан-алы калбай иштеп жатты. Мурдагы кызматына кошумча дагы түйшүк айылдарды кыдырып, колхозчулар менен жолугушуп, алардын суроолорун, талабын угуп, канааттандыруу керек эле. Владимир Матвеевич чарчоону билбеди. Ал мүмкүн болушунча бардык жерде болуп, бүткүл иште бүтүрүүгө шашылат. Шайлоочулар өз депутатын абдан урматташып, аны эң сыйлуу мейман катары кадырлап тосуп алышчу.

Чек арада болсо, күн өткөн сайын тынчтык кете баштады. Чет өлкөлүк тыңчылардын чек араны бузуп, өлкөгө өтүүлөрү көбүрөөк учуроочу болду. Өзгөчө немецтик чалгынчылар ишин аябай жандандырышты. Мына ушундай абалда шпиондорду сөзсүз кармаш керек эле. Ал үчүн чек арачылар күн-түн тынымынан, түн уйкусунан, ажырашты. Алар советтик жоокерлерге таандык болгон ак ниет эрдик менен өздөрүнүн катаал кызматтарын аткарып жатышты.

Каардуу окуялардын жакындап келе жаткандыгы чек арадагы кырдаалдын өзүнөн эле сезилип турду. Бир күнү эртең менен радио немецтик-фашисттик аскерлердин биздин Родинага кол салгандыгын алыскы Памирге кабарлады. Ошентип, Улуу Ата Мекендик согуш башталды.

Согуштун алгачкы эле күнү Владимир Матвеевич согушуп жаткан армияга жиберүү өтүнүчү менен командованиега кайрылды. Тажрыйбалуу командирдин өтүнүчү канааттандырылды. Владимир Матвеевич Тажикстандагы аскердик бөлүктөр менен Ташкентке келет да, ал 57-атчандар дивизиясынын атайын бөлүмүнүн начальнигине дайындалат.

Бул жерде аскердик машыгуунун чымырканууучулук күндөрү башталат. Анткени фронтко зор даярдык менен баруу керек болучу. Ар бир жоокер куралды билгичтик менен башкара билүүгө умтулган. Мында аскерлерге мурдагы Кызыл Аскерлер гана келишпестен, тынчтык күндөрдө колхоз-совхоздордун талааларында, фермаларында эмгектенген адамдар да келишкендигин эсте тутуу керек. Аларды каардуу душман менен согуша билүүгө үйрөтүү керек эле. Командирлер өздөрүнө баш ийген жоокерлерди алдыда болуучу салгылашууга дыкаттык менен даярдап жатышты.

Согуш алты айга аяк басты. Атчандар дивизиясы фронттордун биринин алдыңкы линиясына келип, согушуп жаткан жоокерлерге кошулду. Көп узабай эле, атчандарды душмандын тылына жиберишти. Ал жерде алар душмандын коммуникацияларына тайманбас чабуулдарды жасашып, немецтердин күчтөрүн жана техникасын талкалап турушту. Гитлерчилер атчандар десантын жок кылууга аракеттенишип, аларга каршы танкаларды, самолётторду жиберишти. Бирок мындан эчтеке чыкпастыгына алар кийинчерээк ынанышты. Советтик атчандар күндүр-түндүр бирде бул жерден, бирде тигил жерден душманга чабуул жасап, айласын кетиришти. Мына ушунун натыйжасында гитлерчилер өздөрүнүн алдыңкы позицияларындагы аскерлердин тылдагы коммуникацияларын коргоо үчүн алып келүүгө аргасыз болушкан. Ошентип, биздин атчандар бир жылга жакын убакыт бою душмандын тылын талкалашып, өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерди ар-намыс менен аткарышты, кийин кайрадан фронттун линиясынан өтүшү менен согуштун алдыңкы позициясына келишип, чечүүчү салгылашууларга катышышты.

Владимир Матвеевич эми эле колуна автомат алып, алдыңкы чекке жөнөмөкчү болгондо аны армиянын штабына чакырып кетишти. Контр чалгындоонун командованиесинин буйругу боюнча душмандын тылына кайрадан барууга буйрук алды. Бул жолу фронттун линиясынан жалгыз өтүүгө туура келди. Колунда рация менен чөнтөгүнө салган тапанчасынан башка автомат да, жүк салган мешогу да жок. Ал кыраакы чалгындоочу катарында армиянын штабына керектүү маалыматтарды берип турууга тийиш болучу.

Владимир Матвеевичке жоонун эң татаал жеринен да жүрүүгө келди. Айланасы тар, автоматтар жана миномёттор менен жыш куралданган душманга ал жалгыз гана тапанчасына таянат. Ошондой болсо да эр жүрөктүү чалгын-

доочу гитлердик аскерлердин топтошкон жерлерин бойлоп өтүп, андан рация аркылуу өзүнүн жерине кабар берүүгө жетишип турган. Мына ошол кезде немецтик аскерлердин топтошкон жерине келип биздин самолётторубуз асмандан бомба таштаганда кирерге жер таппай бет-бетинен качышканын өз көзүң менен көрүп кантип кубанбайсың.

Тажрыйбалуу чалгындоочу душмандын тылында бир жума жүрдү, анын изин кууп, жол таппай адашып, кыйналып-кысталып немецтик шимшүүчүлөр жүрдү. Күндөрдүн биринде Владимир Матвеевич жай алып, кабар берип турган кыштакты тинтип калышты. Алар Владимир турган үйдү курчап ага багынууну талап кылды. Бирок ал акыркы огу калганча тайманбастан колго түшкөн жок. Оор жарадар болгонуна карабастан рацияны талкалоого да үлгүрдү. Гитлерчилер айласы кеткенде үйдү өрттөп жиберишти, ал акыркы граната менен далай фрицти сулатып, өзү да курман болду. Ал кызмат кылган аскердик бөлүктүн жоокерлери тайманбаган эр жүрөк чалгындоочуну, Родинасына дайыма эскертишет: Совет өкмөтү аны дүйнөдөн кайткандан кийин Кызыл Туу ордени менен сыйлады.

Ата Мекендик согуш эчак эле бүткөн. Көп фактылар жана окуялар бүгүнкү күнгө чейин эсте. Бирок чек арачы чалгындоочулардын каармандыктары биздин эстен чыкпайт. Мен көп жыл бирге Владимир Матвеевич менен кызмат кылып, Тянь-Шань жана Памир чек араларын сактадык. Аны кичи пейил, ак ниет, жолдошторуна мээримдүү, кызматта саясий кыраакы адам катарында эсте сактай турганбыз. Чынында да ал ошондой жоокер болучу.

О. ЛАЙЛИЕВ,
отставкадагы майор.
«Комсомолец Киргизии», 24-май, 1968-жыл.

ЭЛ ҮЧҮН, МЕКЕН ҮЧҮН

Даңктуу юбилей — Армия менен Флоттун 50 жылдыгынын алдындагы күндөрдө граждандык жана Улуу Ата Мекендик согуштарга катышкандар менен, биздин ички жана тышкы душмандарыбызга каршы күрөшкөн, социалисттик мекенибиздин чек араларын көздүн карегиндей сактап жаткан адамдар менен жолугушуу жана аңгемелешүү биздин ар бирибиз үчүн кандайдыр жагымдуу да, пайдалуу да.

Отставкадагы полковник, пенсионер Борис Михайлович Васильев менен ар жолу жолукканымда мага өтө кубаныч-

туу гана болбостон, менин көз алдымда көп сандаган душмандарга каршы биздин элибиздин күрөшүнүн жаңы баракталары ачылат.

Балтикалык матростун уулу Борис Васильев он сегиз жашында Кызыл Армиянын катарына өз ыктыяры менен кирген. Бул 1918-жылы эле.

Кызыл офицерлердин Пензадагы курсун бүткөндөн кийин эскадрондун жаш командири Васильев генерал Красновдун ак гвардиячыларын, Деникиндин макталган «ыктыярдуу» армиясын, барон Врангелдин ордолорун талкалоого катышкан. Донбо Колесниковдун бандаларын кыйратуу боюнча операцияны мыкты жүргүзгөндүгү үчүн командованиеден алкыш алган.

1921-жылы Васильев Орто Азияга, Туркестан республикасынын чек арасын коргоо бөлүмүнө жиберилген. Көп убакыт өтпөй эле 3-Туркестан дивизиясынын атайын бөлүмүнүн начальниги болуп дайындалган. Басмачылардын бандалары жана англиялык империалисттердин жалданмалары Энвер паша жана Ага-Хан-Султан-Мухамедхан менен катуу урушгарга катышып, Бухара эмиринин аскерлеринин калдыктарына каршы күрөшкөн.

1925-жылы Борис Михайлович Москвадагы жогорку чек ара аскерлер мектебин бүтүп кайткан. Кыргызстанда кызмат кылуу, биздин республикада Совет бийлигин орнотуу жана чыңдоо үчүн күрөш полковник Васильевдин тагдырында зор роль ойноду.

1926-жыл. Түштүктөгү чек ара комендатурасынын комендданты байлардын, молдолордун аракеттерине абдан көз салып караган. Душман айлалуу жана каардуу эле. Жаңы бийликке тилектеш экендигиң сыртынан гана билгизет, анын закондорун да колдогон болот.

Жаныбек-казы өзү менен бир топ малды, баалуу нерселерди алып, чет өлкөгө кача тургандыгы жөнүндөгү маалыматтар Васильевге жеткирилет. Бул жөнүндө ага көп ишенимдүү кишилери бар Арстаналы Осмонбеков билдирген. Өзгөндүн жанындагы татынакай көк жайытка боз үй тигилген. Васильевди бай меймандостук менен тосуп алат. Бүткүл ал жайды байкагандан кийин Васильев алдыда боло турган окуяга түшүнүп жөнөйт. Байдын батрактарынын бири ага Жаныбек-казы эртең таң саардан чет мамлекетке качат деп кабарлады.

Чек арачылар эрте ойготулду. Чек аранын жанында алар Жаныбек-казыны кууп жетип барышты. Бүткүл малы, мүлкү тартып алынды. Ал эми казынын өзү чек арадан чыгып Индияга кетип калууга үлгүргөн.

...1935-жыл. Васильев чек аранын ары жагында башталган кыймылга көз салды. Бул эмне болду экен? Анын акыры эмне болуп бүтөт? — деген ойго келди. Империалисттердин жалданма малайы Селим-паша өлкөбүздүн чек арасынан өтүп, Кыргызстандын тоолуу райондоруна бүлгүн салууга даярданып жаткан болуп чыгат. Торугарт ашуусундагы Васильев командалык кылган чек арачылар бандиттерди биротоло талкалап, көбүн туткунга алган.

Империализмдин жан-жөкөрлөрү менен болгон бул акыркы салгылашууда погранзаставанын начальниги Осмон Лайлиев менен взводдун командири Сумченко башкарган чек арачылар өзгөчө эрдикти көрсөтүшкөн. Торугарт ашуусундагы бул салгылашуу эң акыркы салгылашуу эле, — дейт Васильев. — Ошондон тартып чек арада тынч турмуш өкүм сүрө баштады. Нарын шаарында өткөн Советтердин экинчи съезди күжүрмөн аракеттердеги ийгилигим үчүн мени сыйлаган Ардак грамотаны баа жеткис эстелик катарында сактап жүрөм. Бул кыргыз элинин каардуу тап душмандарына каршы күрөштө алган анын биринчи ардактуу сыйлыгы эле.

Бул грамотага жүрөктү абдан толкундатуучу сөздөр жазылган: **«Жолдош Б. М. Васильевге, райондогу бандаларга каршы күрөштөгү жана аларды биротоло жок кылуудагы сиздин күжүрмөн, кайраткерлик ишиңиз үчүн, Сиз ушуну менен колхоздук социалисттик талааларда жана мал чарбасын өнүктүрүүдө эмгекчи дыйкандарга бейпил турмуш түзүп берүүгө катыштыңыз.**

Кыргыз АССРинин Нарын райондук аткаруу комитетинин Президиуму Сизди ушул грамота жана баалуу белек менен сыйлайт».

1-Май, 1935-жыл.

Райондук Аткаруу комитетинин президиуму.
САРЫБАЕВ,
МАМБЕТАЛИЕВ,
АБУЗЯРОВ.

Көп жылдар өткөндөн кийин В. М. Васильев дагы эки Ардак грамотасы менен сыйланды. 1957-жылы Улуу Октябрдын 40 жылдыгына жана Кыргыз ССРи менен Кыргызстан Компартиясынын 40 жылдыгына байланыштуу.

1935-жылы Васильев Москвадагы Нариманов атындагы чыгышты үйрөнүү институтуна окууга жиберилген. Ошол жылы күзүндө ал Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин председатели жолдош Орозбеков менен жолугушкан. Экөө көп жылдардан бери жакшы байланышта болгон.

«Жолдош Орозбеков мени мейманканага чакырды, — деп эскерет Васильев. — Мен ага Москва мени кандай жылуу узатышкандыгын, Тянь-Шандагы абалды айтып бердим. Биз аны менен көпкө чейин ангемелешип отурдук. Кетердин алдында ал мага эсимде күнү бүгүнкүдөй сакталып калган сөздөрдү айтып: — «Жолдош Васильев Кыргызстан бүгүн Улуу Октябрдын нурлары астында жаңыдан гана ачылган гүлдөй, бул гүл өсүп жетилип, чоң бакка айланат, артта калган көп кыйынчылыктарды башынан өткөргөн республика-кабыз да өнөр жайы жана айыл чарбасы өнүккөн гүлдөгөн өлкө болуп калат...»

Бул сөз мындан отуз жылдан ашык илгери айтылган! Советтик Кыргызстан чынында эле гүлдөп өспөдүбү!

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда Васильев Молдавиягы 2-погранотряддын начальнигинин орунбасары эле. Согуш аяктады. Түркмөнстандын кумдуу чөлү, Арменияны тоолору. Бирок, ал кайсы гана жерде болбосун анын бүткүл ою Кыргызстанда болучу. 1951-жылы каалоосу менен Кыргызстанга кайра келди. Жети жыл бою талыкпастан иштеп, пенсияга чыкты.

Борис Михайлович Васильев ушул күндөрдө жаш муундарга граждандык жана Улуу Ата Мекендик согуштарда биздин жоокерлер көрсөткөн эрдик жөнүндө, Кыргызстанда совет бийлигинин орнотулгандыгы жана чыңдалгандыгы жөнүндө айтып берүүдө.

А. САЛЬНИКОВ.

«Советтик Кыргызстан». 20-февраль, 1968-жыл.

ИШКЕ АШКАН ТИЛЕК

Баштан өткөн окуяларды, аларга катышкан адамдардын образдарын, улуу идеяларды ишке ашыруу үчүн жүргүзгөн күрөштөрдү эскерүү адамга кандай чоң таасир кыларын өз башымдан нечен ирет өткөрдүм. Алар эбак өтсө да күнү бүгүнкүдөй эсте.

Айлар-айга кошулуп, жылдар зымырап өтүп жатат. Өткөн мезгилдер менен азыркынын ортосундагы айырма асман менен жердей. Улуу Лениндин идеялары салтанат куруп,

эзелтен берки тилектер ишке ашты. Эркин элибиз жыргалдын кучагында жаркыраган заманды куруп жатат. Бардыгы жаңырды, бардыгы өзгөрдү.

Мына ушул укмуштар кантип пайда болду? Же бир сыйкырдын күчү мененби? Жок, ал Ленин түзгөн жана баштаган Коммунисттик партиянын акылман жетекчилиги астында Совет элинин жүргүзгөн күрөштөрүнүн жемиштери. Бул күрөштөрдө көп жөнөкөй адамдар чыныгы каармандыкты, эрдикти көрсөтүштү. Алардын ар биринин кошкон салымдары аз болобу, көп болобу элдин бактысы үчүн өз учурунда зор мааниге ээ болгондугун эч кимибиз тана албайбыз. Ал эми ички, тышкы душмандарга, тап душмандарына каршы жүргүзүлгөн күрөштөр болсо кезегинде абдан зор жана татаал эле. Октябрда төрөлгөн эл бактысын муунтуп жок кылууга аракет кылган ар кандай душман эч нерседен тартынган эмес. Немецтик фашисттерге чейин да Совет эли андай кузгундардын канчасынын мойнун кыйбады дейсиң.

Мына ошол күрөштөрдүн айрымдарына бүгүн күбө болгондугум үчүн өзүмдү бактылуумун деп эсептеймин. Так ушундай таттуу кыялдар менен кадимки эле Кызыл Аянтка, бүткүл дүйнөгө тынчтыктын илебин тараткан Мекенибиздин жүрөгү Москвага да чабыттап кирип барамын.

Совет элинин фашисттик Германияны жеңгенинин 25 жылдыгында жолдошторум менен Кызыл Аянтка эң чоң кубаныч менен барып, зор толкундануу менен кайттым. Анткени, өткөндө бирге жүргөн, бирге болгон мен жакшы билген баатырлар менен да кезигиштим. Ал кубаныч үстүнө кубаныч кошту. Анткени, ар бир адамга мындай төп келишүү боло бербейт. Туурасын айтканда, алардын кээ бирөө менен Кыргызстандын борборунда табышып, сапарыбызды аэропорттон бирге баштап, Москвадан бүтүрдүк.

...Ак шумкардай асманда чабыттаган «Ил-18» булуттардын, мейкин талаалардын, өзөн-суулардын, шаарлардын үстүнөн кайкып сызып, бизди Москвага алып бара жатат. Ушундай тез жана тынч учуп бара жатканыбызга кубанганыма чыдабай жанымда олтурган граждандык коргонуу штабынын начальниги Усман Ильмурадов менен аңгемелешип, өткөндөрдү кайра элестетебиз, азыркы заманыбызга ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Мына ушул учурда жанымдагы Усмандын өткөн кездеги тагдыры көңүлмө кылт дей түштү. Кыргызстандын түштүгүндөгү Харосан селосунда шахтердун үй-бүлөсүнөн чык-

кан өспүрүм он беш жашынан тартып Сүлүктү шахтасында иштей баштаган. 1919-жылы тоголок жетим калып, ал шахтада 1923-жылга дейре иштеди. Ошентип, шахтадан алгачкы таалим-тарбияны, жумушчулук такшалууну алган. Бул жердегилер ал арыкчырай узун баланы жакшы билише турган. Анткени, Усман өткөрүлгөн ар түрдүү коомдук чараларга катышпай калуучу эмес. Тырышчаактык менен катсабатын да өз бетинче жоё алган. Бара-бара алдыңкы шахтер болуп, партиянын катарына кабыл алынган. Андан соң ыктыярдуулук менен Кызыл Армиянын катарына жөнөйт. Мына ошондон тартып Армия өз үйү, өлөң төшөгү, мектеби болуп калат.

Усман Ильмурадов Бухарада, Талас өрөөнүндө, Ферганада Совет бийлигине каршы чыккан басмачылар менен күрөшөт. Ошол эле мезгилде комиссарлардын, командирлердин жардамы менен саясий деңгээлин жогорулатат. Бул иште Аден Истамбеков менен Амировдун ролу чоң болот. Ошентип катардагы жоокерден полктун аскер комиссариатынын саясий бөлүмүнүн начальнигине дейре көтөрүлдү. Анын көкүрөгүн Ленин, Эмгек Кызыл Туу, эки Кызыл Жылдыз, Ардак белгиси ордендери жана төрт медаль жаркыратып кооздоп турат. Бул анын Мекен алдында сиңирген эмгегинин ачык күбөсү.

Күжүрмөн досум Ильмурадов жөнүндөгү жогоркуларды элестетип, таттуу кыялдын деңизинде термелип келе жаткан тынчтыгымды жүргүнчүлөрдүн арасынан кимдир бирөөнүн: «Мына Москвага да жакын калдык», — деген үнү бузуп жиберди. Мен ой кучагынан сол тарабымда олтурган Ильмурадовго бурулуп, андан ары самолёттун терезесине көз жүгүрттүм. Биз талаалуу токойдун үстүнөн тек гана каалгып сызып бара жаткан экенбиз.

Аңгыча самап келе жаткан Москвага да жетип келдик. Бул жерде да мен жаш кезимден бери үзөңгүлөш досум Кадыркул Качкеев менен жолугушам. Ал азыр персоналдык пенсионер. Акыркы ондогон жылдар бою СССР Министрлер Советинин алдында Кыргыз ССРинин туруктуу өкүлү болуп иштеди.

Башка көп кедей-кембагалдардай эле Кадыркул Качкеев да кичинесинен тартып эле турмуштун оор запкыларын башынан өткөргөн. Анын ата-энеси Совет бийлигине дейре кулактарга малай болуп, эптеп балдары менен жан. сак-

тоонун аракетин көрүшкөн. Кийинчерээк Кадыркул баштаган балдары да байлардын коюн кайтарып, отунун алган.

К. Качкеев да Совет бийлиги үчүн душмандар менен тартынбай салгылашкан азаматтардын бири. ...1927-жылы ноябрь айында биздин дивизионго кызмат кылууга чап жаак кара жигиттин келгендиги күнү бүгүнкүдөй эсимде. Ал атка өтө чыйрак жана шамдагай болучу. Ак көңүлдүгү, жолдошторуна боорукердиги, өз кызматын сүйүп аткара билгендиги менен ошол кезде эле дивизиондо кадыр-баркка ээ болгон. Аны «Биздин Кадыркул» дечүбүз, азыр да ошондой дейбиз.

Жогоркудай абалга калып эзилгендерге Октябрда аткан таң гана жаркырган нур чачты. Өз укуктарын өздөрүнө берди. Бирок, Совет бийлигинин душмандары кимге гана багынып беришкен жок. Революциянын жеңишин коргоо үчүн ички, тышкы душмандарга каршы Кадыркул да күрөшкө аттанды. Ал дивизиондогу биринчи комсомолецтерден болуу менен басмачыларды жок кылууга башкаларды да чакырды. Шадыбек, Сүйөркул, Эркинбек жана Чатон сыяктуулардын бандаларын талкалоого активдүү катышты. Булар Талас тармагындагы басмачылар эле. Ал эми Алай өрөөнүндө болсо Ады корбашыны, Фергана өрөөнүнө Мадмар датканы, Истамбек корбашыны, Тянь-Шань тоолорунда болсо Абдулда, Кульчун корбашыны жок кылуу операцияларында да Кадыркул Качкеевдин салган үлүшү аз эмес.

Ошентип, тап душмандарына каршы жүргүзүлгөн күрөштөргө катышкан Качкеев тынчтык түзүүчүлүк жылдарда ар түрдүү жетекчи кызматтарда да жемиштүү эмгектенди. Азыр Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты. Өкмөттүк сыйлыктардын — бир нече ордендер менен медалдардын ээси.

Мына, азыр өзүм менен катарлаш турмуштун ачуу-таттуусунун бирге таткан досумдун өткөндөгү унутулгус кызматын эске салуу менен так ушул Кызыл аянтта туруп, эл бактысы үчүн күрөшүп, барчындай жаш өмүрүн кыйган эр-азаматтарды да көз алдыма келтирем. Алар республикабыздагы алгачкы коммунисттер, комиссарлар, командирлер Аден Истамбеков, Асан Алиев, Болот Мукашев, Кожобек Кузембаев, Шады Жураев, Оморбек Мамбеталиев, Райымкул Төлөгөновдор, бул баатырлар душмандарга каршы кармашууларда өз өмүрлөрүн курман кылышкан. Алар лениндик идеяларга чыныгы берилген адамдар эле.

Дүйнө элдерин кул кылууну эңсеп, жер жүзүнө кара чума тараткан гитлердик фашизмди баатыр совет эли, анын




Автор - Лайлиев О. Т.
Түзүүчү - Лайлиев А. О.



Эчен кылымдар өтөт, жер жаңырат, эл жаңырат. Бирок, бүткүл өмүрүн эл үчүн арнаган эр-азаматтар эч качан унутулбайт. Алардын жаркыраган элеси туулуп-өскөн жеринде, бапестеп тарбиялаган элинде түбөлүккө жашай берет. Дал ушундай азаматтардын бири - Мамыркул Чукеев. Ал өз элинин ар-намысы, бак-таалайы, жадыраган келечеги үчүн өмүрүн арнаган.

Мамыркул Чукеев


ПРОСМОТРЕНО
21020



Цейер А. Г., Рыспаев Б., Калаев В.А., Качкеев К., Саралинов О., Лайлиев О., Илмурадов У.



Владимир Матвеевич Денисюк



Болот Мукашов



Б.М. Васильев - отставкадагы полковник. Граждандык жана Ата Мекендик согуштардын катышуучусу. Орто азиядагы чекара аскер кызматында көп жыл милдет өтөгөн. 1919-жылдан партиянын мүчөсү.



Усман
Ильмурадов



Аден
Истамбеков



Качкеев Кадыркул



Магазы Масанчи жубайы Амина Степановна жана уулу Газиз менен.



Байдулла Доскенов







Кыргызстандагы басмачылыкты талкалап, жок кылууга катышкан кызыл атчандар-кавалеристтер.





Кыргызстандагы басмачылыкка каршы 1928-1930-жылдарда күрөшкөндөр.



Орозалы Саралинов



Лайлиев Озоке Ташматович

каарман армиясы гана жер менен жексен кылып талкалап, анын өзүүсүндө калган көп элдерди азаттыкка чыгарды. Ушул улуу жеңишти белгилеген күндөрдө да өткөндөгүлөргө дагы бир ирет көз чаптырып, Ленин түзгөн совет бийлигин көкүрөгүн тосуп коргогон баатырларды кайрадан эске түшүрүүгө туура келди. Алардын эңсеген үмүттөрү, жакшы тилектери азыр бизде толук ишке ашып, Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында элибиз коммунизмдин салтанат курушу үчүн күрөшүп жаткандыгына ыраазы болосуң.

О. ЛАЙЛИЕВ,
отставкадагы майор.
«Ленинчил Жаш». 19-декабрь, 1970-жыл.

БИРИНЧИ КОМИССАР

Совет өкмөтү орношкондун биринчи күнүнөн тартып эле В. И. Ленин жумушчу-дыйкан мамлекетинин коргонуу жөндөмдүүлүгүн чыңдоо жөнүндө кам көргөн, ал бүгүнкү күнгө чейин кыйшаюусуз ишке ашып келе жатат. Владимир Ильичтин камкордугу жана жетекчилиги астында советтик регулярдуу армия түзүлгөн. «Граждандык согуштун жылдарында Советтик Армия ак гвардиячыларды жана чет өлкөлүк интервенттердин ташын талкан чыгарган. Анткени жаңы типтеги армия коммунисттик партиянын жетекчилиги астында сан жагынан өсүп, сапат жагынан жакшыруунун ичинде болгон.

Көп узабай эле лениндик декрет өлкөнүн башка республикалары сыяктуу эле Орто Азиядагы республикаларында кеңири кулач жайды. Алардын ар биринде өзгөчө улуттук атчандар эскадрону, дивизиону жана полктор түзүлдү. Алар менен катар Кыргызстан улуттук атчандар полку түзүлгөн. Бул улуттук аскерлердин тунгуч командири Калачев Василий Александрович, комиссары Мамашев Хашим болгон. Кийинчерээк алардын ордун командирлер Черных жана Швецов, комиссарлар Амиров жана Алчынбаевдер баскан. Акыркы жылдарда кыргыз дастандар полкунун командири болуп Ставников жана комиссары болуп А. Истамбеков эмгектеништи. Ал эми 1937-жылдарда болсо Аден Истамбеков 21-атчандар дивизиясынын саясий бөлүмүнүн начальниги болгон. Ошол эле мезгилдерде орто командирлердин милдетин аткарган: Байдулда Доскенов, Болот Мукашев, Шады Жоробаев, Усман Ильмурадов, Молдогазы Орозбаев, Алек-

сандр Григорьевич Цейер, Асан Алибаев, Кожобек Күзөнбаев, Жусуп Осмонбеков жана башкалар ээлешкен. Кенже командирлер: Турдубек Усупбеков, Кадыркул Качкеев, Мамыркул Чукеев, Осмор Асылов, Озоке Ташматов, жана башкалары өз мезгилиндеги жаңы өсүп жетилген кенже командирлер эле.

Өз кезегинде жогоруда аттары аталган полктун командири менен комиссарынын жетекчилиги астында полктун жоокерлери күжүрмөн жана саясий даярдыктарын күн сайын чыңдашкан. Мындагыларды күжүрмөн жана саясий даярдыктан өткөрүүгө ошол кездеги кыргыздын биринчи комиссары Аден Истамбеков тарыхта каларлык унутулгус зор эмгек сиңиргенине кыргыз атчандар полкунун ошол кездеги катардагы жоокерлеринен тартып, командирлерине чейин күбө боло алышат.

Биз сөз козгоп жаткан полктун комиссары Аден Истамбековду батрактан чыккан, өз мезгилиндеги революционерлердин баласы деп тайманбастан айтууга толук мүмкүнчүлүк бар. Анткени, Аденди атасы Бекембай Истамбеков бийлик кылуучу жергиликтүү колонизаторлорго каршылык көрсөткөндүгү үчүн 1906-жылы падышалык бийлик тарабынан Сибирге (Александровдук централга) сүргүнгө айдалган. Ошол мезгилде жаш Аден энеси Үмүт экөө өздөрүнүн суроолору боюнча атасы менен сүргүнгө бирге кетишкен. Турмуштун оордугуна карабастан, Александровскидеги татар мектебинен окуп, билим алып жана орус тилин үйрөнөт. Атасы сүргүндө каза болгондон кийин 1912-жылы туулуп-өскөн жери Кичи-Жергезге энеси экөө кайта келишкен. Сибирден өз элине өлдүм-талдым менен араң жеткен жаш Аденди турмуш мурдагыдан бетер тебелеп-тепсей баштады. Айла канча, акыры жан багуу үчүн орус кулактарына жана кыргыз байларына жалданып иштөөгө аргасыз болот. Бул жөнүндө бир катар карыялардын далилдөөсүнөн эпизоддорду келтирүүгө аракеттенебиз.

Түп районундагы Ново-Вознесеновка селосунда жашап турган 85 жаштагы пенсионер Евдокия Федоровна Куповская, А. Истамбеков менин кайнагам Кирилл Куповскийге малай болгон, — деп далилдесе, ошол эле селодо жашаган пенсионер Исмаил Чунуев: 1918-жылы Аден Истамбеков экөөбүз Зубков жана Куповский дегендерге жалданып иштегенбиз, — деп айтат. 1889-жылы туулган Сейилбай Кыдыков төмөндөгүлөрдү айтат: «1906-жылы орус падышасы-

на каршы сөз айткандыгы үчүн Адендин атасы Сибирге айдалган. Аялы менен үч жаштагы баласы Аден кошо кетет. Атасы өлгөндөн кийин Аден энеси менен өз элине келген. Ошол жылдары мен хохол Митке дегенге малай элем. Ал убакта Аден энеси экөө Зубков деген кулакка малай болуп иштеп жүрүштү. Кийин мен малайлыктан бошоп, карагай башчысы болуп иштеп жүрдүм. Аден энеси экөө Кирюха Куповский дегенде жалданып иштеп жүрүштү».

Ал эми тарых илимдеринин доктору, профессор С. Жантуаров Аден Истамбековдун өмүр баянын толук көрсөткөн.

Аден көп жылдык малайлыктан бошонгондон кийин 1921-жылы Каракол шаарындагы орус мектебин ийгиликтүү бүтөт. Ошол учурларда революциялык комитетке жетекчилик кылган Николай Лысов, Рудольф Маречек жана Данаке Имановго жолугат. Алардын кенеши аркылуу Аден өз ыктыяры менен 1921-жылы Советтик Армиянын катарына иштөөгө барат. Билимдүү жоокер катарында ал Ташкенттеги Ленин атындагы Орто Азиялык бирикме аскер мектебине жиберилет. Жыл айлангандан кийин, Аден Истамбеков бөтөнчө тапшырма боюнча ротанын 813-взводуна командир болуп дайындалат.

Аден Истамбеков 1923-жылы КПССтин катарына өткөндөн кийин эле Фрунзе шаарындагы Орто Азиялык биринчи аскер мектебине командир болуп көтөрүлөт. Жыл айлангандан кийин курсанттар менен бирге Бухарадагы басмачыларга каршы күрөшкө катышат. 1925-жылы Москвадага аскердик-педагогиялык жогорку мектебине өтүп, ийгиликтүү бүткөндөн кийин Ташкенттеги Ленин атындагы мектепке согуш тактикасы боюнча окутуучулукка дайындалган. 1930 — 1931-жылдарда Ленинграддагы бронетанкалык жогорку курсту, Москвадагы педагогиялык жогорку аскердик — мектепти бүтүрөт. Ташкенттеги Орто Азия коммунисттик университетин сырттан окуп ийгиликтүү бүтүрүү менен жогорку маалыматка ээ болгон. Мындан удаа Алма-Атадагы Казак атчандар полкунун саясий бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. Кийинки жылдарда кыргыз улуттук атчандар полкунда комиссар болуп иштеген. Кыргызстан Компартиясынын тунгуч биринчи съездинде Аден Истамбеков борбордук комитеттин мүчөлүгүнө шайланган. 1937-жылы 19-сентябрда СССР Коргоо министринин № 0929 приказы боюнча Аден Истамбеков Орто Азиядагы 21-атчандар дивизиясына комиссардык кызматка жиберилген.

Биринчи комиссардан тарбия—таалим алган мурдагы жоокер жана командирлер Улуу Ата Мекендик согушка өздөрү кызмат өтөгөн бөлүктөрдө душманга каршы баатырларча согушушту. Бир нече жолу мамлекеттик сыйлык алган. Мурунку 1925-жылы түзүлгөн кыргыз атчандар эскадронунун жана 1927-жылы түзүлгөн дивизионунун командири Калачев Василий Александрович, Усман Ильмурадов, Болот Мукашев, Молдогазы Орозбаев өндүү командирлер согуш жылдарында өз бөлүктөрүнө жетекчилик кылууда өздөрүнүн алган билимдерин билгичтик менен пайдаланышты. Мындай эрдик көрсөтүүдө биринчи комиссардан тарбия алган Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Таджикстан жана Түркмөнстандан барган жоокерлер аз болгон жок. Совет элин жеңишке ээ кылууда көп командирлер менен жоокерлердин сиңирген эмгектери тарыхта түбөлүккө сакталмакчы. Полктун комиссары Аден Истамбеков, командирлери Кожобек Кузенбаев, Асан Алиев жана башкалары улуу салгылашуудан мурда эле Ата Мекен үчүн баатырларча курман болгон. Кыргыз эскадрону, дивизиону менен полктун тарыхы жогоруда көрсөтүлгөн командирлердин тарыхы менен тыгыз байланыштуу.

Мен бул чакан макаламда полктун комиссары Аден Истамбековдун басып өткөн өмүр жолун кыскача баяндадым. Анткени, макаланын башталышындагы аттары көрсөтүлгөн командирлерди тарбия-таалим берип өстүргөн Аден Истамбеков болучу. Себеби, тарыхый документтер мындайча баяндайт. 1937-жылга чейин Кыргызстанды аскердик жогорку билимге ээ болгон Аден Истамбеков гана болгон. Биз ал киши менен сыймыктана алабыз. Бул адамдын жана анын командирлеринин ысмы Кыргызстандын тарыхында кылымдар бою сакталууга таандык.

Осмон ЛАЙЛИЕВ,
отставкадагы майор.
«Ленин Жолу». 2-май, 1971-жыл.

ҚЫМБАТ ӨМҮРҮН АРНАГАНДАР

...Эмгекчи эл жаңы замандын жаңы конушунда келечек бакты-таалай үчүн кам көрө баштаган кез эле. Бирок дагы эле болсо эскинин шыпырындылары дароо кең сөзгө келе коюшкан жок. Алар ар түрдүү террордук иштерди жүргүзүштү. Басмачылар түн күзөтүп, колхоз курулушунун активдүү куруучуларын, ак ниеттүү адамдарды, коммунисттер-

ди, комсомолецтерди кыйнап өлтүрүшүп, тынч жаткан эл-дердин мал-мүлкүн талап, келин-кыздарды кордошкон. Ошентип алар коркутуу жолу менен эмгекчилерди бет алган багытынан алагды кылууга, андан баш тарттырууга аракет кылышкан. Мына ушундай басмачы шайкалардын бири Ысык-Көл, Тянь-Шань жана Алай өрөөнү боюнча кеңири белгилүү. Зындан аймагынан чыккан Кара Мурун эле. Ал узун бойлуу, таз жорудай мойну келжегей, күйгөн көмүрдөй капкара, чоң мойлоо киши боло турган. Ал эң мурда ууру, кызыл кулак катарында белгилүү болгон. Мындай алдым-жуттум зөөкүр үчүн чек аранын дарбазасы жабылып, элдик закон астында жооп бере баштагандан кийин, ал өзүнүн жан-жөкөрлөрүн ээрчитип, курал курап тоого чыгып кеткен.

Шайкаларга каршы күрөшүү ишинде чек ара жоокерлерине жардам берүү максатында коммунисттерден, комсомолецтерден ыктыярдуу отряддар түзүлө баштайт. Анын биринчи уюштуруучуларынан болуп **Кутан Торгоев** эсептелет. Ата-энесинен жаш кезинде жетим калып, жаш өмүрүн мал артында өткөргөн бул жигит Совет бийлигин кубаныч-туулук менен тосуп алган. Анын отрядына **Усупакун Базарбаев, Бокой Максутов, Шаме Исаев** сыяктуу коммунисттер биринчилерден болуп катталышкан. Көп узабай эле саны 40 кишиден турган ыктыярдуулар Түргөндүн ашуусун ашышып, Сарала-Таш, Эңгилчек, Майда-Адырды көздөй сапар тартышат. Талды-Булакка жетип, ыктыярдуулар чек арачылар менен кошулушат. Отряддын командири Андрей Андреевич, ГПУнун уполномочени Винтов басмачыларды эки жактан курчап талкалоонун милдетин коюшат.

Жааган жамгыр шыбыргакка айланган. Кийген кийимдер сал болуп, оор тартат. Кол үшүп, камтууга келбейт. Буйруктун иши буйрук. Жогору көтөрүлүп, жолдун татаалдашкандыгына карабастан отрядчылар жүрүп отурушту. Отряддын алдын, эки жагын чалгындап бара жаткан Базарбаев Сарала-Таштын белине чыгып, эки жакты карай баштады. Шек санай тургандай эч нерсени көрө алган жок. Ангыча «тарс» эткен үн чыкты. Басмачы анын калпагын ыргыта аткан экен.

— Мындай тургун, — Бокой Максутов ок чыккан жакка мылтык суна жолдошун жеңден тартты. — Ушундай олтур. Азыр ал аткычты көрөбүз.

Калпагы башынан ыргып көрүнбөй калган отрядчыны өлтүрдүм го деп ойлодубу, бир топтон кийин басмачы борчук таштын артынан чыга ылдый жөнөдү. Ушул учурда Максутовдун мылтыгынын үнү чыкты. Ылдый карай жүткүнө, кайра чалкалай түшүп, басмачы боюн токтото албай Сары-Жаздын суусуна кулап түштү.

Отрядчылардын алдынкы дозоруна туш келгендигин билишип тирүү калган эки басмачы качып жөнөдү. Алар убакытты утуу максатында жыгач көпүрөнү бузуп кетишти. Отрядчылар көпүрөнү дароо оңдошуп, алдыга кайра жүрүп олтурушту.

Кайындынын оозуна барып, таштан чеп жасашып, аңдып жаткан басмачыларга туш келишти. Кутан Торгоев башчылык кылган ыктыярдуулар Кайынды суусунун оң жагынан чабуул коюшмакчы болушту. Кылычын жаркылдатып эң алдыда Кутан бара жатты. Аралык барган сайын жакындап, басмачылардын алдастай түшкөндөрү байкалды. Ана алды качып жөнөдү...

Эми Ак-Булакта бекинип жаткан Кара Мурун шайкаларын талкалоо үчүн аттанышты. Күн чыгыш өрөөнүндөгү салгылашууда чек арачылардын катуу кысымына басмачылар — **Жакшылык Оманов** менен **Касым Малабашевдин шайкалары туруштук бере албады.** Боз атка минип, Кара Мурун тапанчасын алып, чегинген жигиттеринин астын тосуп, качкандарын атып өлтүрө баштайт. Кутан менен Кара Мурун ушул жерде беттешет. Аттын күүсү менен барган Кутан аны мылтыктын кундагы менен тоголото коюп, эсин жыйганча ыктыярдуу жоокерлер Качы менен Абдумомун аны капталынан найза менен жара сайт. Бирок үч басмачы корбашы Кара Мурунду алып качышат. Арадан бир нече күн өтпөй Кара Мурун каза табат...

Андан бери карай нечен суу акты. Күндөр сызып, айлар закымдап, жылдар алмашты. Өзүнүн кымбат өмүрүн улуу иш үчүн арнагандардын көбү арабызда жок. Легендарлуу баатыр Кутан Торгоев кечээ жакында дүйнөдөн кайтты. Көйкапка барган адам таштан короолоп жасалган бейитти көрөт. Мында советтик чек араны күзөткөн **Михаил Закс жатат.** Арабызда жок болсо да алар баштаган, өмүрүн берген турмуш гүлүн ачууда. Алардын элеси биз менен чоң максатка адымын шилтеп бара жатат...

О. ЛАЙЛИЕВ,
отставкадагы майор.
«Ленинчил Жаш». 27-май, 1971-жыл.

ТАГАРДАГЫ БЕТТЕШҮҮ

Пишпек станциясынан жөнөтүлгөн поезд таң шооласы жаңыдан жерге тарай баштаганда Олуя-Ата (азыркы Жамбыл шаары) станциясына келип жетти. Асманды сур булут каптап турду. Күндүн чыккан же чыкпаганы билинбей чыгыш горизонтто кичинекей кызгылтым шоола пайда болду. Бир аз убакыт өткөндөн кийин айлананы боз каптап майда жаан жаай баштады. Жоокерлердин шинелдери бат эле оор тартып суу болуп кетти. Эскадрон кээде желдирип, кээде таскактатып, кээде бадыртып Александровка (азыркы Киров) селосун карай бет алды. Кандай гана болбосун түшкү тамакка чейин селого жетүү, ал жердин шарты менен толук таанышып болгон соң, чалгынга киши жиберүү милдет эле.

Атчандар канчалык ылдам жүрүп шашылса да Талас суусу агып жаткан капчыгайдын оозуна бир аз тыныгууга туура келди. «Атыңардан түшкүлө! Басмайылыңарды бошотуп, үзөңгү менен ээриңердин бекемдигин карап көргүлө!» — деген команда берилди.

Дивизиондун командири Шевцов эскадрондун, взводдун командирлерин өзүнө чакырып алды. Ал душмандардын кол салууларынан коркуп калышкан жергиликтүү эл менен кандай иш алып баруу, бандалар менен боло турган чукул арадагы салгылашуу жөнүндө айтып берди. Отряд, жергиликтүүлөрдөн чыгышкан кызыл аскерлердин мүдөөсүн көздөөчү активисттерге көбүрөөк таянуу керек экендигин бөтөнчө белгилеп өттү.

— Атчан аскерлер жеке эле душмандар менен аябай салгылашууга даярданган эр жүрөктүүлөр болушпастан — элдердин досу жана тарбиячысы болууга жетишүүлөрү керек, Кызыл Армия партиянын идеясын өзү менен ала жүрөт, ушул иштерди талыкпай чыдамдуулук менен жүргүзө алганыбызда гана жеңишке жетишерибиз талашсыз — деди Шевцов сөзүнүн акырында.

Эскадрон бир аз эс алгандан кийин жолго чыкты. Тар капчыгайда жөө туман. Өзөндүн тике жардуу кууш жээги менен чубап кетип бара жатышты. Төмөн жакта таштанташка урунуп, өзөн суусу көбүгүн чачыратат. Имерилиштен бурула берсе мерчемдүү жерге жетүүчүдөй сезилет. Тегериктин баарын калың туман каптагандыктан, карыш жер көрүнбөйт. Атчандар бир аз жүрүшкөндөн кийин алар жээктеги анчалык чоң эмес аянтка чыга түштү, ичке жол билинер-билинбес көрүнүп турду.

Аскерлер бир топ кыйынчылыктар менен өтүшкөн капчыгайдан чыга бергенде бет маңдайда Александровка селосу жатты. Так ушул жерден Талас өрөөнү башталат. Ак чокулары көк тиреп көрүнгөн алыстагы тоолордун арасындагы кокту-колотторду талоончулар мекен кылып жашынып жатышты. Ал жерди маанектешкендер Шадыбек, Сүйөркул, Эркимбек, Чотон алардын жана башка жанжөкөрлөрү эле. Түн ичинде кыштактарга, айылдарга чабуул коюшуп, колхоз курулуштарын өрттөшүп, складдардагы эгиндерди талоонго алышып, малдарды айдап кетип турушкан.

Алдыда боло турган беттешүү оңой-олтоң эмес эле. Тоолордогу жараңкалар, үңкүрлөр, бийик жарлар басмачыларды калкалап турса да советтик атчан аскерлер тигилерден жакшы үйрөтүлгөндүгү, курал-жарактарынын жаңылыгы жана кандай гана шарт болбосун салгылашууга жөндөмдүүлүгү жагынан асман менен жердей айырмаланып турчу. Кызыл атчандар Александровка селосуна түш ченде келишти, Кара-Буура өзөнүнүн жантайма жээгине узатасынан салынган селонун жалгыз көчөсү бир кыйла аралыкта созулуп жаткан эле. Үйлөрү топурактан тургузулуп сырты акталган, үстүлөрү тунукеленсе, кээсиники саман же камыш менен жабылып коюлган. Айрым короолордогу алма, чие даректары үйлөрдүн тегерегин көрккө бөлөп турса, айрым короолор арыктарды бойлото тигилген узун теректер менен курчалгандыктан анын ортосундагы кичинекей жапыс боз тамдар көзгө бир аз комсоо көрүнүшөт.

Алар түз эле райондук партия комитети менен райондук аткаруу комитети жайланышкан бир кабат имаратка бет алышты. Атчандарды, райондук партия комитетинин секретары Жамансариев, райондук аткаруу комитетинин төрагасы Таштаналиев жана ОГПУнун начальниги тосуп алышты. Райондун өкүлдөрү эскадрондун командирлери, жоокерлер менен кол кысышып каршы алышкыча имараттын жанындагы чакан аянтка селонун адамдары бат эле чогулуп келишти. Жарашыктуу кийинишкен жоокерлерди жана алардын эң сонун мылтыктарын, пулемётторун жана сымбаттуу аргымактарын көрүшкөн адамдар:

— Күч деп мына ушуларды айт.

—Булар басмачылардын эне сүтүн оозуна татытуучулар.

— Кудая шүгүр, деги эми тынч жашаар бекембиз. Күн сайын кеч киргенде жүрөк үшүт болгон жаныбыз, таң атканча кантип тынч уктай алалык.

— Шайтандарды ошол тоодон экинчи келгис кылгыла, — дешип ар кимиси ар кандай сөз айтышып дуулдап жатышты. Эскадрондун политругу Асан Алиев менен комсоргу Чукеевдер чогулгандарга:

— Сиздер үйүңүздөргө бара бериңиздер. Биз өзүбүз эле алардын акесин таанытабыз — дешти.

Кызыл атчандар ээр-токум, буюм-теримдерин тартипке келтиришип, өздөрүнүн суу болгон шинелдери менен гимнастеркаларын күнгө кургатып алгыча райондук партия комитетинин имаратында кеңешме болуп, кезектеги иш талкууланып жатты. Ага Шевцов, Амиров, Крачунов, Валиев эскадрондун партиялык уюмунун секретары Озоке, комсорг Чукеевдер катышып отурушту. Биринчи болуп сөздү Семен Михайлович Шевцов алды.

— Басмачылар аз эмес, — беш жүз кишиге жакын. **Үкүбай менен Чотон** атчандарын өздөрү менен бирге алып жүрүшпөйт. Алар өз күчтөрүн бир жерге топтошкон эмес, ошондуктан аларды чогултуу үчүн бир далай убакыт керек кылынат, бул биздин күрөшүбүздү бир кыйла жеңилдетет. Бирок алардын майда-майда бөлүктөрүн оңой-олтоң эле талкалаганыбыз менен ага убакыт көбүрөөк кетери бышык. Ошондуктан биз басмачыга каршы күрөшүү боюнча атайын штаб түзүшүбүз зарыл анан боло турган операцияга карата иш план түзүлгөндөн кийин гана алардын майда-чүйдө иштерине чейин чалгындашыбыз керек. Эртең басмачылар кайсы жерден орун алышканын биз так билүүгө тийишпиз.

— Биздин кабарга караганда — деп ордунан тура райком партиянын (азыркы Киров району) секретары Жамансариев Асанбай сөз сүйлөдү, — бандиттер Үрмарал капчыгайынан кантондун борборуна (азыркы Талас шаарына) чабуул койгон кезде жергиликтүү адамдар алардын бир канча чабуулдарынын мизин кайтарышкан. Андагы аскердик гарнизон душмандар кайра Үрмаралга чегинип бара жатышкан кезде аларды экиге бөлүүгө аргасыз кылган. Бирок көпчүлүгү качып кутулуп кетишиптир. Алар магазинди, өзүмдүк үй ооканаттарды жана бир кыйла коомдук мүлктү талап алышыптыр. Ошондой эле баш кесерлер Талас кантком мунун төрагасы жолдош Чыналиев, канткомсомолунун сек-

ретары жолдош Наматбеков сыяктуу бир катар советтик жана партиялык активдүү кызматкерлерди өлтүрүп кетишкен.

Кеңешме күжүрмөн штабдын мүчөлөрүн шайлашты.

Төрт адам жетишет го — деген сунушту киргизди дивизиондун комиссары Амиров.

Ага: Жамансариев, Шевцов, Амиров, Крачунов жана ГПУнун начальниги Валиев киришти. Экинчи күнү Крачунов командачылык кылган жакшы куралданган атчандардын эки отряды тоону көздөй жол тартты. Отряддын орун басары эр жүрөк Байыш Төлөгөнов эле. Анын жетекчилиги менен жарым эскадрон Кара-Буура менен Күмүштак капчыгайларын көздөй бет алышты. Экинчи группага эскадрондун командири Доскенов өзү жетекчилик кылды. Анын аткара турган милдети бир кыйла оорураак келип Ключевге, Миңбулак, Орловка жана Краснооктябрск селолорун текшерип өтүү эле. Бардык кабарларга караганда бул өндүү пункттарда бандиттердин курал-жарак жана тамак-аш складдарынын болушу мүмкүн болучу. Алар жигиттерди күч менен өз отрядына ээрчитип кетип жатышкан. Экинчиден, алар складдарын кайтаруусуз калтырышмак эмес.

Эки группадагыларга тең мындай деген күжүрмөн милдет жүктөлгөн: душмандардын бардык кыймыл-аракеттеринин жолдорун тактоо менен алардын санынан кабар алуу, эгер басмачылар бир-экилеп же группасы менен капысынан жолугуп калышса түздөн-түз ат коюп салгылашка кирип, аларды жок кылуу жана колго түшүп калгандарын Николайполь (азыркы Ленинполь) селосуна жайгаштырылган штабка жеткизүү эле.

Күжүрмөн тапшырма алышкан группалар иштетилип чыккан маршруттар боюнча сапарга жол тартышты, ал эми штабдагылар ошол замат арабага отуруп алышып Николайполь селосун карай бет алышты.

Жол Талас суусун бойлоп топ-топ болуп өскөн жапайы талдарды, теректерди аралап жогору кетүүчү. Жол жүрүү абдан коркунучтуу эле, анткени тал-теректердин түптөрүнө бугуп алышып же үйлөрдүн терезелерине жашынышкан душмандар аларга ар минутада кол салышууга даяр эле. Ошондуктан штабдын мүчөлөрү арабага жеңил пулемёт орнотуп алышып, салгылашка даярданып коюшту. Эми алар жолдун эки тарабындагы ар бир жыгачтын түбүн абайлап келе жатышты. Атчандар да бардыгына даяр эле.

Штаб селонун түштүк-чыгыш тарабындагы колхоз фер-

масынын имаратына жайгаштырылды. Буюмдарды бөлмөгө ташып бүткөрө электе эле ушул жерлик Райымкул Төлөгөнов жетип келди. Ал тоодогу Крачунов менен Байыштан штабка кат алып келген.

Райымкул алып келген катты Шевцов шашылып ачты. Катта: душмандардын саны баш аягы төрт жүз кишиге жакын, басмачылар ар кандай мылтыктар менен куралданышкан. Чалгынчылар коргонуу пунктунан орун алышты, салгылашка чыгууга даяр — деген кабар жазылган эле.

Шевцов кат алып келген кишинин жөн жайын сурады. Райымкул оң колун жүрөгүнүн үстүнө коё салып, таазим кылгансып:

— Мен ушул жерде Николайпольдо жашайм. Бир жыл мурун сиздердин эскадрондо ыктыярдуулардан түзүлгөн отряддын начальнигинин жардамчысы болуп кызмат кылганмын — деди.

— Эң жакшы Райымкул Төлөгөнов. Мына сага буйрук, муну биз жакка сени жиберген командирлерге кайра тезинен жеткиз.

— Болуптур, жеткирүүгө даярмын, — деди катты кийиз калпагынын тигишине бүктөп салып жатып.

Ал үйдөн чуркап чыгып, тездик менен атына ыргып минди да жымжырт болгон кенен көчөдөн чаап бара жатты. Бийик дөңсөөлөр, чоң жана кичине капчыгайлар, белестерде жер мыкчып миндеген жылдардан бери бир ордунан жылбай жаткан зор таштар кездешет. Ушундай тоо, таштуу жерлерден түз жол табуу да оңой эмес. Жалгыз аяк жолдор бирде имерилип белес ашса, бирде жогору карай кыйгап турат.

Ар кандай кыйынчылыкты көрүп жүрүп олтуруп Райымкул буйрукту өз убагында командирге тапшырды. Командир отряд Крачунов Райымкулга чын жүрөгү менен ракмат айтты. Чалгынчыларга башчылык кылган адам өз ыктыяры боюнча жыйырма жетинчи жылы Кызыл Армиянын катарына кызмат кылууга келген, эски атчан аскерлердин бири Озоке эле.

Анчалык чоң эмес чалгынчылардын отряды тоону карай сактык менен келе жатты, анын артында Байыштын атчандары утурлоодо. Бирок чалгынчылар канчалык сактанышып, көрүнбөй келе жатышса да басмачылардын байкоочулары аларды көрүп коюшту. Алар өзүлөрүнүн башчыларына кабар жеткирүүгө шашылышты. Чалгынчылар анчалык чоң

эмес түз аралчанын четине жете беришкенде басмачылар көрүнүштү. Алар оңтойлуу өңүт табуу үчүн капчыгайды карай чаап жөнөштү.

Озоке, чалгынчыларына тезинен аттарынан түшүп, коргонуу тилкесинен орун алууга буйрук берди. Арадан көп өтпөй арттагы Крачуновдун негизги күчү жетип келип калды. Ойлонууга убакыт өтө аз эле. Ар кимиси ыңгайлуу орундарды ээлешип басмачыларга өз куралдарынан ок чыгарууга даярданып калышты. Алар капчыгайдын ичин жаңыртышып, башаламан чапкылашып, селдей каптап келе жатышты. Алардын кудайга жалынуулары, бакылдаган үндөрү даана угулуп турду.

Залп боюнча атылган мылтыктардын үнү угулду. Тарс деген үн тоолорду жаңыртып, толкуну капчыгай ичинде улам кайталанды. Баш аламан боло түшүшкөн басмачылар удургушуп айрымдары аттарынан кулап жатты...

Кызыл жоокерлер душмандардын чабуулунун мизин араң кайтарган соң басмачылардын кайраты бошондой түшкөнсүдү. Алар жай баракат тартып чабуулга аракеттенишпей калышты. Бирок бул алдамчы жайбаракаттык эле. Басмачылардын бир тобу тигил жогорку бийик дөңдөн чыга келишти. Төмөн жактагылардын бардыгы алар үчүн алаканга салгандай көрүнүп турган. Басмачылар жоокерлерди аткылап киришти. Кызыл аскерлерди аткылай берүү менен жеңишпесин түшүнүшкөндөн кийин алар жогортон таш кулата башташты. Капчыгай ичи тарсылдак-турсулдакка толуп кетти.

Эми жоокерлер тиги басмачылардын чабуулдарын кайтармак турсун туш-туш жагынан зуулдап өтүп жаткан таштардын серпиндисине капталбас үчүн далдоолорго жашынуу аракеттеринде болушту.

Группанын командири Байыш Чукеев менен бирге, эки кол пулемётун алышып, ээлеп турган жерин таштап өз взводундагы жоокерлерди ыңгайлуу учурдан пайдаланып, ээрчитип чыгууга бел байлашты. Максаты — душмандардын позициясынын сол флангасынан чыгып чабуулга өтүү эле. Ал жакта тоскоол жок болучу, анын үстүнө Кызыл армиянын жоокерлери тоонун чокусунан төмөн карай чабуулга өтөрүн басмачылар капарына да алышпаган.

Жантайма бийиктеги өзүнүн позициясынан чыга калышкан атчандарды көрүшкөн басмачылар азга селдейе түшүшүп, башаламан чапкылап жөнөштү. Душмандын атчанда-

ры бирде тигил, бирде бул тарапка дүрбөй качышып, мылтыктар менен пулемёттордун огуна капталып жатышты. Куралжарактарын таштай качып, баш калкалоого жай изденишип, туш-тушган атылган октордон эптеп кутулуунун аргасын кылышты.

Озокенин чалгынчылары эки кол пулемётунун ишенимдүү колдоосуна таянышып, душмандарды сол флангадан кысымга алышты. Күнү түгөнүп, айласы куруган душмандар чабуул коюуну эстерине алышмак турсун, бул тозок отунан эптеп кандайча кутулуп кетүүнүн далалатында болушту. Ошентип алар кача башташты. Бул убакта көпчыгайдын ичинен Кыргызстан областтык милиция начальнигинин орун басары Крачунов жетекчилик кылган, кызыл аскерлердин дагы бир группасы жардамга жетти. Қылычтын курч миздери жаркылдап, мылтыктардын үндөрү жер жаңырта тарсылдап жатты... Басмачылар бул каршылыкка туруштук бере алышпай топ-топ этип кулашты. Калгандары туш келди качышты. Бул салгылашта көптөгөн басмачылар окко учту жана колго түшүрүлдү.

Качып кетүүгө мүмкүн болгондордун бир азы Беш-Көл тараптагы тоолорго кетишти.

Советтик атчандар тараптан жоготуу жокко эсе болсо да Кыргызстан областтык милиция начальнигинин орун басары Крачунов катуу жарадар болуп калды.

Басмачылардын атамандары жашынып калышты. Бирок алар резервдеги экинчи группаны салгылашка алып чыгуунун даярдыгын көрүп жатышты. Арамза корбашы Сүйөркул менен Шадыбек өзүлөрүнүн бардык карамагындагыларын кармашка бир ирээт эле салып беришпейт эле. Салгылаш так эсеп менен жүргүзүлүп жатты. Алынган кабарларга караганда, талкаланган басмачылардын калдыктары Үрмарал капчыгайына качып кетишкени белгилүү болду.

Ошентип Тагардагы беттешүү Советтик Жоокерлер үчүн жеңиш менен аяктаган.

Осмон ЛАЙЛИЕВ,
армиянын отставкадагы майору.
«Кыргызстан маданияты». 29-сентябрь, 1971-жыл.

Ата-бабалардын басып өткөн жолун билели

ӨЛБӨС-ӨЧПӨС ЖООКЕРЛЕР

Кыргызстандын атчандар бөлүгүнүн улуттук эскадронунун, дивизионунун, андан кийин полкунун даңктуу тарыхы мын-

дан элүү жыл мурда башталган. 1925-жылы июль айында улуттук аскер бөлүгү биринчи жолу түзүлгөн болучу. Бөлүктүн составына негизинен комсомолецтер, профсоюздун активдери, айыл-кыштактан келген батрактар менен кедейлердин «Кошчу» союзунун мүчөлөрү кирген.

Орто Азиянын аскер округу менен өлкөнүн революциялык аскер советинин буйруктары чыккандан кийин Кыргызстандын атчандар бөлүгүнүн улуттук дивизиону 1927-жылы бир-ротоло түзүлүп бүткөн. Дивизиондун биринчи командири Черных, комиссары Мамашев болгон. Ал эми эки жылдан кийин дивизионго командалыкты Шевцов (комиссары Амиров) кабыл алган.

Дивизиондо кыргыз жоокерлери тарбиянын бир кыйла мектебинен өтүштү, алар мындан жалпы билимди алышты, аскер ишин үйрөндү, саясий жактан такшалды.

Революциядан кийинки алгачкы жылдарда Тянь-Шандын, Алайдын, Памирдин жана Таластын тоолорунда жана өрөөндөрүндө жойлоп жүргөн басмачылар менен болгон көп сандаган салгылашууларга атчандар баатырлык менен катышышты. Мындай ар бир салгылашуулар кызылдардын жоокер жигиттерин такшалтып, совет элинин адилеттүү ишине ишенимдүүлүктү күчөтүп турушту. Анткени дивизиондун атчандары чабандардын, дыйкандардын, жылкычылардын балдары болушкан. Басмачылар болсо калкты талап, эч бир күнөөсүз адамдарды өлтүрүү менен жек көрүндү болушту. Кызыл атчандар өзүнүн үй-бүлөсүн, өзүнүн ата-энелерин, социалисттик Мекенин жан аябастан коргошту. Басмачылар менен болгон салгылашуулар адилеттүүлүк үчүн, өзүнүн эркин жеринде эркин жашоону, данк менен жыргалдуу жашоонун максатын көздөшкөн.

Айыл-кыштактардын жана шаарлардын эмгекчилери кыргыз атчандарына активдүү жардам берип турушту. Эскадрондун болгон жоокерлеринин бардыгында ыктыярдуулардын тобу түзүлүп, колдоруна курал алышып, баш кесер басмачылар менен салгылашкан. Оморбек Мамбеталиев, Раимкул Төлөгөнов жетекчилик кылган Талас өрөөнүндөгү отряд, Арстанаалы Осмонбеков жетекчилик кылган Фергана өрөөнүндөгү отряд, Исабек Бектемиров жетекчилик кылган Лейлек районундагы отряд биринчи ордендүүлөрдөн болушкан. Ысык-Көл өрөөнүндө жана анын сырттарында ыктыярдуулардын отрядынын начальниги, элге белгилүү болгон күрөшчүлөр Кутан Торгоев Кызыл Жылдыз, Асан

Эшимбеков Кызыл Туу ордендери менен сыйланышкан. Тянь-Шандын тоолорундагы басмачыларга каршы күрөшкө Кененбай, Тенти Орозалиев жана Шыгай Желденов жетекчилик кылышкан. Басмачылар менен болгон көп салгылашууларда алар да ар дайым укмуштуудай жеңиштерге жетише турган.

Дивизион жергиликтүү калктардын: кыргыздардын, өзбектердин, уйгурлардын, казактардын жана орустардын командалык составынын чыныгы устаканасы болгон. Аскердик бирикмелердин жашаган жылдарында жүздөгөн жолдоштор взводдордун, эскадрон командирлери, саясий кызматчылары болуп иштешти. Аден Истамбеков комиссарлардын биринчилеринен болгон. Ал ошондой эле кыргыз атчандар полкунун тарбиячысы жана окутуучусу болуучу. Акырында Аден Истамбеков Кызыл Армиянын жогорку аскердик командалык саясий составында дивизиянын саясий бөлүмүнүн начальниги болуп иштеди. Юсуп Юсупов, Асан Алиев, Болот Мукашев, Усман Ильмурадов, **Орозалы Саралинов,** Кожобек Кузембаев, Жамангул Жээнчороев, Дүйшө Ногойбаев, Шады Жороев, Павел Васильевич Вахалов, Андрей Григорьевич Цейер, Байдулда Доскенов жана башкалар Аден Истамбековдун тарбияланууучуларынан болушкан.

Дивизиондун жоокерлеринин ичинен кийин партиялык, советтик жана чарбалык жетекчи кызматкерлер өсүп чыгышты. Алардын арасында Кадыркул Качыкеев, Мамыркул Чукеев, Абдыкерим Рыспаев, Кадыралы Жаналиев, Турдубек Усупбеков, Иса Осмонов, Мусабек Бошкоев, Намсо Веилиал жана башкалар бар. Карапайым жигиттердин арасынан Кызыл Армиянын эң сонун командирлери, чалгынчылары өсүп чыкты. Алар татаал шарттарга карабастан душмандар жөнүндө баалуу маалыматтарды алып келип турушкан.

Дивизиондун составын тарбиялоо ишине, анын командири Семен Михайлович Швецов өзүнүн көп эмгегин жана билимин жумшады. Мурунку кедей-дыйкан дивизионундагы өзүндөй эле кедей-дыйкандардын жоокерлеринин оюн, тилегин жана үмүтүн жакшы түшүнө билген, граждандык согуштун бороондуу жылдарында Семен Михайлович Фергана менен Хорезмде ак казактардын бандаларын талкалаган. Түркменстан жана Кыргызстандын территорияларында күжүрмөн артыкчылыгы, эр жүрөктүүлүгү жана баатырдыгы үчүн партия менен Совет өкмөтүнүн, командованиенин өзгөчө тапшырмасын орундаткандыгы үчүн төрт жолу Кызыл

Туу ордени жана күмүштөн жасалган курал, мыкты ат менен сыйланган. Биринчи Кызыл Туу орденин ал эр жүрөктүүлүгү үчүн алган. Ферғананын чет жакасындагы тоолордо алты жыл бою белгилүү Исламкулов менен Карабаевдин басмачы бандиттерин колго түшүргөн.

Мурда бул баш кесерлерди жана алардын жетекчилерин колго түшүрүү аракети көпкө чейин ийгиликсиз болуп келген. Акырында Туркестан фронтунун командованиеси мындай татаал жана жооптуу күжүрмөн тапшырманы ошол кезде Ферганадагы эскадрондун командири Швецовго берет. Бул тапшырма боюнча, кандай гана болбосун, Фергана өрөөнүндөгү басмачылардын тобун жок кылуу керек болучу. Тоодо 700 адамдан турган басмачылардын тобу жайгашкан деген кабарды алгандан кийин Швецов баштаган 80 гана жоокер тоонун шартында көп күн бою басмачылардын артынан түшүп жана алар менен согушуп, күтүлбөгөн жерден душмандарга чагылгандай чабуул жасашат, басмачылар чегине баштайт. 300гө жакын басмачы кылычтын мизи менен жок кылынат, калгандары жакынкы тоого кире качышат, бирок көп узабай алар колго түшөт. Ошентип басмачылардын бул тобу биротоло талкаланат жана жок кылынат.

Андан кийинки жылдарда С. М. Швецов Кыргызстандын улуттук дивизионунун атчандар бөлүгүнө командалык кылат. 1929—1930-жылдарда Кыргызстандын территориясындагы басмачылардын тобун акыр-аягына чейин жок кылгандыгы үчүн төртүнчү жолу Кызыл Туу ордени менен сыйланат. Бул операцияларга С. М. Швецов менен бирге жергиликтүү күжүрмөн командирлер: Болот Мукашев, Дүйшө Ногойбаев, Кадыркул Качыкеев, Усман Ильмурадов, Асан Алиев, Намсо Веилиал, Кожобек Күзөмбаев, А. Г. Цейер, Орозалы Саралинов жана Шады Жураев активдүү катышкан.

Семен Михайлович Швецов атчан аскерди эң жакшы көргөн жана аны каардуу күжүрмөн бирикме деп эсептеген, ал эми атчан аскерлерди болсо өзүнүн бекем ишеними боюнча кандай гана салгылашууда болбосун жеңилбеген жоокерлер деп билген.

Командирдин бекем ишеними жеке гана бир адамдын ою эмес, бул Семен Михайловичтин бир нече жылдар бою көп салгылашууларга катышкандыгынын натыйжасында пайда болгон ой. Атчан аскерлер бул жылдарда өзүнүн күжүрмөндүк жагынан жакшы жактарын көрсөткөн болучу. Кыргызстандын атчандары командирдин бекем ишенимин ого

бетер терендеткен. Швецов ар кандай жүрүштөрдө жана көнүгүүлөрдө атты, кылычты, мылтыкты барктоого кыргыз атчандарын үйрөткөн.

Куралды жакшы көрүп, бирок жакшы пайдаланууну билбеген жоокер толук баалуу жоокер эмес. Биздин полктун кызыл атчандары саясий-моралдык жактан туруктуу тарбиялоо боюнча Кыргызстандын атчандар полкунун комиссары Аден Истамбеков, дивизиондун комиссары Амиров көп эмгек сиңирген. Амиров 1920-жылдарда Михаил Васильевич Фрунзе менен бирге Бухара шаарын бошотуп, Бухара эмиринин мурасчысынын чөйдөн чыккандарын талкалаган. Комиссар Амировдун көкүрөгүнө М. В. Фрунзе Бухара Республикасынын орденин таккан.

Кыргыз дивизионунун жоокерлери үчүн Амиров үлгү болгон, анын ар бир сөзүн эсте тутуп калууга биз аракет жасоочубуз. Комиссар бизди терең ишендире билген. Ал эң сонун саясий кызматкерлерди тарбиялаган. Кийинчерээк алар эскадрондун саясий кызматкерлери болуп иштешти. Алардын арасында Усман Ильмурадов, Орозалы Саралинов, Асан Алиев жана башкалар болушкан. Алардын жоокерлер менен аңгемелери эң маанилүү маселелер жөнүндө боло турган, аңгеменин жүрүшүндө биздин мамлекеттин ички жана тышкы саясаты боюнча көп суроолор пайда болучу. Алардын түшүнүктүү жасаган ар бир аңгемелери жоокерлердин саясий-моралдык жана патриоттук духта тарбияланышына түздөн-түз таасир бере турган.

Ошол мезгилде мен кызмат өтөп жүргөн Кыргызстандын атчандар дивизиону абдан күжүрмөн даярдыгы жакшы, ар кандай шарттарда душман менен согушууну мыкты билген дивизион болгон. Мындай ийгиликтерге жетишүүдө командир Павел Васильевич Вахаловго биз көп милдетүүбүз. Ал өзүнүн эскадрону менен 1927-жылы Ак-Сай, Арпа өрөөндөрүнүн чек араларында, Сөөк ашуусунун алдында Жаныбек башчылык кылган басмачыларды жок кылган. Анын эскадронунун саясий жетекчиси Асан Алиев болгон. Ал биздин эскадронго лениндик аскер мектебин бүтүргөндөн кийин келген. А. Алиев билимдүү, маданияттуу жана талапкер адам эле, анын мээримдүү үнү, терең түшүнүгү ар дайым максатына жетчү. Анын буйругунан эч ким баш тарта алган эмес. Ал өзүнүн иши менен жоокерлердин арасында эбегейсиз зор кадыр-баркка ээ болгон.

Кыргызстандын атчандар бөлүгүнүн улуттук дивизиону

он эки жылдан ашуун убакыт жашады. Бул мөөнөт анча деле көп болбосо да, бул жылдар тынчы жок мезгил болгону белгилүү, совет бийлигине каршы көтөрүлгөн басмачылар сыяктуу ар кандай душмандар менен күрөшкөн мезгил болду. Ал душмандар кыргыз жеринде совет бийлигин кулатып, эски тартипти кайра калыбына келтирүүнү көздөшкөн. Бирок, дивизиондун жоокерлери душмандын максатынын ташынталкан кылып өзүнүн ардактуу милдетин ар-намыстуулук менен ишке ашырды, Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын жеңишин сактап калды.

Бул дивизиондун атчандарынын көп ветерандары Улуу Ата Мекендик согуштун активдүү катышуучуларынан болушту. Алардын көбөсү согуштун жылдарында эр-жүрөктүүлүктү көрсөтүшүп жеңишке жетүү боюнча өзүлөрүнүн жупуну салымдарын кошушту. Биз алардын баатырдыгын унутууга тийиш эмеспиз.

Осмон ЛАЙЛИЕВ,
отставкадагы майор.
«Мугалимдер газетасы». 9-август, 1969-жыл.

СОЛДАТ БАСЫП ӨТКӨН ЖОЛ

Тарыхты баарактап ачканыбызда жаш советтик коомду чыңдоо үчүн өз учурунда күч-кубатын зарп кылган. Эр азаматтардын эстен кеткис эмгектери көзгө чалдыгат. Азбы, көппү өз мезгилинде элибизге сиңирген ал адамдардын эмгектери, басып өткөн жолу улам артта калган сайын Чолпон жылдыздын нурундай кимди болсо да өзүнө каратпай койбойт. Бул абстрактуу айтылган ойдун жыйынтыгы эмес, катаал жылдарда күрөшкө катышкан кечеги солдат бүгүнкү коомдук, мамлекеттик ишмердин басып өткөн жолу, унутулгус күндөрү жөнүндө болуп жатат.

Ойду бекемдөө үчүн 1930-жылы, 30-июнда кабыл алынган Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумунун токтомуна көңүл бура кетели. Анда:

«АРДАК ГРАМОТА»

Кыргыз АССРинин аймагындагы басмачыларга каршы активдүү күрөшкөндүгү үчүн Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу Комитетинин 1930-жылы, 30-июндагы токтому менен жолдош ҚАЧҚЕЕВ Қадыркул бу Грамота менен сыйланды жана ага чып этме мылтык белек кылып берилди» — деп жазылган.

Бул баалуу документ мындан отуз тогуз жыл мурда болуп өткөн эң оор мезгилди эске түшүрбөй койбойт. Ооба, ал кезде республикабызда гана эмес, бүткүл өлкөдө айыл чарбачылыгын коллективдештирүү иши турмушка ашырылып жаткан эле.

Айыл чарбачылыгын коллективдештирүүдөгү жеңиш оңой-олтоң эле чечилген жок. Кулактар колунан бардык түрдөгү, формадагы кыянатчылыгын жаңы коомго каршы жумшады. Эгиндерин катышты, мал-мүлкүн жашырды. Алардын таянган куралы сабатсыз караңгы элди ууландырган дин жана анын баскан эски салты болду. Ою ордунан чыкпаган кулактар түн жамынып каракчылык менен коммунисттерге, комсомолецтерге, коллективдештирүүнү колдогон айыл чарба активдерине кол сала баштады.

Дал ошондой тарыхый салгылашууларда элибиз бир туугган партиябыздын чакырыгына жана анын акылман саясатына бек турду. Куралданган басмачы, каракчылардын тобун талкалоо, айыл чарбабыздын чыңдоодо өз мезгилинде советтик Кызыл Армиянын бөлүктөрү да зор милдеттерди аткарышкан. Ал жөнүндө 1934-жылы 22-февралдагы «Ленинчил жаш» газетасына жарыяланган «Талас окуясында» деген макалага көңүл бура кетели: Анда:

«1930-жылы, 24-апрелде Каракоюнда буларды уруш менен каршы алдык. Алардын «баатыры» Шадыбектин ошол замат ташын талкан чыгардык. 60 адам туткунга түшүрдүк... Ошол күнкү урушта алдыңкы чалгынчы Усупбеков, Асылов, Качкеев үчөө Үрмаралдын оозунан 50—60 басмачыны туушуруп, далайын кыйратып... чыныгы эрдигин ошондо көрсөтүштү» деп жазылган.

Ошол эле күндүн түнүндө басмачыларга каршы коюлган чабуул улантылат. Чалгынга чыгышкан кызыл аскер Усупбеков менен Качкеев басмачыларга Арчалыдан кездешет. Каракчылардын канчалык көптүгүнө карабастан эки жоокер алар менен салгылашууну улантышкан. Анғыча арткы күч келип, ал түнү басмачылар менен айыгышкан согуш болгон. Тоону жаңырткан мылтыктын октору эки тараптан тең мөндүрдөй себелейт. Мекендин чыккынчысы болгон каракчыларды түнкү саат он экиде Айры-Белде багынтабыз, колго түшүрөбүз, — деген ой ал түнү ордунан чыкпай калат. Анткени, басмачылар сан жагынан берки отрядга караганда көп болгон.

Бирок согуш тактикасын мыкты билишкен командирлер Доскенов, Кузембаев, Алиев, Жороевдер салгылашуунун ык-

масын өзгөртүшкөн. Доскенов менен Алиев командалык кылган отряд — басмачылар менен түн ичинде башталган Айры-Белдин түндүк багытындагы согушту улантып турушкан. Ал эми Кузембаев командалык кылган отряд Айры-Белдин ашуусунун оң жагынан кирген. Жороев баш болгон чалгындоо согушун Усупбеков, Асылов, Качкеев эрдик менен улантышты. 25-апрелде күндүзгү саат 4төө Айры-Бел ашуусунун белинде басмачылар кыйратылды, — деп айтылган ал макалада.

Сөз 1930-жылы Тлас өрөөнүнөн чыккан: Сүйөркул, Үкү, Жамгырчы, Шадыбек, деген корбашылар башчылык кылган басмачылардын кыргыз аттуу дивизионунун ударный отряды тарабынан кандайча талкалангандыгы жөнүндө болуп жатат.

30-апрелде басмачынын калдыктары Беш-Көл менен Ит-Тайгак деген жерден тазаланат. Эмгекчилердин басмачылар талап алган малдары колхозчуларга бөлүнүп берилет.

Кечеги солдат, бүгүнкү мамлекеттик, коомдук ишмер К. Качкеев менен мен мындан отуз эки жыл мурда таанышкан элем.

...Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин алдындагы инскуссиво иштери боюнча Башкарманын начальнигинин 1937-жылы, 5-августтагы № 88-приказы боюнча райондук Олимпиаданы өткөрүү үчүн Талас, Буденный райондоруна барып калдым.

Талас райондук Аткаруу Комитетинин председатели менен аңгемелешкенимде, — жергиликтүү ырчы, комузчу жана башка элдик талаптарды уюштуруп берүү иши райкомдун бюросунун токтому боюнча прокурор жолдош Качкеевге тапшырылды деди.

Прокурордун кабинетине кирип барганымда өңү мурда тааныш, бирок аты-жөнүн билбеген, мандайы кош кабаттанып турган буудай өңдүү, чап жаак, кебетесинен бөтөнчө маанилүүлүк сезилип турган, шырыктай болгон жигит жылуу да, маданияттуу да кабыл алды. Саламдашып таанышкандан кийин:

— Жарыктык аксакал, ишке прокурорду эмне үчүн тануулады экен? Сизге адабият менен искусствого тааныш адамды кошуп берсе дурус болмок эле, — деп калды.

— Эч нерсе эмес, жолдош Качкеев. Закондун ээси болгон адам да искусстводон кол жууду болмок беле. Балким, Сиз аны билем дегендерден да кем билбес чыгарсыз.

Бири-бирибизди жубаткан күлкү сөздөргө аралашып, райондук Аткаруу Комитетинин председателинин тачанкасына

олтуруп, экөөбүз Кырк-Казык, Калба кыштактарын көздөй бет алдык.

Биз олтуруп барган тачанка Кырк-Казык сельсоветинин имаратынын алдына токтогондо анын айланасындагы кишилер таңыркап карашты. Эч кандай чакыруусуз эле бир топ кишилер өздөрү келишти.

Качкеев келгендеги максатты түшүндүргөндө, сельсоветтин председатели:

— Аксакалдын тачанкасына түшүп келгениңерден кийин дагы башка иш болуп калдыбы деп ойлободумбу. Ырчы, комузчу, эл шайырлары биздин элден табылат. Жогорку айылдан Атай, төмөнкү айылдан Шекербек деген комузчуларыбыз өткөн жылы Фрунзе шаарына барып филармонияга өтүп кетишти. Бу жерде Серек деген карыябыз бар. Он чакты киши баш кошсо алардын жарпын жазгандан чарчабайт. Комуздун кулагын толгоп өзүнчө кыңылдап жүргөндөр да аз эмес, — деп председатель ал жерге келип калган эки-үч баланы айылдагы ырчы, комузчу, кыякчы жана башка эл шайырларын тез чакырып келүүгө чаптырды.

Биз каалаган кишилер да тез эле чогулуп калышты. Ырчыларын ырдатып, комуз билгендеринин күүсүн черттирип уга баштадык.

Кадыркул кароо башталгандан бүткөнгө чейин бир ооз да сөз сүйлөбөдү. Бу жакшы, тиги начар деген оюн да билдирбеди. Атайы келген соң өзү тандап алсын дегендей баарын өз эркиме койду. Бар болгону оюму бөлүштүргөндө, — жарайт, макул деген жооп менен аны бекитип турду. Бирок, ал ичинен өз алдынча кандайдыр бир ыракатка бөлөнүп олтурганы жүзүнөн байкалып турду. Качан гана биз райондук олимпиадага катышчу өнөрпоздорду тандап алгандан кийин:

— Бул тизмедеги кишилер көрсөтүлгөн күнү эртең менен райондук клубга жеткирилсин. Ал жерден тандап алынгандар республикалык кароого Фрунзе шаарына жиберилет, — деди Качкеев.

Кайра тартканыбызда:

— Иштин бардыгы Сиздин кесиптей көңүлдүү жана талаш-тартышсыз бүтүп турса кандай жакшы болоор эле — деди Кадыркул.

Чын ниети менен суктанып айтылган бу сөз мени тартып алды. Жүзүндөгү жылмаюу эргитип, эркимче аңгемелешүүгө түрттү.

— Акын Жоомарт Бөкөмбаев — «Манастын уулу Семе-

тей» деген либретто жазып жатат. Эгер ал коюулуп калса Семетейдин ролун Сиз аткарсаңыз жакшы болор эле. Сахнада сизге окшогон бойлуу, келбеттүү адамдар Семетейдин ролун ойносо эпостук баатырдын образын көркүнө чыгарар эле.

— Прокурордон артистке деңизчи?.. — Ал боору эзилгенче күлдү.

— Ооба, мен чын айтып жатам.

Сырткы көрүнүшү тоңдоосундай, кишилер менен ачылып сүйлөшпөгөн кишидей көрүнгөнү менен, өзүнө кайрылгандын ийрин жандырбаган жигит бир аз үн катпады. Терең ойго батты. Ал Таластын күңгөй менен тескей тоолорунан бир нерселерди көрүп тургандай алыска көз чаптырды да, анан жай гана:

— Тетиги оң жак тараптагы Талас суусунун нары жагындагы өрөөндү Кең-Кол дейт. Анын бер жагындагы кара тоонун түбүндөгү бозоруп көрүнгөн «Манастын» күмбөзү. Жомокто айтылганына караганда Манас ушул өрөөндө жашаган көрүнөт. Балким мени — Манас жашаган жерден экен деп Семетейдин ролун аткарткан жаткандырсың, — Кадыркул жумшак жылмайды.

— Ал жаман бекен. Манасты жана ал жашаган жерди, элди жакшы билсеңиз, эпостогу баатырдын образын түзүүгө жеңил болот эмеспи.

Кадыркул башын сол жакка бурду да:

— Мен Таластык эмесмин. Бирок бул жерге экинчи жолу келишим. Биринчи жолу 1930-жылы солдат кезимде бул жерден чыккан басмачыларга каршы согушуу үчүн Кыргыз аттуу дивизионунун ударный отряды менен келгем. Экинчи жолу өткөн жылдан бери райондук прокурор болуп иштеп жатам.

Солдаттыктан партиялык мектепке САКУга кеттим. Андан партиялык ишке жана прокурордук кесипке өттүм. Эми артист болсом менин келечегим эмне болмокчу? Жакшы ниет менен айткан оюңузга мен ыраазы болоюн, бирок артист бол дегениңизди тануулабооңузду сураймын.

Бул ой-пикирлеримиз мындан отуз эки жыл мурда айтылган эле.

...Ушул жылдын март айынын аяк ченинде «Марина» деген санаториядан келатып, Кадыркул менен саламдашып кайтууну чечтим.

Курскийден чыккан поезд Москвага эртең мененки саат алтыда келгендиктен кыргыз өкмөтүнүн Москвадагы өкүлү

жайгашкан имаратка эрте келип калыпмын. Туура саат тогузга он беш минут калганда Кадыркул да кирип келди.

Көңүлү, ниети, мамилеси дагы эле баягыдай. Чер жазган күлкүсүндө курбулук касиет сакталгандай.

Кечээ эле белине кылыч байланып, колунан бешатарды түшүрбөй Таластын, Чаткалдын, Кызыл-Жардын жана Алайдын тоолорунда уялаган басмачыларга сокку урган жигердүү жигиттин кандайдыр көз ачып жумгандай болгон 39—40-жылдын аралыгында кыламык кар жаагандай саамай чачтарынын кубарганы эр азаматтын улгайып баратканын белгилегендей.

Бирок бул бошко кеткен өмүрдүн өкүнүчтүү кейиши эмес. Бозчагыл тарткан ар бир тал чачтан коомго, элге арналган ак ниеттүү эмгектин узак жолу, күч-кубаты, акыл-ою жумшалгандыгы чагылат. Өткөн кырк жыл айтууга оңой болгону менен далай-далай тар жол, тайгак көчүүлөрдөн, ашуулардан ашырган. Солдаттык турмуштан кийин, партиялык, советтик саясий жетекчи кызматчыларды тарбиялап, даярдап чыгарган Ташкенттеги САКУдан алган билим Кадыркул Качкеевди партиянын Чүй райондук Комитетинин культпробунан, Талас райондук прокурор, областтык прокурордун орун басары, Кыргызстан Ысык-Көл областтык партия комитетинин экинчи секретары, КПССтин алдындагы партиялык уюштуруучулардын жогорку мектебинде окуу, эмгекчилер депутаттарынын Ош областтык Аткаруу Комитетинин председатели, республиканын пахтачылык боюнча министри жана кийинки 17 жылдан бери Кыргыз ССР Министрлер Советинин Москвадагы туруктуу өкүлүнүн жооптуу жана көп кырдуу милдетин аткарууга жеткирди.

Анын Ата Мекендик согуштун эң оор жылдарында жана согушта бүлүнгөн эл чарбасын кайра калыбына келтирүү мезгилинде өлкөнүн, партиянын, коомдун, армиянын, элдин жана ар бир адамдын тагдыры, келечеги жөнүндө камкордук кылуудагы уюштуруучулук эмгегин эстен чыгарууга болбойт. Андай азаматтар жалындаган өрт, чуулдаган ок, жер солкулдаткан снаряд менен бомбалардын жарылууларынан оолак, өлүм коркунучтарынан алыс турушса да, эл тагдыры үчүн жайдын саратан ысык күндөрүндө техникасыз кара күчкө таянган элдин кол эмгегин уюштурган, шаарда да, кыштактарда да эмгекчилерди бирдиктүү чыгармачылык ишке мобилизациялаган жетекчилер, кыштын ызгаар суугунда төшөгүндө жай алып жатпангандарына көзүм жетет, көңүлүм ынанат. Кадыркулдун башынын калчылдап, чачтарынын күмүш жапкан-

дай бозчаңгыл боло баштагандыгынын башкы себеби жогорудагыдай күн-түнү жумшалган эмгек, чеги билинбеген ой, тынчтыкты кетирген нервге байланышканында да талаш жок.

Ишке болгон жоопкерчилик, партия менен өлкөнүн алдында абийирдүүлүктү сактоо, эл үчүн өмүрүн арноо, адамдарга болгон мамиледеги этикалуулук — бул ар бир кишинин керт башындагы жогорку сапатка таандык. Кадыркул Качкеевдин көкүрөгүндө жаркыраган төрт Эмгек Кызыл Туу, бир Ардак белгиси ордендери жана алты медаль советтик социалисттик коом үчүн татыктуу эмгек сиңирген коомдук, мамлекеттик ишмердин белгиси эмеспи. Ал, 1946-жылы жана 1950-жылы өткөрүлгөн СССР Жогорку Советинин экинчи, үчүнчү шайлоолорунда улуттар Советинин депутаты болуп шайланган. Ал эми 1947-жылы өткөрүлгөн Кыргыз ССР Жогорку Советинин экинчи шайлоосунан тартып андан кийинки жылдарда өткөрүлгөн бардык шайлоолордо К. Качкеев Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты болуп шайланып келди.

СССР Министрлер Советинин жанында туруктуу иштөөчү, Кыргыз ССР Министрлер Советинин Москвадагы туруктуу өкүлү болуп жолдош К. Качкеевдин иштегенине быйыл туура 17 жыл болду. Бул жылдардын ичинде ал республикабыздын экономикасын, чарбачылыгын жана маданиятын көтөрүүдө партиялык, советтик, эң маанилүү жана жооптуу милдеттерди аткарды.

«КЫРГЫЗСТАН МАДАНИЯТЫ»,
12-ноябрь, 1969-жыл.

ЭЛДИН УУЛУ

Магаза Масанчиндин ысмы Кыргызстан менен Казакстандагы дунган эмгекчилеринин арасында кеңири белгилүү. Ал Түркестанда совет бийлигин орнотууга активдүү катышкан дунган элинин өкүлдөрүнүн бири катарында достору Хаким Сулейманов, Любуза Танвюнов, Люлю Лолода, Сулейман Маахунов жана башкалар менен бирдикте Совет бийлиги үчүн жан аябай күрөшкөн.

1885-жылы 14-июлда Верный (азыркы Алма-Ата) шаарында кедей дунгандын үй-бүлөсүндө туулуп өскөн. М. Масанчин Улуу Октябрь революциячыл кыймылдын кеңири майданына чыгарган, эмгекчи элдин арасынан пайда болгон тубаса баатырлардан болгон. Ата-бабасынан бери жалданып иштеп келген, дунган элинин бул даңктуу уулу бүткүл өмүрүн эмгекчи элдин бактысы үчүн кызмат кылууга жумшаган. Ал

совет бийлигинин душмандары менен айгышкан күрөш жылдарында өзүнүн укмуштуудай эрдиги, чечкиндүүлүгү жана жөндөмдүүлүгү менен элге таанылган.

Падышачылык кулатылгандан кийин Масанчин Ташкенттеги запастык полктон Биринчи Ташкент жумушчу жана солдат депутаттарынын шаардык Советине жана шаардык согуштук комитетке делегат болуп шайланат. Ал митингдер жана чогулуштарга, Ташкенттин жумушчу жана солдаттарынын куралдуу көтөрүлүштөрүнө активдүү катышат. 1917-жылдын 1-ноябринде Түркстан крайынын борбору болгон Ташкентте Совет бийлиги орнотулат. Көп узабай эле Масанчин Ташкенттеги темир жол мастерскаяларынын жумушчуларынан түзүлгөн кызыл гвардия отрядына кирет. Ал 1918-жылдын август айында Коммунисттик партиянын катарына алынат.

1919-жылдын ноябринде РКП(б) БКнын Түркстан Комиссиясынын чечими менен Масанчин жана Мансуровдун командачылыгы астындагы III Интернационал аттуу мусулман батальону Жети-Суу фронтун чыңдоо үчүн Верный шаарына жиберилет. Мындагы батальон дунган, кыргыз, казак жана башка элдердин ыктыярдуу өкүлдөрүнүн эсебинен бир кыйла салым киргизет.

М. Масанчин комиссар болгон атайын отряд Жаркент жана Пржевальск райондорун ак гвардиячыл бандалардан тазалоодо да чоң роль ойногон, ушул операциянын ийгиликтүү аякташына байланыштуу ага Жети-Суу областынын согуш комиссары приказ менен алып алкыш жарыялаган.

1920-жылда Верныйда чыккан контрреволюциячыл козголоңду басууда да Магаза Масанчин аябаган чоң эрдик көрсөтөт. Ал Д. А. Фурманов жана И. П. Белов башында турган дивизиянын согуштук советине активдүү жардамдашат. Ушул коркунучтуу мезгилде шаардагы эмгекчи дунгандарды, Совет бийлигин орнотуудагы жана граждандык согуштун катышуучуларын козголоңду басууга активдүү катышууга мобилизациялоону уюштурат. Натыйжада эки жүздөн ашык дунган кызыл партизандарынан жана батрактарынан түзүлгөн отряд козголоңчулардын үчүнчү Түркстан дивизиясынын штабын коргоп турушкан.

1920-жылдын жай айларында Масанчин Түркстан республикасындагы дунган эмгекчилеринин өкүлү катары Түркстан Борбордук Аткаруу Комитетинин мүчөсү болуп шайланат да Түркстан фронтунун Реввоенсовети аны Ташкентке чакырган. Анткени ал кездеги Түркстан фронтунун командачысы М. В.

Фрунзенин демилгеси боюнча жалаң дунган эмгекчилеринен турган өзүнчө улуттук атчандар полку түзүлүп, Магаза Масанчин анын командири болуп дайындалат. Полк адегенде Жети-Сууда контрреволюциячыл күчтөргө каршы күрөшөт, кийин Орто Азияда басмачыларга каршы күрөштөргө катышат.

М. Масанчин өтө эр жүрөк, бирок бирге иштеген жана карамагындагы адамдарга өтө жөнөкөй жана мээримдүү мамиле кыла билген. Совет бийлигине чексиз берилген. Анын бул сапаттары полк карамагына кирген аскердик бирикмелердин командирлеринин приказдарында бир канча жолу кездешет. Алардын бирөөндө 1921-жылдын 13-августунда басмачылар менен болгон согушта көрсөткөн эрдиги үчүн Фергана аскерлер тобунун 8-бригадасынын прикаыз менен Масанчин Кызыл Туу орденине көрсөтүлгөндүгү бар.

Ал 1921-жылы Борбордук аткаруу Комитетинин мүчөлүгүнө шайланган. Ал гана эмес Коминтерндин III конгрессинин делегаттыгына шайланып, Москвада В. И. Ленин менен жолугушкан.

Граждандык согуш бүткөндөн кийин ал өзүнүн өмүрүнүн акырына чейин (Масанчин 1938-жылы жалган караланууунун кесепетинен курман болгон). Ташкент жана Алма-Ата шаарларында НКВД, советтик жана партиялык органдарда жоопту кызматтарда иштеп келген.

Казак ССРинин Жамбул областындагы Кордой районундагы анын туулуп өскөн айлы Караконуз Казак ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен «Масанчин» деген атка которулган. Ошентип анын ысмы түбөлүккө сакталып калды.

И. ЮСУПОВ,
«Советтик Кыргызстан». 1967-жыл, 15-сентябрь.

КЫЗЫЛ ТАҢДА КЫЙЫЛГАН КЫРЧЫН

1928-жылы, Мамбеталиев Оморбек Талас кантонундагы 13-айылдык Советтин депутаттыгына шайланып, айыл Советинин председателдигине көрсөтүлдү.

Мына бул, эч убакта унутулгус күндөр, совет өкмөтү менен коммунисттик партиянын кедейлерге арнаган урматтуу жана бактылуу иштеринин бири эле. Бул жылдары Оморбек эки балалуу болуп, алган жары Бүбүкан экөө ынтымактуу турушту.

Жергиликтүү мансапкор, кара ниет адамдардын жасаган аракеттеринен көп зыяндуу иштер Оморбекке туш келди. Талас кантондук органына «себепсиз» кулакка тартты деген тоголок каттар түшкөн.

Күз айы. Түн жарымы оогон мезгилде Оморбек уйкунун таттуу кучагында жаткан эле. Терезелерди жана эшикти катуу ургулаган добуштан ойгонуп кетти. Кимдир бирөө эшикти катуу, тепкилеп:

— Тургун ой, ит! — деп бакырды. Оморбек чыракданды жарык кылып, эшикти ачты. Эки милиционер кирип келди. «Тез кийин, таңга жакын калды, бир топ убакыт эшикте турдук», — деди. Бүбүкан жүрөгү түшүп ыйлап турду. Терезенин жанынан: — «Ырас болду, ушуну көрмөк эле, бир өлмөктөн миң өлсүн» — деген ачуу сөздөр кобураган добуштар угулду. Оморбек кийимдерин тез-тез кийинип жатып: «Аттигиң ай, иттер иттигин дагы карматкан экен да. Эч нерсе эмес, ыйлоо жарабайт. Мен кайра келем, майда-чүйдө нерсеге деле аялдардын көз жашы даяр боло калат. Милициядан коркпой эле кой. Иштин чындыгы жеңет. Буларды бар десе барат да» — деди да, мылтыгын кармап турган эки милиционерди айбаттуу карады. Бүбүкан дем ала түштү. Көз жашы токтолду аны менен коштошту. Бирок, таң атканча көз ирмей алган жок.

Таң да атты. Оморбектин бир тууганлары, айылдагылар алардын үйүнө чогулушту. Арасынан жашы сексендеги чамалуу келген бирөө: «Ушуну көрмөк эле, ак жүрөк болбо десе эч укпай, дайыма «адилеттик жеңет» дейт да, айтканынан кайтпайт. Анын үстүнө кедейлерден ага кандайча жардам тиймек. Ошону байкабаган дөдөй көргүлүктү көрсүн. Бир адамдан биз эч нерсе болбойбуз. Өкмөткө жагам деп жүрүп «элден» чыкты. Бай-манаптар менен күрөшөм дейт, ал эми азыр байлар анын түбүнө жетти», — деди отургандарга алая карап. Ошол мезгилде Оморбектин кичи иниси Оморкан ордунан тура калды да: «Мен силерди чакырганым жок, акмактыкты баштасаңар башка жерден баштагыла. Бузукулуу суук сөздүн бизге кереги жок. Бизге акылды Совет өкмөтү, биздин партия үйрөтөт. Ал эми шүмшүк акыл өзүңөргө кут болсун. Оморбек бүгүн эле бошоп келет, ага мен ишенемин. Душмандардын тилеги ташка тийсин» — деп ачууланды. Аны Акматбек деген тууганы колдоп кетти:

— Оморкан туура айтат, жоголгула! — деди ал ачууланып, баягы кары адамга карай жулунду. «Булар да бир балээни көрөт», — дешип чогулгандар тарап кетишти. Үйдө жалаң

бир туугандар калышты. Кичи иниси Оморканды кабар алуу үчүн Талас кантонунун борборуна жөнөтүштү.

— Биздин айлыбыз кантондун борборунан отуз чакырым алыс эле, — деп эскерет Бүбүкан Мамбеталиева. Оморбектин өз апасы Уулбүбү, ал окуядан эки күн мурун кичи кызы Биримкүлдүкүнө кеткен эле. Ал чак түштө айылдан үйгө келди. Эки жагын ары-бери карай берип: «Эмне баарыңар эле сумсаясыңар. Эмне болуп кетти? Айткылачы?» — деди. Болгон окуянын баарын айтып берип, ал кишиге түшүндүрдүк. Кайненем башын бир аз чайкап алып, көзүн кылгыртты да.

— Бай-манаптар мына ушундай чыйрак, элдин талабын талашкандарды көрө албайт, өкмөт аман болсун, ак ийилип сынбайт, балам эртең эле келет, — деди да сөзүн аяктады.

...Үй ичи жым-жырт. Убакыт өтүп жатты. Күн кеч бешим. Бир мезгилде иттердин бирин-серин үрүүсү башталды да, кайра тымый түштү. Бүбүкан чочуп эшикке чуркап чыкты. Караса Оморбек жана кантком комсомолунун биринчи секретары Наматбек келе жаткан экен, кубанычы койнуна батпай, аттарын алды. Экөө эмнегедир күлүндөй сүйлөшүп, үйгө киришти. Алардын колунда беш атар мылтыктары, бели толгон октору жана көтөргөн кутучалары бар.

Энеси Уулбүбү:

— Ушундай болмокчу, жалган жалаа, адамды жамандыкка алып бара албайт — деди да, баласынын чекесинен сылап койду. Анчыча болбой өз туугандарынын баары чогулду. Кабырга туугандары келген жок. Бир туугандар жана Наматбек болуп түн жарымы оогонго чейин сүйлөшүп, андан кийин жатышты. Сөздүн эмне жөнүндө болуп жаткандыгын Бүбүкан толук биле алган жок. Бир аз күн жүрүп Наматбек кантондун борбору болгон Талас шаарына кайра кетти. Эртеси күнү, беш атар мылтыкты аялына берип жатып: «Жакшы сакта, кабырга туугандар байкабасын, кереги тиет» — деди.

1930-жылы март айынын орто ченинде колхоз курулушунан нааразы болгон жергиликтүү сүткорлор ар жерден баш көтөрө баштады. Мамбеталиев Оморбек тез эле канткомго чакырылып, Талас өрөөнүндөгү басмачыларга каршы күрөшкөн ыктыярдуулардын отрядынын командиринин жардамчысы болуп бекитилди.

Басмачыларды куугунтуктоо иштери бир нече күндөргө созулду. Аксы, Базар-Коргон, Чаткал тарабындагы басмачылардын Таластагылар менен жардамдаш болушу күрөштү оордотту. Ыктыярдуулардын отрядынын командири жарадар

болгондуктан Оморбек убактылуу отрядга командалык кылып, бир нече күндөр тоо арасында басмачыларды куугунтуктап жүрүштү.

Салгылашуучу отряддардан кабар келди. 400—500 чамалуу басмачылар бала-чакасы, катын-калачы, мал-мүлкү менен Үрмаралдын коктусун өрдөп Беш-Көлдү көздөй кетти. Басмачылардын корбашылары Садыбек, Сүйөркүл анын жүз башчылары Эркинбек, Чотондор башында.

Андан бир күн өтпөй эле Фрунзе шаарынан кыргыз атчандар аскери Ленинполь селосуна келет. Дивизиондук командачылар С. Щвецов, Асан Алиев, Б. Доскенов, Ш. Жороев, К. Кузембиев жана К. Качкеев, Ж. Мамбеталиев жана Ш. Сагындыков башкарган ыктыярдуу отряддар кыргыз аскер командачысынын карамагына киришет. Ошол эле замат эскадрондун командирлери Доскенов жана Алиев командир К. Качкеевди, Т. Усупбековду, Оморбек Мамбеталиевди, Райымкул Төлөгөновду, Манапбай Жунушовду чакырып чалгындоого баруу үчүн буйрук берет.

Үрмаралдын коктусунун оозуна жакындаганда чалгынчылардын командири К. Качкеев аттын тизгинин тарта салып, дүрбүсүн көзүнө тосо коюп:

— Токтогула! Сол жактагы коктуга түшкүлө! — деген команда берди. Алдыдан 15 чамалуу белгисиз адамдардын карааны көрүндү. К. Качкеев көпкө токтоп турбастан, чалгындоо группасын дароо экиге бөлдү, оң жаккы четине өзү командачылык кылды, сол жаккы четине Осмонов Иса командачылык кылды, Атчан чабуул коюуга жердин ыңгайсыздыгы тоскоол болду. Жөө салгылашууга туура келди. Басмачыларга ар тараптан мылтыктын, кол пулемёттун огун жаадырышты. Жарым саатка чейин катуу атышуулар болду. Басмачылар ордун ташташып качып жөнөштү. Ошондо биринчи Оморбек атына минип, басмачынын кеткен жагын көздөй кырды айлана чапты. Артынан анын жигиттери жөнөдү. Оморбек чапкан бойдон сол жактагы токой-чырканактарга бурулду, караса сартору атына минип, үстүнө жеңилдеп сары чепкен кийген Үкубай кетип бара жаткан экен. Атандын көрү — ай... алыс болуп калды, жеткизер бекен деп, кылычты кындан сууруп алып барчын бүркүттөй куушурулуп качырып сала берди. Үкубай жогору качып андан кайта Үрмаралдын суусун бойлоп, суунун агынын көздөй качты. Үкубайдын аты оной менен Оморбекке жеткизе турган эмес. Жакындап калды. Мына жетем, ана жетем деп келе жатты. Бир убакта Үкубай артын

карай калып, Оморбектин кылычынын сүрүнөн коркуп, үнүнүн бардыгынча кыйкырды. Капталдан калып чырканактын арасынан Оморбекти көздөй 5 киши качырып калды. Бирөө Оморбекке жакындап, темир чокмору менен чабайын дегенде Оморбек кылычтын сырты менен шилтеп жибергенде аттын үстүнө көпөлөктөй ыргып түштү. Оморбек камчы уруп, илгери көздөй жөнөдү. Үкубай чырканакты айлана качты. Ал мант берип чаптырбай жатты. Артынан капысынан Оморбектин желке талаштыра чоюнбаш менен бирөө чаап өттү. Атын буруп качырганча болбой дагы бир басмачы чаап жиберди. Ошондо эси ооп, аттан кулап түштү Оморбек. Үкүбай кайрылып келип:

— Ой Чотон, ит өлүм болгон Оморбек итти кыл чылбыр менен абдан таңып, тээтиги суу жеп кеткен терең аңга салып таштагыла, эгерде жарым түнгө чейин өлбөсө, анда келип биротоло өлтүрүп кетебиз, болгула тез, кызылдар келип калбасын.

Командирлер К. Качкеев, И. Осмоновдор басмачыларды караңгы киргенче куушуп, атышып, чабышып, эки адамды туткунга алышып, дивизиондун штабы турган кыштакка келишти. Доскенов менен А. Алиевге, К. Качкеев доклад кылды, болгон иштин баарын айтты. Мамбеталиев Оморбектин дайынсыз жоголуп кеткендигин маалымдады. Оморбектин дайынсыз жоголгондугун угуп А. Алиев абдан капа болуп:

— Эртеңки бара турган чалгынчылар кандай гана болбосун, 13-айылдык Советинин председатели, ыктыярдуу отряддын начальниги Оморбектин өлүү-тирүүсүн табыш керек. Анын өлүмү биз үчүн кечиримсиз.

...Оморбек Мамбеталиев өйдө караса көзүнө жылдыздар жылтылдап көрүнө баштады. Ары-бери кыймылдап көрсө кыл аркан бүткөн боюн кыйып бараткандай. «Тирүү экемин, анчамынча кырсык... Муну дагы көрүш керек» — деп ойлоду ал.

Оморбектин кулагына дүбүрт угулду. Бир оокумдн кийин аңдын тегерегине бир нече адамдардын көлөкөсү пайда болду.

— Түш, түш аттан! — деген сөздөр чыкты. Басмачылар экен! Бирөө аңга түшүп келди.

— Ээ, болуш аке, тирүүсүңбү? — деди ал.

Оморбек кичине башын көтөрүп:

— Ооба, мыкаачы, мен тирүүмүн. Менин жаныма өлгөнү келдиңби? Орун алмашып каларбыз.

— Тарт тилиңди шайтан, өлө албай жатып, өлөң айтканын карасаң.

Оморбек башын көтөрүп:

— Чеч колу-бутумду, баш кесмек бар, тил кесмек жок. Басмачы Оморбекти арканга байлап жатып тура калды да:

— Сенин тилиңди Үкүбай кесет! Тарткыла арканды, — деп кыйкырды. Басмачылар жабылып андан Оморбекти сүйрөп тартып алышты.

Үкүбай күн батышты бир карап таң атып келе жатканын биле коюп, Чотонго буйрук берди:

— Оң колун кесип ташта!

Чотон Үкүбайга карап ордунан тура калып, ишарат менен ага мындай деди:

— Адамдан шарият боюнча кан чыгарып болбойт. Ошон үчүн чоюнбаш менен эле чаап таштайын.

— Үкүбай башын ийкеди. Оморбек бир мүнөткө колу-бутун бошотууну суранды.

— Шарият боюнча күнөкөр кишинин колун бошотууга болбойт! — Темир чоюнбаш менен оң жаккы карысын шылый чапты. Оморбек жерге бир тоголонуп тишин кычыратып, кабагын катуу бүркөп, чымырканып башын көтөрүп, Үкүбайды карап бетине жаба түкүрдү. Оморбек мүнөткө колу-бутун бошотсо, отурган басмачыларды карышкыр кой баскандай кылайын деген ойдо турган эле, бул ойго жете албады.

— Мени өлтүрсөңөр, бирок силердин биринер да тирүү калбайсыңар, эртең менин артымдан барасыңар, жүзү кара, кан ичкичтер! — деп тилин тартпай Үкүбайды карай эки тоголонуп жулунду. Үкүбай өңү кубара артын карай кетенчиктеди.

Ошентип 13-айыл Советинин председатели басмачылардын колунан мыкаачылык менен курман болду. Ошол эле кыргыз дивизионунун алдыңкы чалгынчыларынын бир тобу, Беш-Көлдү көздөй бараткан басмачылардын изи менен бараткан. Чалгынчылардын алдында келе жаткан Райымкул менен Манапбай аттан ыргып түшүштү. Алар командир Намсону чакырышты, Намсо Вейлиал Оморбекти мурун эле, 1929-жылы Чаткалда басмачылар менен кармашып жүргөндө эле таанычу. Аттан ыргып түшүп, бетиндеги топурагын акырын бет аарчы менен сүртүп, ат жабуусун үстүнө жапты.

Командир Шады Жороев чапкан бойдон жетип келди. Намсо болгон ишти доклад кылды.

Командир ошол эле жерде аза күтүү митингисин жасады.

Кылычтарын кынынан сууруп алышып, кызыл жоокерлер өч алууга ант беришти.

Командир Райымкул Төлөгөновго буйрук берди:

— Азыр, тез аранын ичинде Оморбектин аялына, туугандарына жана балдарына кабар бергин, алып кетишсин.

Мындай иштер жеке гана Талас өрөөнүндө болгон эмес, Кыргыз Республикасынын көп жеринде болгон окуянын бири гана.

Оморбектин жары Бүбүкан эже эки уулун жетим зарын тарттырбай чоңойтту, окутуп жогорку билимге жеткизди. Азыр Оморбектин эки уулу жооптуу кызматтарда иштешет. Алар да атасынын жолун жолдоп. Ата Мекендик согушка катышып, орден алып жана көптөгөн медалдар менен сыйланышкан.

Ошол эле 1930-жылы март айындагы болгон окуяга мен да катышкан элем. Бул өз көзүм менен көргөн окуялардын бири.

ОСМОН ЛАЙЛИЕВ,
армиянын отставкадагы майору.
«Кыргызстан Маданияты». 2-июль, 1969-жыл.

КҮРӨШТӨРДҮН КҮЖҮРМӨНДҮК БИР ЭПИЗОДУ

Ата-энеден эрте ажырап, эл-журту менен кошо тентиреп, курсактын айынан Үч-Турпан, Ак-Суу, Жаңы-Шаар, Кара-Шаарларды аралап, күрүч заводунда иштеп жанчылаган тоголок сары бала — Орозалынын мандайын биринчи жолу Октябрь революциясынын нуру сылады. Жалпы кыргыз эли сыяктуу эле көр оозунан тартып алды. Окутту, комсомолго өткөрдү, тарбиялап аң-сезимин өстүрдү. Жер бетине биринчи орногон социалисттик мамлекет улам торолуп, улам күчтөнүп, ак гвардиячылардын сазайын берип, ички-тышкы душмандардан арыла баштады. Бирок кызыл тапты көрө албоочулар али бөрүчө жортуп, багынып бере элек. Ушундай мезгилдерде Кыргызстандын аймагында эң биринчи жолу улуттук армиянын бөлүгү 1925-жылдын 27-июнунда уюштурулду. Бул тунгуч армия 2 взводдон түзүлгөн. Биринчиси — күжүрмөн саясий окууну күчөтүү, экинчиси — чарбачылык иштер боюнча. Ошентип Кыргызстандын эң тунгуч аскер бөлүгү түзүлдү. Анын өздүк составдык бөлүгү жергиликтүү улуттардан иргелген. Алар айрыкча өз каалоолору менен келип кирген кыргыз кедей-кембагалдардын балдары болгон.

Убакыт өттү. Армиянын катары көбөйдү. 1925-жылдын аяк ченинде кыргыздын атчан аскери түзүлдү. Пишпекте

түзүлгөн бул бөлүктүн катарына Караколдон, Нарындан, Жалал-Абаддан, Оштон жана Таластан ышкындай солкулдаган жаш жигиттер топ-тобу менен өздөрү каалап келип жатты. Көбү комсомолдун мүчөлөрү.

1927-жылы Пишпекте кыргыз атчандар дивизиону түзүлдү. Дивизиондун командири болуп В. А. Калачев, андан кийинки убактарда И. В. Черных, Я. Я. Труло жана С. М. Швецовдор дайындалды. Дивизиондун саясий жетекчиси Мамашев, Амировдор болгон жана партиялык уюмунун секретары болуп Орозалы Саралинов дайындалат. Дивизиондогу негизги максат: Аскерлердин саясий билимин көтөрүү, согуш ишине машыктыруу. Аскердик кызматын өтөгөн солдаттар, колхоз, совхоздорго жооптуу кызматтарга жиберилүүчү. Алар масса арасында агитатор катары да милдеттер аткарышчу.

* * *

1930-жылдын июлу. Азыркы аэропорт турган аймакта жайнаган ак чатыр. Ал жайкы лагердеги аскерлерге таандык. Күн бою машыгуу жүргүзгөн аскерлер уйкуда. Топ-топ боло тизилген аттар аштоолорго салынган көк ыраңды күрткүрт чайнайт. Чиркейлерден коруна шыйпанып, кошкурат. Айсыз асманда жылдыздар коюуланып, түн караңгылыгы салмак арткандай.

Жооптуу сакчылыкта лейтенант Жороев. Асталган серенин бийигиндеги анын телефону күтүүсүздөн шыңгырады.

— Алоо! Лейтенант Жороев угуп жатат.

— Бардык командирлер штабга шашылыш түрдө келсин.

— Куп, жолдош командир!

Түнкү саат бирде дивизиондогу командирлер, саясий кызматчылар штабда турушту. Жаак булчуңдары түйүлгөн Швецовдун өнүнөн олуттуу иш жөнүн байкашты. Ал жарыкка туруп, Орто Азия согуш округунун шашылыш телеграммасын окуй баштады.

Телеграммадагы кабар жана берилген буйрук оор. Ады корбашы башкарган тумандаган басмачылар Алай, Гүлчөдөгү беймарал калкты өз билгендериндей кана-канаптап жаткан. Кайып Пансатты пир тутканлар Өзгөндү ойрондоп аткан. Кыргыз дивизиону эки-үч күн ичинде ал жерде болуш керек.

Швецов башында эки жүзчө аскер жарак-шайман, атжеми менен түнкү саат төрттө Пишпектеги атайы поездге

шыгырап олтурушту да, түн жамына созулуп, сапар тартышты. Паровоз жан сабап, кош сызык темир жол үстүндө чоюн дөңгөлөктөр чимирилип, тыным болбоду. Экинчи күнү Кара-Суу станциясына бир тийишти да, аттарын жетелей жайнап түшүшүп, басмачылар уюгун көздөй дуу коюшту.

Гүлчө ичин жүрөк даап, көз чыдап карай алгыс: өрттөнгөн үйлөр, жол бойлору кескиленип, мууздалып өлтүрүлгөн адам денелери, советтик кызматчылар орношкон мекемелер, магазиндер тып-тыйпыл тонолуп талкаланган. Ой-чуңкурларга корголоп, уңулдап ыйлаган ач, жылаңач балдар, тирүү калган катын-калач, картаңдар.

Партиялык, советтик кызматкерлер, НКВДнын аппаратындагылар курман болушкан. Райкомдун биринчи секретары Искендеров мыкаачылык менен кыйналып өлтүрүлгөн.

Кордукта калган элдин эсин жыйдырып, үгүт-насаат айтып, бул ойрончулук кайталанбасын ишенимдүү түшүнткөн дивизион, эми баш кесерлердин сары изине чөп салышып, артынан сая түштү.

Гүлчө чытырман бадалын, аскалуу зоосун, Бүлөлү ашуусун ашып, басмачылар айлына жетишти. Ар жерге койгон тыңчыларынан шек уккан алар өз үйлөрүн өздөрү өрттөп, Кашкар тарапка бет алышканы билинди.

Кызыл аскерлер жана жүрө түшүп Сулайман Парманаска кезигишти. Ал 60ка жакын ыктыярдуу жоокерлери менен Адыга каршы кармашып турган.

Душман куугунга алынды. Дүңгүрөмө ашуусуна эңкейе калың басмачыга урунушту. Бир күн атышуу, кармашуу болуп кан суудай акты. Көпчүлүгү окко учту. Ады качып кутулду. Колго түшкөндөрдүн айтуусунда, Адынын бешжүздөн ашык адам менен чек арадан өтүп кеткени билинди.

Дивизион экиге бөлүндү: Мүров менен Эльмуратов баштагандар Дүңгүрөмөнү айлана алдын буумакка, Швецов менен Саралинов баштагандар Кара-Белди ашып кыйгап чыкмакка.

Кара-Белди ашкандар кара таандай калың басмачылар үстүнөн чыгышты. Мына кармаш! Бадал жамынып, аскага арта салынып ок чыгарган жан. Курал оозунан көк түтүн тынбай улайт. Айлана дүңгүрөп, зоо кабышат. Ажалы жеткендер ала салып, жарадарлар кансырап, басмачы тарабтан өлүмдүү болду. Канткен менен ууру арты кууш дегидей алаптанган басмачылар сүрдүгүп алсыроодо. Алар ууру эмей ким? Айыпсыз болсо өз жери, өлөң төшөгүнө жа-

тышпайт беле. Анчалык, азезилдердин тукуруусу жана бийликтен ажырап бараткан бай-манаптардын алдап-арбоосу менен дөлдөйүп ээрчип алган далай тамандар да ууруларга кошулуп, ууру болушуп, өз тарабына ок атты. Өз тарабы үчүн кан-жанын берип, акыйкат жолу менен чабуул койгон кызыл аскерлердин айбатына чыдай албай окко учуп, тирүү жансоога сурап, кол көтөрдү.

Эрдиктин иши эрдик. Өз ыктыярлары менен уюшулган кызыл армия кимден жазганып, кимден кылчактасын! Кара уста катыгы берилип, кан жутту. Ады корбашы менен Кайып Пансаттын да тилеги таш капты.

Жүрөгү түшкөн Гүлчө эли тынч уктап, тиричилигине бедел буруштү.

Ошол салгылашта Орозалыга аты жазылган курал менен ардак грамота тапшырылган.

Тиги алкак ичиндеги сүрөт ошо басмачылар багынып бүткөн айдан аз жылча мурда, Казань шаарында тартылган. Анда армиянын старший лейтенанты деген чини бар 24 жашта чамасында жигит болгон. Бирге түшкөнү ошол кезде баш кошкон **өмүр жары Рахыйла Бабасаевна.** Азыр өзү менен бир карып, төрт уулдун энеси. Төрт уулу азыр жогорку окуу жайларын бүтүп, жооптуу кызматтарда. Чоң ата, чоң апа өбүрө-чөбүрөлүү.

Карыянын кайсы кызматтарда иштеп келгени өзүнчө узун тизме. Алган грамоталары, алкыштары канча. Ата Мекендик согуштун башталышынан бүтүшүнө чейин катышты. Жараланып, ажалды эчен буйтап, адаштырды. Бүгүн персоналдык пенсионер. Өзү биринчи күнүнөн ишине аралашкан республикасынын 50 жылдык өмүрүнө кубанып, жеңиштерине ыраазы.

О. ЛАЙЛИЕВ.

«Советтик Кыргызстан». 20.10.1966-жыл.

БАСМАЧЫНЫ БАГЫНТКАН

Кыргыз жергесинде кызмат өтөп отставкага чыккан эски чек арачылардын бири полковник Борис Михайлович Васильев менен жолугушууга туура келди. Биз Борис Михайловичтен ал жылдары эл ишенип мамлекетибиздин ыйык чек арасын коргоо үчүн жиберилген кыргыздын тунгуч уулдары тууралуу айтып берүүсүн өтүндүк.

Мындан 30 жыл Б. М. Васильев чек арачылардын комендатурасына келип иштеп калат. Кыргыз уулдарынын ичинен

бул заставага биринчилерден болуп бир жаш жигит келет. Ал Озоке Ташматович экен. Улуту кыргыз Бөлүмдүн командири болуп дайындалды.

Бара-бара жаш командирдин басып өткөн жолу менен тааныша да башташат. Осмокенин атасын 1917-жылы байлар өлтүрүшкөн. Өзү 1921-жылы комсомолдун катарына өтөт. Ошол эле жылы комсомолецтерге кошулуп «Чолпон» аттуу биргелешип иштөө коммунасын уюштурушат. 1927-жылы 15-сентябрда өз каалоосу боюнча улуттук атчан дивизиондо кенже командирлик кызматка келет. Түштүктөгү басмачыларды жок кылууга активдүү катышат. Мына ушундан кийин гана Харьковдогу чек арачылардын мектебине окууга жиберилет.

Чек арачылардын заставасына Ташматов командирлик кылууга туура келген күндөрдө батыштагы империалисттер бир нече жолу кол салууга аракет кылып турушту. Ушул максатта Синь-Цзянда топтоштурулган ак гвардиячыларды, бай-манаптарды чогултуп, өзүлөрүнчө банда түзүшкөн. Исламистен деген бирдиктүү мусулман мамлекетин түзүү чакырыгы турциялык белгилүү авантюрист Салим Пашанын жетекчилиги астында уюштурулган. Салим Паша согуштук чалгындоого биздин чек арачыларга каршы кыргыз элинин ашынган душманы, европалык куралдар менен жакшы куралданган Кулчундун бандасын жиберди.

Чек арачылар күчтөрүн топтошуп, корбашынын бандасын талкалоону чечишти. Жардамга ыктыярдуу атчан милициянын отряды келди. Эл, өзгөчө жаштар чек арачыларга дайыма жардамдаш болушту. Ашууга жакын жерде Кулчун катуу салгылашууга даярданып жатты. Ага Синь-Цзяндан Салим Паша жиберген отряд келип кошулду.

Басмачылар аскалуу тоону чеп кылышты. Чек арачылар келе турган жолду «Люэс» системасындагы ондогон кол пулемёттору, ок менен тосуп турду. Ар бир таштын артына аткычтар жашынып отурушту. Кырдаалды болжоп, душмандын ок атылуучу чектери менен каршылык көрсөтүүчү бардык участокторун такташ үчүн Осмоке Ташматов, өзүнүн отряды менен чалгынга чыгат.

Чалгынчылар таңкы туманды пайдаланышып, душмандын коргонуусуна жашыруун түрдө жакындап келишти. Аларга ок менен жооп берүүгө туура келди. Ошондон улам алардын сыры буларга белгилүү болуп калды. Алардын коргонуусундагы бир түйүн биздин чек арачыларды өзгөчө

тынчсыздандырды. Ал жолдун үстүндөгү ачык аянт эле. Бандиттер ташка жашынып көпчүлүгүн ошол жерге топтошкон. Бул жерден ашууга кетүүчү жолго мөндүрдөй ок жаадырышмак. Чабуул коюучулар үчүн болгон бул өтө коркунучтуу абалды билген соң Ташматов, заставага дароо кабар кылды. Бир нече чек арачыларга таштардын далдаасына жатып душмандын позициясына карата ок атууга буйрук берди да, калган чек арачыларды «Алга» — деп өзү жалама тоонун чокусун көздөй чуркап жөнөдү.

Алар ок атылып жаткан жердин оң жагынан өтүшкөндөн кийин аттарын калтырышып тоого чыга башташты. Ар бир чек арачыдагы курал-жарак, ок-дары өтө оор. Алдыда жалама зооканын миздери... Бул жүк кеп эмес. Осмоке алдыда жол баштап жолдошторун кайраттанта:

— Тез-тез жүргүлө. Башыңар айланат, ылдый карабагыла, — дейт.

Чокуга да чыгышты. Кандайдыр төмөнтөн мылтыктын үнү угулат. Эми душмандын үстү жагында болуп калышты. Тээ төмөндө басмачылар жайма-жай гана жүрүшөт.

Командир бул жерге жеткен курал жарактарды санап чыкты. Куралдарыңарды камдагыла — деп команда берди. Кимдир бирөө окторду үнөмдөө максатында чоң таш алып төмөндү карай кулатып жиберди. Көп узабай касаба зоонун койну көчкүгө толуп корумдала баштады. Баятан дымырап жаткан басмачылардын бандасы чак-челекей түшүп калса болобу. Жолдун тиги башынан биздин отрядын карааны көрүндү. Атчан жоокерлер жакындагандан жакындап келе беришти, ал эми басмачылардын пулемётторунан дагы эле үн жок. Көрсө, алар отряд жакын келгенде бирден терүү максатында жатышыптыр.

— Баштабайлыбы! Осмокенин группасындагылардан бирөөнүн тынчы кетип жатты. Бирок Ташматов шашпады. Ал тигилердин биринчи ок чыгарышын күткөн.

Ангыча түлкү тумакчан, күпсүйгөн адам колун өйдө көтөрө команда бермекчи болду эле, бирок ага үлгүрбөй аткычтын таамай огунан учту. Түлкү тебетейдин командасын күтүшкөн таштардын коңул-коңулдарындагы банда колдорунда канжарларын жаландатып тура беришти.

Чек арачылар банданын туш тарабынан курчап чыгышты. Арасынан команданы күтпөй эле ок чыгарышкандар да болду, бирок банданын каршылыгы кеп эмес эле. Себеби, алар алакандагы кумурскадай болуп чокудагы Осмокенин ал-

дында тизилип жатышкан. Банда бат эле тазаланып, куралжарагы менен багынып берүүгө мажбур болушту.

Колго түшкөн ак гвардиячылардын офицерлери зоокага эч ким чыгып келе алышпайт деп ойлошкондугун кийин айтты. Көрсө, алар ишенген жактан Осмокенин биринчи жолку таш кулатып, көчкү көчүргөндүгү алардын жүрөгүн түшүрүп койгон экен...

Мында да Кулчун колго түшпөй калды. Арадан бир убакыт өтпөй ал дагы чек араны бузууга аракет жасады, ушул сапар колун көтөрүүгө аргасыз болду.

О. ЛАЙЛИЕВ.

«Ленинчил Жаш». 28-май, 1965-жыл.

КЫЗЫЛ КАНДУУ КЫРГЫНДАЙ КЫЙЫЛГАН КЫРЧЫН

1916-жылы 12 жаштагы бала болгон — ошондон бери 63 жыл өттү! Кыламык кар жамынган борчуктуу жылаңач тоолор негедир демейдегиден да суз. Чокуларында булут ойноп, көктуларында бороон улуйт. Сай-сөөктү сыздатып, кулак-мурунду чымчылайт. Ашуунун жалгыз аяк жолу ийри-муйру болуп кулап кетчүдөй, саландаган аскалардын алды менен өтүп, кээде түпсүз зындандын дал чети аркылуу устаранын мизиндей ичкерип үрөйдү учурат.

Мына ушул кыямат жолдо жээгин туман чалган Кегетинин ашуусун бет алып, жүздөгөн, миңдеген адамдар баратат. Боздогон төөлөр менен мөөрөгөн уйлардын, кой-эчкилердин чурулдаган үндөрү тоонун ичин жаңыртып, айтор тозоктун жышанасы келгендей. Ал эми тигил жакта али тоң тиштей элек берекелүү өрөөн. Анда мемиреп агып жаткан Чүй суусу калды. Таланган-бүлүнгөн ата конушта чечилбеген үйлөр турат. Түтүн... Киндик кезип, кан тамган жер күйүп жаткандай туюлат.

Алдуулар жан талашып илгери карай кетүүдө. Алардын катарынан калбай алиги илминдеген эти тирүү бала да баратат. Ал Кең-Булундук Кара таман Ташматтын уулу Осмоке эле.

Осмоке ата-энесин, эжесин тапкысы келди. Алар кайдадыр алды жакта болушу керек.

Осмоке эч нерсе ойлобой баса берди. Аңгыча ай да көтөрүлдү. Алды жакта жылтырап суу агып жатат. Түнкүсүн Миң-Булак капчыгайынын агып жаткан өзөнүндө да ушундай сымап сыяктуу жалтырап көрүнүчү.

Мындан ары карай барууга болбойт. Ал жээктеги жардын башына отуруп, түнкү сулуулукка суктана кетти. Таштын сыртка чыгып турган шуңшуйган чокусу, ак сакал, сүйрү беттүү дөө сыяктуу көрүнөт.

Суунун шаркыраганы улам акырындагыдай. Аны алдейлеп, «уктай гой, көзүңдү жум» дегендей сезилет. Акырындап баланын көзү илинип кетти. Башына таштан калпак кийген муз дөө ага апакай «жумшак» колдорун сунуп, аны кучактап өз үйүндө баласын эркелетип алдейлеген мээрман ата өңдөндү.

Ушинтип жаңыдан көшүп, таттуу уйкуга тартылып баратканда суунун шарына дагы бир башка дабыш кошулду. Ал эмне үчүндүр аттын дүбүртүнө окшош дабыш эле. Осмон башын көтөрүп, эки жакты караса артында атчан киши турат.

— Эй, бала, сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң? Бейтааныш кишинин үнүнөн кандайдыр жылуулук анын тагдырына тынчсызданган дык байкалды.

Осмоке ордунан турайын деди эле буту кыймылга келбей жыгылып кете жаздады.

— Ой, айланайын, сен тоңуп калгансың го ыя? Ата-энең кайда? Баланы акырын көтөрүп дөңсөөгө койду.

— Эч нерсе эмес, мен таң атканда ата-энемди, карындашымды издеп табам, — деди.

Бейтааныш адам жомоктогу сыйкырчылардан бетер кандайдыр бир нан алып чыгып экиге тең бөлдү да, жарымын Осмокеге берди.

— Ме жеп алгын, курсагың ачкандыр.

Бул бейтааныш киши Чорго Карамуратов эле. Ал көпкө сүйлөдү. Бир дагы сөзүн калтырбай угууга тырышкан Осмокенин баары бир уйку жеңип кетти...

Таң сүрүп, өрөөнгө жарык түштү. Тоо башынан арта салынган күндүн нурлары көздү уялтат. Тоо суусу күрүлдөп, көбүктөнүп төмөн кулоодо. Кебез сымал ак булуттар түрмөктөлүп өрөөндүн үстүнө жай каалгыйт.

Ызы-чуу түшүп баш аламандык өкүм сүргөн качкындардын тобу ордунан козголду.

Осмоке атасын көрдү. Ал кадимки жамачылуу чапанын жонунан дайым түшүрбөгөнү менен, жаман тери малакайын кийген кейпинде, алиги бейтааныш кишиге ракмат айтып, анын жанында турат.

Мына, сенин атаң да табылды, — деди Карамуратов

жаңы эле ойгонгон балага. Анан ал жылмайган калыбында ордунан турду.

— Ата...

— Барсыңбы уулум. Кучакташып көрүштү.

Ал анчалык алыс эмес жердеги сынган жыгачка байлап койгон атына барды да чылбырын чечип аттанмак болду.

— Ава, сиз биз менен барбайсызбы?

— Жок, — деди ал, — мен туулуп өскөн жеримен кетпейм. Ал мени баккан өстүргөн, киши кылган. Аны коргоо керек. Мен ата конушту орус эмгекчилери менен бирдикте коргойм.

Осмокенин атасы ишенимсибей башын чайкап тим болду. Осмоке өмүрүндө биринчи жолу атасынын башын чайкаганы туура эмес деп ойлоду. Ал атын үстүндөгү кишиге жабышып, «мени өзүң менен ала кет» деп артынан ээрчегиси келди.

Бирок атасы аны бекем кучактап турду. Баланын жүрөгүнүн ачышканын түшүнгөн Карамуратов, эңкейип, шадылуу колун сунду да:

— Кош иничек! Биз сүйлөшкөн сөздү унутпа. Мен сенин адилет, эр жүрөк мыкты жигит болоруна ишенем, — деди.

— Ошентип туулган жер менен коштошуучу убакыт да жетти. Эл таштын арасын аралап, тырмактарын сындырып бир уучтан топурак алып жатты. Аны алар ушунчалык этияттык менен чүпүрөккө түйүшүп, аргасыздан таштап кетип жаткан туулган жердин эстелиги катары алып кетишмекчи.

Торугарт каардуу жана катаал ашуу. Чек ара артта калды.

— Мына Кытай деген ушул экен да. Тунарып күзгү түндөй көңүлсүз, — деп ойлоду Осмоке. Ал турмушту али биле элек эле. Бирок, жат жер жарытпасын жүрөгү алдын ала сезип турду.

Ашуунун белине карап, жумурай журт чөк түшүп: «Ой кудай, ой кудай-ай! Кудурети күчтүү жараткан кең пейилдүү алла-таала пенделериңди сактай көр, кырсыктан куткар» — деген үндөр. Эгер бир киши жалынса кудурети күчтүү кудай укпай калышы мүмкүн. Ал эми миңдеген адамдар жардам сурап жаткан соң, алла-таала ырайым кылат» — деп ойлогон Осмоке тээтигил тараптагы асканы, тигиле карап, ошол туштан аксакал, мээримдүү карыя чыгып элди азаптан куткарат, жат жерге да барбайбыз деп үмүт кылды.

Бирок бул сапар да адеттегидей эле кудайдын кулагы керендик кылды.

Алар көзгө комсоо, жат жер менен кетип баратышты.

Ансыз да адегенде эле жарымсыз даярдалган азык-түлүктөрүнүн аягына чыгышып бүттү.

— Кашкарга акыры жеттик, — дешти.

Алар шаардын килейген темир капкасынын алдында топтолуп турушту. Мына ошол учурда кыйчылдаган катуу үн угулуп, дарбаза ачылды. Дүрбөгөн качкындар кирүүгө аракет кылышты эле, алдыдан чыккан куралчан жандармдар, түшүнүксүз бир нерселерди кыйкырып токтотту. Анан кандайдыр коркунучтуу окуя болду. Эч кандай суроо сопкуту жок эле качкындардын каптарын, куржундарын жулуп алышып, ичиндеги кунарсыз кийим-кечелеринин жакканларын бүт алып жатышты. Ташматтын колго урунар эч нерсеси жок эле. Тиштери саргайган семиз жандарм аларга жакындаганда Осмоке атасынын жаман чапанына жабышты. Жандарм капты чечүүгө буйрук берди. Бирок колдору титиреген Ташмат чие байланган жипти чече албай койду. Тиги аны кесип, колго илинер эч нерсе таппагандан кийин сөгүнүп жиберди. Анын дүнүйөкор ач көзү береги турган кыздын чачынын учундагы жипке бекитилген күмүш тыйындарды көрдү да жулуп алмай болду. Ал кыздын чачынын ооруганына да караган жок. Кыз бечера жыгылып кетти. Семиз жандарм кыз менен анын энесинин үнүнө карабастан тыйындарды алууга жанталашууда.

Осмоке бул шумдуктан коркуп, селдейип калды. Ага тигил жандарм колундагы куралы менен карындашынын башын кыя чаап таштоочудай көрүндү. Бирок андай болгон жок. Жандарм кылычын төмөн түшүрүп, кызды колтугуна кыскан бойдон дарбазаны көздөй жөнөдү.

— Айнагүл! Айнагүл! — энеси жерден тура албай жатып кыйкырды. Кимдир бир карыя адам, кудай үчүн кызды ташта деп жандармдын бутуна жыгылды эле, кылычын бир шилтеши менен ал канга боёлуп сулап жатты.

Осмоке коркондон куту учуп кетти. Ушул окуялардын болгонун чын эле анын көзү көрүп жатабы? Булар мында эмнеге, эмне үчүн келген? Бул сары кийимчен ырайымсыз кишилер эмнелерди иштеди, а мындан ары да эмнелерди ойлоп жатат?

Качкындар үчүн өтө кыйын күндөр өтүп жатты. Бир сындырым нан же бир ууч талкан үчүн күнү бою иштөөгө туура

келди. Алар күрүч эгүүчү талааларды семиртүү үчүн заң ташышып, оор таштарды көтөрүштү. Осмокенин атасы бир нече чакырым алыстыктагы таштак жерге эшек менен топурак ташуучу. Анткени, ал жалданган бай кытай ошол аянтка күрүч айдамак болгон. Осмон атасына колунан келишинче жардам кылып жүрдү.

Күндөр өтүп жатты. Качкын кыргыздар бөлөк-бөтөн жерде ачкадан, оорудан өлүп чексиз кордуктарды көрүштү.

Мына ушундай кайгылуу окуялардын күбөсү болгон Осмоке дайыма атасына мындай дечү:

— Ата, туулуп-өскөн жерибизге кетели, эптеп тоо таянсак, Тянь-Шань кеңири, берекеси мол, жансактап кетебиз.

Атасы эч жооп айтпай, үшкүрүнүп жөн болучу. Бирок, бул жолу уулу менен кадимки чоң кишилердей маектешип, чечилип сүйлөштү.

— Уулум мен алдан тайып баратам. Эми жерден топурак салынган капты да көтөрө албай калам. Ошондо бай бизди айдап жиберет, анан ачкачылыктын арбайган суук колу баарыбызды муунтат. Эмне кылуу керек, кана айтчы?

Ата Мекенди таштап кеткенден бери туура жарым жыл өттү. Мына ушул убактын ичинде Осмоке эр жеткен өндөнүп калган. Ал атасынан ушундай сөз чыгарын күткөн. Ошондуктан азыр кайта өз жерине кетүүгө аны макулдатууга жанталашып жатат.

— Мен өзүм деле туулган жерди аябай сагындым, балам! Ал жерге жаз келди. Бирок куру кол кантип жолго чыгабыз. Жете албайбыз. Чек арага чейин эле 100—150 километр келет.

— Ата, бир бай уйгур койчу издеп жүрөт деп уктум. Ошого мени сатыңыз да алган акчага талкан камдап жолго чыккыла.

Уулунун сунушуна атасы такыр макул болбоду. Жаан жаап, топурак ташуу токтолду. Эми ачкачылык күч алды. Осмоке атасын кыстап, силер кеткиле, мен убактылуу койчу болуп калайын! Мөөнөтү өткөндөн кийин кайтам деп жатып макул болду.

О. ЛАЙЛИЕВ.

«Мугалимдер газетасы». 18-октябрь, 1966-жыл.

КЫЙЫН КҮНДӨГҮ КЫЙЫШПАСТАР

Отставкадагы подполковник жолдош Б. Доскенов Кыргызстанда Совет бийлигин чыңдоодо активдүү катышкандар-

дын бири. Ал Кызыл Армиянын катарында командир болуп иштеген, Кыргызстанда басмачыларды жоготууга активдүү катышкан.

Жолдош Б. Доскенов 1926-жылдан бери КПССтин мүчөсү. Азыр Алма-Ата шаарында жашайт. Төмөндө биз анын Кыргызстандагы күжүрмөн аракеттерин элестеткен эскерүүлөрүнөн үзүндү жарыялайбыз.

1929-жылдын жазы: Кыргызстан атчандар дивизиону басмачыларга каршы чабуул коюу жөнүндө күжүрмөн приказды алгандан кийин Ташкентти карай багыт алды. Ташкентке кире бергенде Түркестан аскер округунун командири П. Э. Дыбенко командирлерди өзүнө кабыл алып, абалды баяндап берди.

— Алдыда турган душман — «Ак эшен» деп аталган Насырхан, Мадымар корбашылар менен Стамбек молдонун уюштурган 400—500гө жакын бандалары. Алар кечээ Чимкент санаториясын талкалап, баш көтөргөндөрдүн көбүн атып, асып, өзүлөрүн болсо тоо таянып качып кетишти. Кыргыздын жигиттери тоодо жүрүүнү жакшы билишет. Басмачыларды Фергана өрөөнүнө жеткирбей талкалоо керек деген милдетти койду.

Күүгүм кире отряд Ташкенттен чыкты. Түнү менен жүрүп, таң ата Искендер деп аталган паромдон өттүк. Ходжентке жете келдик. Ал жерден басмачылардын аркы өйүздөгү Бричмулла деген кыштакка кеткенин билдик. Алардын Ходжентке аябаган жырткычтарды жасаганын көрдүк. Жолуна туш келгендерди кыйнап өлтүрүшкөн, Чыйырчыктын суусуна тирүүлөй ыргытылгандар да болгон.

Биз көпүрөнүн берки өйүзүнө жеткенде басмачылар аркы өйүздө шашып жөнөп калышты. Алдыда келе жаткан 1-взводдун командири Мукашов пулемётчиктерди ыңгайлуу абалды ээлөөгө приказ берип, ак боз атчан ак эшенди карай ок атууну буюрду. Көз ачып жумганча пулемёт ок чача баштады. Басмачылар Көк-Туу багытына качышты. Ошондо ок тийбес деп аталган эшенге — Насырханга ок тийди. Ошого карабастан ак эшен баштаган басмачылар Чаткал тараптагы капчыгайдагы мазарга чыга качышты. Андан бел ашып Таласка түшмөк. Таласка жол тарткан жерден басмачылар Ыбышов жетекчилик кылган коммунисттер тобуна кабылды. Тоонун шартын жакшы билген басмачылар тескейге түшүп Наманганга багыт алышты. Ал багыт да ээн эмес, анда Маргайц баштаган ОГПунун отряддары турган. Ал эми

Шакафтар-Карабан багытын Арстаналы Осмонбековдун отряды ээлеген. Ошентип бардык тарабынан басмачылар курчоого алынды. Эми басмачылардын корбашылары ар кимиси өз бет алдынча качып кетүүгө аракеттеништи. Насырхан менен Мадымар корбашылар Чуст-Наманган жак менен качышты. Бирок алдынан Талипов башкарган эскадрондун өзбек отряды чыгып, аларды колго түшүрдү. Жумадил жүз башы 40—50 киши менен өзү келип багынып берди...

Бул окуялар 1929-жылдын жайында болду. Биздин эскадронго Кыргыз АССРинин аткаруу комитетинин Председатели А. Орозбеков келип, басмачыларды акырына чейин талкалоо керектигин айтты.

Кезектеги милдеттердин бири Станбек корбашыны талкалоо болду. Алар тоо тарапка качып, аябай бекинген эле. Аны талкалоо Цейр командалык кылган отрядга жана мен командалык кылган эскадронго тапшырылды. Биз буга чейин да басмачылар менен бир нече салгылашууларга катышып жеңиштүү чыкканбыз. Арабызда көзгө атар мергендер да көп эле. Биздин чабуулга өтө турган объектинин татаалдыгы командалык кылууга өтө кыйын болуп калды. Адыр-адыр, аска таштарга киргенде солдаттардын кайда кирип кеткенин билбей калууга мүмкүн. Ошондуктан мындай татаал шартта ар бир солдаттын алдында өз алдынча чечүүгө туура келе турган учурлар көп. Алардын билгичтиги, сезгичтиги жана Родинанын кызыкчылыгы үчүн берилгендиги ошондо чечүүчү ролду ойноду. Ар бир солдат басмачылар менен салгылашууда өз өнөрлөрүн көрсөтүштү. Жалаң гана ошол жылкы беттешүүдө кетмен-төбөлүк Кадыралиев деген жигит басмачылардын бир тобун аңдып жүрүп сулатты. Иванов деген кенже командир өзү менен бирге беш мергенчини алып, чексиз эрдиктерди көрсөттү. Мындай эрдиктерди көрсөткөн азаматтар көп эле болду.

Салгылашуу кечке созулду, басмачылардын көбү катардан чыгарылды. Бирок Стамбек корбашы колго түшүрүлгөн жок. Басмачылардын бир тобу менен качып кетүүгө үлгүрдү. Ал ошол бойдон качып кете албады. Акыры колго түштү. Аны колго түшүргөн кыргыздын белсемдүү азаматтарынын бири Арстаналы Осмонбеков болду. Анын мага «Станбектин тобу Караванда, биз анын изине түштүк. Ал эми эч кайда качып кутула албайт» — деп жазганы бүгүнкү күндө да унутулбайт.

Ошол жолку салгылашууда кыргыздын бир топ азаматтары өздөрүнүн эмнеге жөндөмдүү экендигин көрсөтө алышты. Кадыркул Качкеев, Осмон Лайлиев сыяктуу кенже командирлер, жана отряддын командири Цейер басмачылар менен атышууда да, бетме-бет келип кылыч менен чабышууда да чексиз эрдиктерди көрсөтүштү.

Согуш талаасында ар кимдин ойлоп тапкычтыгы да чоң мааниге ээ. Бир мисал келтирейин. 1929-жылдын ноябрь айы. Биз Ахмед эшендин артынан түштүк. Капысынан Ахмед эшендин жашырынып жаткан үйүнүн үстүнөн Кадыркул Качкеев өзүнүн он чакты жигити менен чыкты. Ахмет эшен да жанталашып үйүнүн үстүнөн ок атат. Мындай учурда чечкиндүүлүк менен салгылашуу гана керек. Ансыз болбойт эле. Кадыркул Качкеев көп ойлонбостон чабуул койгон бойдон үйгө эки гранатаны ыргытат. Там өрттөнө баштайт. Ахмет эшен жан жөкөрлөрү менен качып чыгышты. Ошондо эки тарап бетме-бет болушту. Ахмет эшен маузери менен атканча Кадыркул Качкеев кылыч менен шилтеп жиберди. Ахмеддин оң ийини шылынып түшкөндөй болду. Ошол күнкү салгылашууда басмачылардын көбү жер менен жексен болду.

Арадан бир аз күндөр өттү. Эскадрон басмачыларды туш келген жерде талкалап, качкандарынын артынан түштү. Акыры, 1930-жылдын башында Мадымар датка жана Станбек корбашы өздөрү келип, курал жарактарын өткөрүшүп, багынып беришти. Алардын нагыз жүздөрүн ошондо көрдүм. Анын таш боор, ырайымсыз, мыкаачылык мүнөздөрү алардын жүздөрүнөн айныксыз билинип турду. Алар тиешелүү жазасын алышты. .

Күндөн күн өтүп, ал күндөрдүн окуялары алыстай баштады. Бирок тарых эскирбейт тура. Ошол күндөрдүн бардыгы тарых болуп калды. Алар жөнүндө нечен-нечен илимий эмгектер, көркөм чыгармалар жаралды, дагы пайда болушу ыктымал.

Совет бийлигинин 50 жылдыгын даңазалап жатканда Совет бийлигин чыңдоо үчүн өзүбүз жүргүзгөн күрөштү эстебей коюуга мүмкүн эмес. Ошондогу куралдаш курбулардын бир катары бүгүн да күжүрмөн постуларда иштеп жүрүшөт. Айрымдары ошондой кандуу майдандарда курман болушту. Ошолордон бүгүнкү күндөрдө эмгектенип жүргөндөрүн урматтап, курман болгондорун эскерип коюу биздин милдетибиз.

Мен басмачыларга каршы жүргүзгөн күрөштүн айрым эпизоддорун айтып жатып, ал күндөрү биз Советтик бийликти сактап калуу гана эмес, келчекте социализмди, коммунизмди куруу үчүн күрөшкөнүбүздү көрсөтмөкчүмүн. Ооба биздин күрөштөр, жеңиштер өзүнүн үзүрүн берип жатат.

Б. ДОСКЕНОВ,
отставкадагы подполковник.
Алма-Ата шаары.
«Советтик Кыргызстан». 12-апрель, 1967-жыл.

ЧАТКАЛДАГЫ ЧАБЫШУУЛАР

Чаткалды ээлеп, уялап жатышкан Мадмар датканын жана Истамбек корбашынын басмачыларын кандайча талкалагандыгы баяндалат...

Таң заардан биз Ташкенттен жөнөп кеттик. Эскадрондун командири Байдылда Доскенов бизде эски шаардын чандуу тар көчөлөрү менен алып жөнөдү. Көптөгөн аттардын таскагы жана ар кандай үндөр угулат.

Биз командованиенин тапшырмасы боюнча бүгүн Жогорку Чирчикте болмокчубуз жана ал жерде жүргөн корбашы Мадмардын адамдары менен салгылашмакчыбыз. Албетте, узак жол жүрүп, чаалыккандан кийин душман менен кармашуу оңойго турбас эле, анын үстүнө А. Г. Цейер маршрутту бир азга создуктуруп койду. Мунун себеби да бар эле, эгерде эскадрон казармандан чыкса, дароо чыгышты көздөй бурулмак. Анда «узункулак» биздин багытыбыз жөнүндө Мадмар датка билдирип коймок. Демек, тыкандык менен иштелип чыккан операциянын планы кагаз жүзүндө гана калмакчы. Басмачылардын Ташкентте өзүнүн кишилери да болгон. Ошондуктан, Андрей Григорьевич алдын-ала билген соң эскадронду Шайхантаур аркылуу машыгууга чыккансып гана алып өттү.

Эскадрон шаардын четине чыкты жана түндүк тарапка имерилишип Келес станциясына жетпей эле темир жол аркылуу өттү. Күн чыкканча биз шаарды артка калтырып жогорку Чирчикти көздөй жөнөдүк. Белгиленген жерге 3 километр калганда Цейер бир аз эс алууга руксат берди да алдыңкы чекке кабар берүү үчүн чалгынчы жиберди. Анча-мынча тамактангандан кийин чалгынчылар келип калышты, трос үзүлүп, паром жок экендигин билдиришти.

Бул эмнеси, кантип эле Мадмар тросту үздүрүп койсун? А, балким эскадрондун жакындап келаткандыгынан кабар алгандыр? Бул маселенин ачыгын билүү керек эле.

Цейер А. политрук Кузембаев менен кеңешкен соң дагы бир жолу чалгынчыларды жиберди, бул ишке командир Мусабек Бошкоев дайындалды. Анын милдети дарыя аркылуу өтүп Жогорку Чирчикке чейин байкоо эле. Басмачылар ар дайым ачыкка кармашуудан коркушса да, мүмкүн, жашыруун засада уюштуруп күтпөгөн жерден биздин мизибизди кайтарып коюшу ыктымал.

— Ырас, эле бул жолу биздин душмандарыбыз өздөрүнүн тактикасына ишенишкен. Жээктин жанындагы дөңдүн ары жагынан чалгынчылардан кабар болбогондугуна төрт саатка жакындап калганда көз узабай эле ал жактан бирин-серин октун атылганы, кол пулемётунун үндөрү угулду.

Камырабоого эч айла калбады. Эскадрон дароо аттарды миништи да Чирчик аркылуу өтүшүп, эки топко бөлүнүштү, салгылашчу жерден айланып өтүштү. 20—25 адамдан турган басмачылардын засадасы эскадрон Мукашев Б. тобу аркылуу курчалды. Басмачылар айла-амал издей башташты. Бирок эч кандай айла таба алышпады. Акыры алар көздөрү жетишкен соң Бошкоевдин бөлүгүнө каршы аттанышты, кол пулемёттордун окторунда калышты. Үч-төртөө гана үлгүрүп атка миништи да жанталашып Жогорку Чирчикти көздөй чабышты. Атчандардын отряды алардын артынан жөнөгөнү менен жетпеди. Кыясы, басмачылар бул жерде бир нече саат көңүл ачышкан көрүнөт.

Ошентсе да Жогорку Чирчикти көздөй токтоосуз жөнөөгө буйрук берилди. Эскадрон эки бөлүккө бөлүндү. Конвзвод Мукашев Б. жана политрук Болот Кузембаев эки взводду алып чыгышты да ал жердеги айылды айланып өтүштү, А. Доскенов болсо так мандайдан чыкмай болду. Биз кыштактын аягына чейин жай гана жүрүп олтурдук. Басмачылар эч кандай шек алдырган жок. Бир маалда кыштактын чыгыш жагына кеткен Эсентаевдин взводунан октун атылганы угулду. Бул болсо отряд белгиленген позицияны ээлегендиги жөнүндөгү сигнал эле. Ушундан кийин гана Доскенов командаңы алдыга жылууга буйрук берди. Көрсө, басмачылар мындан эки күн мурда эле кыштактан кетишип, Газалкентти көздөй багыт алышыптыр.

Командир жана политрук кыштактарды чогултуп алып митинг өткөрдү. Анда кызыл армиячылар, жергиликтүү акти-

висттер чыгып сүйлөштү. Партиялык жана советтик уюмдар кайрадан калыбына келтирилди. Кечинде эскадрон жүрүшкө чыгышты. Эми биз Мадмар датка Газалкентте жүрөт, демек алар коргонууга өтүшөрүн даана билдик.

Жарым түндө биз ал жерге жеттик жана күтпөгөн жерден эле алар бизге каршы чыгышты. — Кыязы басмачылар биздин жакында келатканыбызды билишкен окшойт, бирок түн ичинде атака жасарыбызды билишкен эмес. Биз дароо кыжырдануу менен атакага өттүк. Булар менен болгон беттешүүнү тез арада бүткөрүүбүз керек эле. Ар бирибизге басмачылардын жан-жайы белгилүү. Үч жыл бою мен өз көзүм менен басмачылардын окторунан жана кылычтарынан эң сонун жигиттер курман болгондугун жакшы билем. Жеткен мыкаачы басмачылар он башы жүз башы болуп алып далайлардын сай сөөгүн сыздатты.

Беттешүү башталганына үч саат болду. Бирок, басмачылар артын көздөй качууну ойлоп да коюшпайт. Биз буга чейин мынчалык туруктуу каршылык көрсөткөндөрдү учураткан эмеспиз. Алар бүгүн жөнөкөй эле эмес, өлгөнчө күрөшүп жатышат.

— Й-йо — алла! — мына ушинтип кудайга сыйынган кор башы өз жигиттерин чакырып бизди көздөй бардык аракеттерди жасап жатышты. Салгылашуу эртең мененкиге чейин созулду. Акыры жеңилерине көзү жеткен Мадмар датка чегинүүнү чечти. Биз мурдатан баамдагандай эле ал бай-манаптардан резерв түзгөн Бричмулланы көздөй жөнөдү.

Бричмуллада датканын тамак-аш складдары жана башка керектүү буюмдары бар экендигин биз билгенбиз. Политрук Кузембаев Болоттун пикири боюнча ал өзүнүн тылын тартипке салуу үчүн ал жерде жок дегенде бир күн болуш керек. Эскадрондун командири да ушундай эле ойдо болду.

Доскенов төмөнкүчө чечти. Чаткалды көздөй эки взводду жиберүү керек. Эгерде биздикилер Найзи ашуусунан басмачылардын шайкасы келгенге чейин орун алса анда Мадмар датка өз отряды менен келишсе, алар үчүн кыйын болор эле.

Мукашев Б. жана Кузембаев Б. командованиесиндеги эки взвод отряддын башкы күчүнөн мурда Чимганды көздөй жөнөштү, ал жерден Найзини көздөй барышмак.

Басмачылардын башчылары биздин планыбызды күн мурдатан билип алышыптыр. Алар дароо башка жакка качып жөнөшкөн. Экинчи күнү кечинде кайрадан басмачыларга каршы аттандык.

Андрей Григорьевич Цейер Арыстаналы менен бир аз акылдашкан соң Сумсарды көздөй жөнөштү. Бирок ал жерден да басмачылар башка тарапка кетишиптир. Алар улам бир жерди калтырып тоо аралап жөнөй беришкен. Ала-Букада, Караванда, Кызыл-Жарда болдук, басмачылар ал жерден да башка тарапка өтүшкөн. Акыры Иринжит ашуусуна келип түштүк. Биз бул жерден душмандардын алдыккы коргонуу чегин кармадык. Колго түшкөн басмачыларды кыйнап сураганыбызда Мадмар датканын кай жерде жайгашкандыгын айтып берди. Тоолуу капчыгайдын ар кайсы тарабынан мылтыктардын үндөрү, англиялык пулемёттордун добуштары угулду. Демек, басмачылардын негизги күчү дал ушул жерде жайгашкандыгы белгилүү. Биз дароо чабуулга өттүк. Эскадрондун командири бардыгыбызга тапшырмаларды берди жана беттешүү жолдорун үйрөттү. Биз туш тараптан мурдагы белгиленгендей качырып кирдик. Бетме-бет кагылышууга да туура келди.

Мадмар датка өзүнүн бир топ басмачылары менен тоону көздөй умтулду. Анын артынан бир канча шайкалар жөнөштү. Алар тоо таяна бергенде биздин Кызыл Армиячыларды көздөй ок атышмакчы болушту. Бул кезде резервде калган взвод тоонун чокусуна жайгашып алган болучу. Ал жерден чегинип бараткан басмачыларды көздөй ок жаадыра баштады. Мадмар жанталашып калды. Жүзгө жакын адамдарын чогултуп алып кайрадан артын көздөй кайтты. Командир болсо дал мына ушуну күткөн болучу. Ал дароо эскадронду басмачыларды көздөй алып чыкты. «Ураа» — деген үндөрдүн алдынча чабуул башталып салгылашуу жеңиш менен аяктады. Өлгөндөрдүн арасында Станбек корбашы да бар экен. Мадмарды да байкадык. Насырхан төрө болсо түтүн өчкөндөй эле жоголду. Биз аны кийин орган ГПУнун жана милициянын кызматкерлери тарабынан кармалгандыгын билдик.

Иринжиттеги салгылашууда кыргыз атчандар отряды жеңиш менен аяктады. Ошол Иринжиттеги катуу салгылашууда аныкбаатырларча күрөшүп, өкмөттүк сыйлык алууга татыктуу болушкан кызыл аскерлер жана командирлер Цейер А. Г., Доскенов Б., Мукашев Б. Качкеев К., Усупбеков Т., Сакембаев М., Кузембаев Б., Эсентаев Д., Лайлиев О., Ильмурадов У., Саралинов О. жана башкалар. Чаткалдагы Мадмар Истамбек, Насиркан төрөнүн акыркы кыйрашы Иринжитте ушундай болуп аяктаган. Ошондо 1929-жылы октябрь айында мен да катышкан элем.

Осмон ЛАЙЛИЕВ,
«Ленинчил жаш», 25-октябрь, 1963-жыл.

«БЕШ-КӨЛ» АШУУСУНДАГЫ БЕТТЕШҮҮЛӨР

ОТУЗУНЧУ ЖЫЛ. Март айынын жылуу күндөрүнүн бири. Уйкудан жаңы гана ойгонуп тынч жаткан Пишпек шаары. Шаар адамдары эртең менен ар кайсы тарапка шашылууда. Баардыгы күн сайын башталган адаттагы турмуш. Бул күнү шаардын Демьян Бедный (азыркы Токтогул көчөсүнө) жайланышкан аскер казармасынан тревога башталды. Эртең менен! «Таластын Табылгыты-Сай, Үрмарал, Күмүштак, Кара-Буура тоолорунан банда чыкты», — деген шашылыш кабар алынган эле.

Банданын жетекчиси айтылуу корбашы Шадыбек жана анын жөнжөкөрлөрү Сүйөркул жана жүзбашылар: Эркимбек, Чотондор болушкан. Чалгындоо органдарынан алынган кабарларга караганда, басмачылардын калдыктары Үрмарал капчыгайына качып кетишкени белгилүү болду. Кыргыз атчандар дивизиону Фрунзеден 18-мартта (1930-жылы) Шевцовдун командасы боюнча азыркы Ленинполь селосуна келди.

Ал жактан басмачылар баш-аягын жыйнап алышкандан кийин коргонуу чабуулуна өтүшү мүмкүн. Доскенов, эскадрондун партиялык уюмунун секретарынын орун басары Иса Осмоновду, Кадыркул Качкеевди өзүнө чакырып:

— Чукеев Мамыркул, Дөөлөтбаев Мусалы, Асылов Омор менен бир пулемёт алып Үрмарал тараптагы жолдорду чалып көргүлө. Силерди Төлөгөнов Райымкул менен Жунусов Манапбайлар жол баштап алып барышат, — деди.

Качкеев бир кезде өз ыктыяры менен кызылдар отрядына кошулушкан Төлөгөнов, Жунусов менен эскадрондун жоокерлери Мамбеталиев Оморбек, Көкчолоков Акылбектерди жакшы таанычу. Төлөгөнов партиянын мүчөсү болгон. Душмандар менен болгон бир канча беттешүүдө **Райымкул, Акылбек, Манапбай, Шадыкан Сагындыковдор** баатырдык менен кармашууга даяр жигиттерден эле.

Манапбай Күзөнбаев Кожобек отурган жерге келгенде командир андан:

— Бул жердин тоолорун жакшы билесиңерби? — деди.

— Көзүмдү жумсам да жалгыз аяк жолдоруна чейин табууга жарайм. Бала кезимде бул жердеги жарлардан нечен ирет балапан алып чоңойгонбуз, — деди.

— Мунун эң жакшы. Кишилерди узатып жол баштап барасың.

— Узатып барууга мен даяр!

— **Качкеевдерди** барчу жерине жеткиресиз. Эгер, жолдон душмандарга туш болуп калсаңар, күчү силер менен тең болсо, акыры аягына чейин салгылашкыла, жок кылгыла, бизге тезинен кабар бергиле, — деп **Күзөнбаев** буйрук берди.

— Аткарууга уруксат этиңиз!

— Буйрукту аткарыңыз!

Качкеев честь берди да шпорлорун чык-чык дедире басып, отделениени көздөй бет алды. Орто жолдон **Асан Алиев** жете келип, аны колдон алып, токтоо үн менен мындай деди:

— Сиздин бөлүк, анчалык чоң деле күч эмес, анын үстүнө душманда канча киши бар экени да бизге белгисиз. Жакшыраак ойлонуп көрүңүз. Эгер душмандын күчү артыкчылык кылса атышып кирбей эле ыңгайлуу позицияныэ элеп, биздин негизги күчүбүз эскадрон келгиче күтө турсаңыз болот. Эгерде күч эки жакта бирдей болсо анда ат коюп кирип талкалоо керек. Сиз бөлүктүн адамдарын жакшы билесизби?

— Баарын билем. Эскадрондун парторгунун орун басары Иса, комсорг Мамыркул, сиздерден чоң үмүт кыламын.

— Бирок, сак болгула.

— Аракеттенемин, ойт берип качып кутулгум келбейт.

— Анчалык кызуу кандуулук жарабайт.

— Кеңешиңе ырахмат, жолдош политрук Асан Алиевич.

— Жолуң шыдыр, ишиңер ийгилктүү болсун.

* * *

Качкеев суу жеп терең чуңкур кылып кеткен жерге өз бөлүгүн жайгаштырып коюп, тегерегин чалды. Тилекке каршы, тээ алды жактан капчыгайдын оозу гана карарып көрүнгөнү болбосо, айлананын баары мелмилдеген түз талаа болучу. Басмачылар эгер байкап калышса кызыл аскерлерди Беш-Көл жакка өткөрбөй, аларды кароолго алышары талашсыз эле. Ах, эптеп капчыгайга жетип, ал өрөөндө душмандар канчалык топтолушканын өз көздөрүбүз менен көрсөк кандай жакшы болоор эле. Ал жакка жетүү өтө кыйын болоор, бирок кандай гана болбосун өтүү керек.

Качкеевдин планында чалып өтүү жок эле. Атчандар ачык талаада басмачылар менен бетме-бет кездешүүнү күтүшпөгөн. Капчыгайдын оозуна чейин дагы эки чакырымча аралык бар, а мына мылтыктардан алгачкы ок чыга баштады.

Атчандар шашыла аттарынан түшүштү да кемерчелерге аттарды байлай салышып өздөрү сайдын күңгөй жак жантаймасы менен жогору көтөрүлүштү. Жоокерлер бул жерден коргонуу позициясын ээлешти. Бирок бул душмандар менен аты-

шууга эң ыңгайсыз жер эле. Төмөнтөн жогору карай атууга туура келди. Качкеев дүрбү салып душмандар жаткан жерге чейинки аралыкты тезинен божомолдоду, мына алар, анчалык чоң эмес борчук-таштын айланасына элүүдөн ашаар-ашпас адам чогулушту. Андан анчалык деле убакыт өтпөй эле алар бири-бирине кол булгалашып, бирде тиги, бирде бул жакты карай чапкылап калышты. Алар Кызыл армиянын чалгынчылар группасына урунуп калышаарын мүмкүн күтүшпөгөн чыгар. Ошон үчүн капчыгайдан кандай чыгуу жөнүндө бири-бирине кеңешип, дүрбөлөңгө түшүп калышты көрүнөт.

Качкеев колун жаңсап бөлүктүн командири Асылов менен Мамыркулга акырын мындай деди:

— Тобокелге салалыбы?

— Кантип? — деди Мамыркул, тигинин оюн анчалык түшүнө бербей.

— Басмачыларды кетирбеш керек.

Башка эч сөз айтпай Кадыркул атына чуркап жетип ээрге ыргып минди. Ат Кадыркулду жарды көздөй алып жөнөдү. Анын артынан **Асылов, Усупбеков, Төлөгөнов, Көкчолоков, Чукеев** жана **Мамбеталиевдер** зымырап баратышты. Кызыл атчандар душмандарга кандайыр бир жакка алыстап бара жатышкандай сезилет эле, бул убакта.

Алар эски коргондорго жете келишип, тизгиндерин солго бурушту. Бийик тоонун далдоосунда баратып алар тике бетке түш келишти. Мылтыктардын атылган үндөрү угулду. Бандит кулап түштү. Калгандары аттарынан ыргып түшүшүп жерге боортоктоп жата башташты. Бандиттер баш аламан түшүп курчоого алынды. Кыйкырык, онтогон үндөр, аттардын кишенөөлөрү гана угулуп жатты. Кызыл аскерлер эки тараптан кысып киришет деп басмачылар ойлошпогон. Алардын үрөйү учуп кетти. Аңгыча жардын колтугунда бугуп жатышкан Кызыл аскерлер жогортон чаап келишти.

Качкеев, Усупбеков, Асылов, Мамыркуловдордун жолун баштап жүрүшкөн **Көкчолоков, Төлөгөнов** жана **Мамбеталиевдер** зушмандардын ортосун жарып кетишти. Жекеме-жеке салгылаш башталды. Мылтыктардан ок чыгарып атышууга мүмкүн эмес, ошондуктан анын ордуна кылычтар ишке кириштн. Кармашуу бир канча гана минутага созулуп бандиттердин көпчүлүгү тоонун тике бетине жармашышты, ал калгандары болсо Үрмарал менен Беш-Көл тарапка беттешти. Түзөнчөдө бирден-экиден качкан бандаларды кубалоого мүмкүн болбоду. Шайканын башчылары кутулуп кетүүгө үлгүрө

алышты. Алар келишкен эки тарапты оңтойлуу өңүттөн карап турушту да, отрядындагылар жеңилип баратканына көздөрү жеткишкен соң, Беш-Көл тарапка чаап жөнөштү.

Кырчылдашкан кармашуу учурунда Чукеев, Оморбек Мамбеталиевдер эр жүрөктүүлүк менен салгылашып жүрүшкөн эле, алар эми жоокерлердин арасында көрүнбөйт. Тирүү калган басмачылар таштардын коңулдарына жашынышып, айлана бир аз тынчый түшкөндө анан Үрмарал капчыгайын карай зымырап жөнөштү.

Чалгынчылар группасы Николайполь (азыркы Ленинполь) кыштагына кайтып келди. Атчандарды ал жерден эскадрондун командири Доскенов жана политрук Асан Алиев тосуп алды. Колго түшкөндөрдү көрүп оң ууртунан акырын жылмайды да Качкеевге жакын басып келип мындай деди:

— Азаматсың Кадыркул.

— Эмгекчи элге кызмат кыламын! — деп жооп кайтарды чалгынчы. Ошол замат күжүрмөн тапшырманын ийгиликтүү аткарылгандыгын айтыш үчүн Доскенов менен Алиев дивизиондун штабына жөнөштү. Бул кармашта он үчүнчү айылдык советтин төрагасы, коммунист Оморбек Мамбеталиев чыныгы эр жүрөктүүлүктү көрсөтө алды. Аска суусундай шар жана тунук, кайран Оморбек Мамбеталиев ошондо курман болду.

* * *

Эскадрондун чалгынчылары колго түшкөн эки басмачыны айдап келишти. Алар кыстоосуз эле Сүйөркул, Чотон жана Шадыбектердин шайкасы Айрыбел ашуусун ашып өтүп, Чаткал өрөөнүнө түшүү менен Кыргызстандын түштүгүндөгү басмачыларга барып кошуларын төкпөй-чачпай айтып беришти. Азыр корбашы Шадыбектин шайкасында 300дөй адам бар экени, алардын бардыгынын ортосунда бир маузер, эки тапанча гана болуп, алар жараксыз болуп калганы белгилүү болду.

Бул маалыматтар Талас өрөөнүндөгү басмачыларга каршы дивизиондун командованиеси үчүн маанилүү эле.

Алдыда, басмачылардын шайкасын Айрыбел ашуусуна жеткирбей жолун кесип таштоо менен талоончуларды тоого кысып турган Беш-Көлдөн чыгарбай жок кылуу — деген ачык айкын милдет турду. Алардын чегинүү жолу жалгыз гана бирөө — Айры-Бел ашуусу.

Байыш менен Асан Алиевдин командачылыгы менен атчандар эскадронунун жарымы Кара-Коюн, Табылгы-Сай жана Ат-Жайлоо капчыгайлары аркылуу жүрүп олтурушуп Айрыбел ашуусуна чейин баруунун күжүрмөн планы иштелип чы-

гарылды. Ал жерден алар Чаткал өрөөнүнө баруучу жолду ыңгайлуу позицияны ээлеп тосуп жатышмак.

Күчү бир аз артыкчылык кылган эскадрондун бул жарымы Беш-Көл капчыгайы менен жүрүп олтуруп ашууга жете келип жаңыдан таң сүрө баштаганда душмандарга каршы чабуулга өтүш керек.

Күн батаары менен Иса Осмонов өзүнүн чалгынчылары менен бирге Ленинполь кыштагынан чыгып, тоону карай бет алды. Анын максаты — колго түшкөн басмачылардын кабарларын тактоо менен Беш-Көл өрөөнүн толугу менен текшерип чыгуу жана андан ары негизги багыт болуп эсептелген Беш-Көл капчыгайы боюнча Доскенов Байдылданын атчандары өтүүчү жолду камсыз кылуу.

Эскадрон түн ичинде жол жүрөт, ошол себептүү бул аймактагы жалгыз аяк жол менен атайын таанышып чыгуу керек. Аларды узатып баратышкан: Төлөгөнов Райымкул менен Жунусовдор бул жердин ар бир ташы менен ой-чуңкурун жакшы билебиз дешип жаалашса да Иса Осмонов эскадронду курулай убара кылып жүрбөйүн деп жолду алдын-ала өзү текшерип өз көзүнө гана ишенүүнү ылайык көрдү. Эскадрондун оң флангасында Шады Жураев менен Качкеевдер аракет кылышат. Алардын милдети Беш-Көл ашуусунун батыш тарабын ээлеп калуу менен душмандардын жолун кесүү. Андан соң, сигнал болор замат гранаталарды ыргытып атакага кирүү.

* * *

Белгиленген жерге тезирээк чыгып барыш үчүн атчандар тоону карай чаап жөнөштү. Тээ алыста Романовка кыштагы кашкайып көрүнүп турду. Ал жерден басмачылар бул жакка да көз чаптырып турушу мүмкүн эле. Белгиленген убакта Үрмарал капчыгайына да жетип келишти.

Эскадрон душмандардын бир дагы каршылыгына кез келбей жүрүп олтурушту. Басмачылар: «Эми биз Кызыл Армиянын отрядынан алыстап кеттик, жолдору татаал, бул тоолорго эч ким келип коркунуч туудура албайт», — деп ойлошкон сыяктуу.

Таң аткыча жүрүп олтурушкан Кызыл Аскерлердин эч кимиси жөтөлүп да, үн катып сүйлөп да коюшпады. Аттардын туяктарынын дабыштары угулуп жатты.

Таң атаарына аз калган кезде Беш-Көл өрөөнү артта калды. Амиров Байыш менен Асан Алиев жетекчилик кылган атчан отряд кетишкен жактагы тоолор үлбүлдөп араң көрүнүп келатты. Амиров Байыш менен Асанга берилген буйрукту

аткарбай калган күндөрү эч болгон эмес. Алар тартипти темирдей сакташкан командирлерден болушкандыктан кандай гана тоскоол болсо да белгиленген жерге өз убагында жетүү аракетинде болушпай койбойт. Эскадрондун командири Доскенов түзүлгөн кырдаалга ой жүгүртүп келип: душмандардын сол флангасына атчандардын күчтүү чалгынын жиберип, Айры-Бел ашуусун бекемирек тостурууну чечти.

Качкеевди, Чукеев, Осмонов, Усупбеков жана Асыловдорду, Доскенов чакырып алып мындай буйрук берди:

— Жолдош Качкеев, сизди мен чалгындоо группасына жетекчи кылып дайындаймын. Сизге атчандардан жыйырманы беремин. Эки кол пулемёту өз карамагыңызда болот. Милдет — Айрыбек ашуусуна жетип, тоонун сол каптал эңкейиш бетин ээлөө менен бизден сигнал болгон кезде душмандардын өз тылына сокку берүү.

— Буйрукту аткарууга киришиңиз!

— Үч сааттан кийин Качкеевдин группасы ашуунун айтылган эңкейиш бетин ээледи. Анчыга, белгиленген жерге жетип дегендей кызыл ракета атылып, сигнал берилди.

Ал эми ошол эле убакытта Амиров, Асан менен Байыштан мылтык атынып экинчи кабар келип жетти. Бул белгилер, басмачылардын сакчыларына кол салууга берилген кабар эле.

Мына эми убакты да жетип калды. Доскенов жалтылдатып күнгө чагылышкан курч кылычын кынынан сууруп алды да аны башынан жогору көтөрө берип сигнал гранатасын ыргытып:

— Алдыга! — деген команда берди. Беш-Көл капчыгайы менен Айрыбел ашуусу тараптан кызыл атчандар басмачыларды көздөй аткан октой учуп жөнөштү. Пулемёттор тытырап, мылтыктар жер жаңыртып тарсылдады, күн батууга жакындап бара жаткан эле, күн шооласына кылычтардын болот миздери чагылышты, жалт-жулт этип көрүндү. Басмачылардын көбү аттарына ээр токууга үлгүрүшпөй тымтыракайы чыгып бет алды. Баш-аламан тарай башташса, башчылары туш-туш жакка жан-талашып чапкылап жөнөштү.

Ээсиз калган аттар кишенешип, туш келди удургуп жүрүштү. Дал ошондо Эркинбек, Чотон, Үкубайлар колго түшүп бериштн. Корбашы Шадыбек алардын ичинде жок экен, Сүйөркул белгисиз жакка качып кетти деп командирлер далилдешти.

Бул Талас өрөөнүнүн тоолорундагы басмачылардын бандасы менен болгон эң акыркы салгылашуу эле.

О. ЛАЙЛИЕВ,
Армиянын отствкадагы майору.
«Кыргызстан Маданияты» 13-июль, 1972-жыл.

АЛАРДЫН ЭЛ ҮЧҮН КЫЛГАН ЭМГЕГИ ЭЧ КАЧАН УНУТУЛБАЙТ

...1930-жыл. Айыл-кыштактарда тап күрөшү курчуду. Басмачылар шайкасынан тирүү калган башчылары жанданыштыр. Алар өзүлөрүнүн тегерегине коллективдештирүүгө нааразы болгондорду топтошуп, активдерди өлтүрүштү. Шаар жана кыштактарды тоношту.

Талас өрөөнүнө таянышкан ушундай бир банданын артынан түштүк. Алар күтүлбөгөн жерден чыга калышып, кайра жоголушчу. Ачык беттеше алышчу эмес. Бир жолу чалгынчылар ошолордун Таласта болгондугун билдиришти. Гарнизондун аз күчү туруштук бере алган эмес. Ошентип, шаарды басмачылар колуна алалбады. Талоончулук, киши өлтүрүү башталат. Бандиттердин башчылары райымсыз кан ичкич корбашылар Эркинбек менен Чотондор шаарга кызыл армиянын эскадрону жакындап келе жатышканын билишип, салгылашпастан басмачыларды тоого алып кетишет. Бандиттердин бир бөлүгү Үрмарал капчыгайынын оозун тосуп жатышат.

Эскадрондун командири Мукашов Чукеевти чакырды.

— Жолдош Лайлиев, мындай деп буйрук берди капчыгайга баруучу жолдорду текшерүүнү сизге буйрук кылам. Жоокерлерден тышкары ыктыярдуу отрядчылардан жана милициянын атчандар отрядынан бир нече милиционерди өзүңүзгө кошуп алыңыз, сак болуңуз. Негизги күч жеткенче согушпаңыз.

Мына ошентип, мен биринчи жолу аскердик тапшырманы аткаруу үчүн чыктым. Капыстан кол салууну сүйүшкөн басмачылар ачык жерден жолугушууну ойлошпостугуна ишенген мен элди капчыгайга ишенимдүү баштадым. Көздөгөн жерибиз али үч чакырымдан алыс. Биздин башыбыздан өйдө ок дуулдап учту. Көрсө, башкы дозорубуз басмачылардын алдыңкы коргонуу чегине жетиптир. Душмандар аз сандагы отрядыбызды курчап, колго түшүрүү үчүн бир азы атышмыш болуп, капчыгайдын төрүн карай чегиништи.

Мен атка минип алга чаптым. Кызыл армиячылар, ыктыярдуулар, атчан милиционер мага удама-удаа келатышат. Анча бийик эмес дөңдү айлансак, оң жак флангадан чегинишкен басмачылар көрүндү. Тигилер бул тараптан күтүшкөн эмес. Бир минутча эмне кылышарын билбей буйдалышып калды. Бирок, бат эле жабалакташып бери бет алышты. Басмачылардын огунан жараланган кыргыздын эр жүрөк жигити ыктыярдуулар отрядынын командири Оморбек Маматалиев биринчи болуп жыгылды. Анын өлүмү намысыбызды келтирип, күчүбүзгө-күч кошту. Душманга кыжырыбыз аябай кайнады. Милициянын атчандар отрядынын командири Иса Осмонов басмачылардын дал ортосуна кирип барып аларды оңго-солго кулатып жатты. Кызыл армиячы **Мамыркул Чукеев** менен ыктыярдуу отрядчы **Манапбай Жунусовдор** тылына өтүп алышып, басмачыларды мээлеп атышты. Кыйратуу бат аяктады. Аттан кулаган басмачылардын бир бөлүгү колдорун көтөрүшөт. Калгандары Николайполду карай (азыркы Ленинполь) качышты. Колго түшкөндөрдү штабга жеткирдик. Каза болгон жолдошторду ардактоо менен бейитке койдук.

Алып келген «тилдерибиз» баалуу маалыматтарды билдиришти. Эгер беттешсек, шайка Беш-Көл ашуусуна таянышат. Аска-зоодон орун алышат. Басмачылардын пулемёттору жок болсо да ар бир капчыгай сонун табийгый коргонуу чебине айланат. Ошентип, коргонгондор артыкчылыкка ээ боло турган.

Эскадронду экиге бөлүүнү чечтик. Төлөгөновдун командирлигиндеги жүздөн ашык жоокер Кара-Коюн, Табылды-Сай жана Ак-Жайлоо аркылуу барып, Беш-Көл ашуусун ээлөөгө жиберилди. Эскадрондун жарымысынын милдети — негизги күчтөр менен бирдикте аракет жасап, душмандарды кычкачтай кысуу. Бул маселе жүзөгө эң сонун ашты. Төлөгөнов өзүнүн жарым эскадрону менен Беш-Көлдү айланып өтүп, ашууну кайтаргандарга күтүлбөгөн жерден кол салат.

Басмачылардын көбү талкаланганда ашууну кызыл атчандардын ээлеп алгандыгы жөнүндө кабарды угушуп, бүт тарабы курчалып, жол буулуп калган соң, корбашы Чотон башчылык кылган басмачылар Төлөгөновдун отрядына бардык күчтөрү менен жапырт бет алат.

Бирок, бул жолу эскадрондун командири Мукашевдин ою ишке ашты. Бандиттер согуш ачууга мажбур болушту.

Кыжырланган бандиттердин шашкеге чейинки бир нече жолку чабуулун мойсодук. Саат сайын өлүм көбөйдү. Бирок, басмачылардын катары да азайгандан азайды. Өзгөчө кыраакылык менен эр жүрөктүүлүктү кенже командирлер Кадыркул Качкеев, **Макеш Сакенбаев, милициянын атчандар взводунун командири Иса Осмонов,** катардагылар **Мамыркул Чукеев, Адеим Кошалиев** жана башкалар көрсөтүштү.

Көп узабай Мукашов жетекчилик кылган негизги күч жетип келди. Жалпы чабуул башталды. Кубаттуу «Ураа» деген сөз тоону жаңыртты, пулемёттор тытырады. Үрөйлөрү учкан душмандар капчыгайда качышат. Бирок, кызыл атчандардын бирдиктүү атуусуна жем болушту. Корбашы Эркинбек, Чотондор аргасыз абалда калышканына түшүнүшүп, ак желек көтөрүштү.

Талас өрөөнүндө уюштурулган басмачылардын бандасы менен бул акыркы салгылашуу эле. Ырас, кээ бир жерлерде майда топтор калган, бирок, көп узатпай алар жоюлган.

Осмон ЛАЙЛИЕВ.
«Дзержинчи». 10-ноябрь, 1962жыл.

УНУТУЛГУС ДОСТУК

...1930-жылы май айынын акыркы числолору жакындап келе жатты. Жаан жаап өткөндөн кийин талаа менен бак-дарак жаз рахатына сергий түшүшүп, асман көгөрүп, чыгыштан батышты карай созулуп жаткан Чүй өрөөнү кебелбей тынчтыкта көшүлдү. Арыктагы суулар шалдырап төмөн туйлай калың түп бак даректар көгөрүп бүрүн чакты. Так ушундай апачык көңүлдүү күндөрдүн биринде Фрунзенин вокзалынын перронуна көптөгөн адамдар чогулушуп, поезддин келишин чыдамсыздана күтүп жатышты.

...Желектер менен кызыл туулар, узатасынан тартылган ураандар ачык деңиз үстүндөгү жел кемедей желбиреп, алардын алдында көпчүлүк толкуп турду. Көпчүлүк перронго жык-жыйма толо, аягы тиги депого чейин жетип, темир жолдун жээгинде жыш турушту.

Канчалык кызыл ала болгон гүлдөр, гүлдөрдөй кооздолгон жасалгалар! Кыргызстандын бардыгы тең гүлгө оронуп гүлдестелерин күткөн мейманына камдап тургандай бул жер өзгөчө ажайып көрүнүштө. Шаардын өнөр жай ишканаларынын жумушчулары, окуучулар жада калса, талаа жумуштарына жүздөрү тотуккан айыл адамдарынын колдорунда

жыты буркураган тоо-талаалардын гүлдөрү кызыл-тазыл. Оркестр тынымсыз ойноп, анын шандуу күүсүн май жели алыска-алыска коштоп кетип турду.

Атчандар дивизионунан келишкен өкүлдөр көптөгөн элдин арасында үч бурчтук тарта тизилишкен калыпта башкалардан такыр айырмаланышты.

Поезд шаарга жетүүгө бир топ чакырымча калганда эле перронго чогулган эл вокзалдын дубалы жакка сыгыла башташтты. Алар эки тарап болуп тизилишип, темир жолдун боюн көздөй агылышкан топ адамга жол бошото беришти.

— Интергельпочулар! Интергельпочулар келе жатышат — дешти. Алар күнгө күйүшкөн узун бойлуу жигиттерди жана алар менен кошо келе жатышкан аялдарды, балдарды көргөзө беришип.

— Ырас алардын кубанычы эки эсе эле, анткени ал адамдар бүгүн меймандарды гана тосуп жатышкан жок. Алар алыстагы ата-журтунан келе жатышкан жердештери менен жүздөшкөнү олтурушат! Колоннанын эң алдында көкүрөгүн бир аз алдыга жүткүнтө кармай орто жаштагы адам басып келе жатты. Атчандар ал келе жаткан адамды «Интергельпонун» төрагасы **Иван Осипович Самуэл** экенин жазбай тааныштты. Ал саргыч чачтарын улам-улам желкесин карай сылай берип, бирде артына көз чаптырса, бирде туш-тушундагы жоолуктарга, калпактарга жана бир байламдарга көз салып, бул жердеги өз жолдоштору менен алыскы Родинанын ортосундагы миндеген чакырымдарды эсине сала кадымдап келе жатты.

Ага кечээ күндүз Олуя-Атадан «Чехословакиядан келе жатышкан жумушчулардын делегациясы бул жерден өтүштү» — деп телефон чалышкан. «Интергельпо» кооперативиндегилер бул кабарды эчак эле угушуп, 1-Май майрамына катышуу үчүн Фрунзеге келе жатышкан чехословакиялык меймандарды 30-апрелде эле күтүшкөн. Бирок ошол кездеги реакциячыл Чехословакия өкмөтү делегациянын мүчөлөрүнө паспорт берүүнү кечендетип, арадан бир ай өткөндөн кийин гана башкача айтканда 29-майда алар Советтик Кыргызстандын борборуна келип жетишти.

Телефон ишке киришер замат Самуэл келе жаткандар жөнүндө кабар алуу менен кездеме токуу фабрикасынын гудогу бардыгын өзүнө чакырып кыйкырды. Ошентип 1930-жылдын 29-майында саат экиде күндүн ысыктыгына карабастан шаардын миндеген эмгекчилери Пишпек станция-

сына чогулушту. Бул жөнүндө Фучик кийинчерээк «Руде право» газетасына зор сыймыктануу менен жазган.

«Интергельпочулар» төрт бурч боло каз катар тизилишкен атчандардын жанына келип токтошту. Кыжы-кужулар капысынан тык токтоду. Бардыгы кулак түрүп калышты. Алар төрт рельстеги дөңгөлөктүн такылдап жакындагандан жакындап келе жаткан табышын тыңшашты. Ал улам минуталар, секундалар өткөн сайын күчтүү, салтанаттуу жана тез-тез угулуп жатты. Паровоз алыстан түтүн аралаш ак буусун асманга бүркөн караан көрүндү. Абдан чоң локомотивдин күшүлдөгөн үнү улам катуурак угулуп ылдамдыгын уламдан-улам басаңдатып келе жатты.

Мына, вагондор бири-бирин болот алакандары менен жай түртүшө келип токтоду. Кадыркул Качкеев аны көрүп туруп негедир кубанып кетти. Күнгө тотукkан бирок баланыкындай жүз, желкесин карай таралган калың чач, төмөн карай түз тартылган кырдач мурун, адаттагыдан кичине төмөнүрөөктө орун алган кулак, коюу кара каштын алдындагы көз «Бул ошол!» — деп анын жүрөгү кубанычтуу какты. «Так өзү! Юлиус Фучиктин өзү!» — деди.

Ал адам колдорун көңүлдүү жаңсап, тосуп чыккандарды күлүмсүрөй карап турду. Шаардык партия комитети менен эмгекчилер депутаттарынын шаардык советинин өкүлдөрүнөн турган группа аны көздөй бет ала жөнөдү. Юлиус Фучик ошол кезде вагондун тепкичтеринен төмөн түшүп келе жаткан эле.

Чогулгандар кичине алдыга умтулушту. Төмөндө вокзал алдындагы аянттагы адамдардын кубанычтуу үндөрүн оркестрдин жаңырыгы коштоп бардыгын күндүн тике тийген нуру менен анын ысык деми курчап турду. Кездешүүлөр, салам алышуулар, кол кысышуулар, вокзал аянтынын бардык бурчунда өкүм сүрдү.

Митинг башталды. Меймандарды Кыргызстандын партиялык, советтик уюмдарынын жетекчилери, «Интергельпонун» өкүлдөрү, өнөр жай ишканаларынын жумушчулары, интеллигенттер чын жүрөктөн: «Кош келиңиздер!» айтышты. Алар жумушчу табынын эл аралык достук байланыштары, аны мындан ары чыңдоо жөнүндө өзүлөрүнүн жеке каалоолору жөнүндө айтышты.

Фучик эмнелер жөнүндө айтар экен? Дешип көпчүлүгү күтүп турушту. Мына, ал дагы чогулгандар күтүшкөн жоон сөзүн жай үн менен баштады.

— Сиздер кыска гана убакыттын ичинде өз өлкөңүздөрдө көп иштерди бүткөрүүгө үлгүрө алганыңыздар айрыкча сыймыктуу. Анткени, сиздердин жетишкендиктер эл аралык жумушчу табына мындан ары капитал үстүнөн чоң жеңиштерге жетишүүгө чыныгы ишеним туугузат!

Ал башын мурункудай жогору көтөрө ар бир сөзүнө өзгөчө маани берип сүйлөдү. Анын кара чачы москоол өңүн ого бетер сулуулантып көз карашына, өз күчүнө толук ишенүү сезимин айгинеледи. Бир, эки андан соң көпчүлүк колдоп кетишкен дүркүрөгөн кол чабуулар чакан аянтты жаңыртып жиберди. Ар кайсы тараптан: «Жашасын Чехословакиянын коммунисттик партиясы!», «Жумушчу табына данк!» — деген үндөр жаңырып жатты. Чехословакиянын коммунисттик партиясы менен жана анын кызыл профсоюздарына куттуктоо катын жиберүү жөнүндөгү сунушту чогулгандар бир добуштан кабыл алып жактырышты. Кыргызстандын комсомолцетери чехословакиялык комсомолдук уюмдардын бирин шефке алууну чечишкенин чогулгандарга айтып беришти.

Айтылып жаткан бардык сөздөр кыска жана чын жүрөктөн чыкты. Жүрөктөрдөн оргуп чыгып жаткан жылуу сезимдерге ыраазы болуп толкундай түшкөн Фучик: «Рахмат, рахмат! Жумушчулар өздөрү кожоюн болушкан өлкөдө болуу биз үчүн кандай жакшы, биз бул жерден чыныгы эркиндикти сезип отурабыз!» — деди.

Кызыл Армиянын атынан Кыргыз атчандар дивизионунун комсомол бюросунун секретары **Алышбай Кулматов** менен дивизиондук партия бюросунун секретары, политрук **Оразалы Саралиновдор** чыгып сүйлөштү.

— Кыргызстандын улуттук дивизионунун атчан аскерлеринин бардыгы сиздерди чоң чыдамсыздык менен күтүп жатышат, меймандар сиздерге өзүлөрүнүн күжүрмөн даярдыктарын көрсөтүүгө дайым даяр.

— Рахмат! Сөзсүз сиздерде да болобуз, — деп Фучик жооп кайтарды.

— Сиздердин убактыңыздар жетишер бекен? — деди тигинин сөзүн улай, делегациянын составында келген шахтёрдун аялы Елена Шнейдерова.

— Сиздер бизде канча күн болгунуздар келет? — деди көпчүлүктүн арасында биринчи катарда турган кара каш кыз.

— Анчалык узак эмес. Андан көбүрөөк уруксат бериш-

педи, — деди делегациянын мүчөсү, темир уста Иозеф Червенка.

— Эмне үчүн андай! Сиздерди биз канчалык күттүк... — деди жанакы алдыда турган кыз. Осмонов Иса да ал кызды көңүл коё карап жылмайып күлүп койду. Эски тааныш Тоня Калпакованын так өзү! Алар комсомолдордун округдук съездинде таанышкан. Ал кыз алыстан келип, 1924-жылы Түрксибирь жолун курууга катышкан, азыр комсомолдун тапшыруусу боюнча Кыргызстандын түштүгүнө аялдар арасында агитациялык иштерди жүргүзүү үчүн жөнөгөнү отурат.

Аянт бир дүүлдөй баштады. Ар ким көптөн бери күтүшкөн меймандарга дагы жакыныраак келишип, аларды колдорунан бекемирээк кыскылары келишти. Чогулгандар салтанаттуу марштын шаңдуу үнү менен кымбаттуу досторун, Интергельпо кооперативдегилерди узатып калышты.

Юлиус Фучик кыргыз жергесинде болгон бул күндөрдө ал кезигишкен бардык адамдар менен чын жүрөктөн, ачык сүйлөшүп, шаардын өнөр жай ишканаларында жана айыл кыштактарында болду. Ал кайда, кайсы жерде болбосун жаңылардын көңүлгө жаккандардын бардыгын блокнотуна жазууга же эсинен чыгарбоого аракеттенип жүрдү. Атчандар дивизионундагылар Чехословакиялык меймандар сөзсүз биздин аскердик шаарчабызда болушат, жоокерлер менен аңгемелешишет дешип чыдамсыздык менен күтүп жатышты.

Күткөн күн июлдун биринчи он күндүгүнүн акыркы числосунда гана келип жетти.

— Ал эчак эле бизде!

— Юлиус Фучик бизде!

Жолугушуу алдын ала эле бул кабарга даярдалынып коюлган клубда башталды. Сценанын бир бурчунан экинчи бурчуна чейин тартылган кездемеге чехословакиялык делегациянын урматына жылуу сөздөр жазылып коюлган.

...Жоокерлер залда толтура отурушту. Озокени эскадрондун политругу чакырды. Анын бөлмөсүндө партбюронун секретары Саралинов отурган эле. Ал Озокенин алдынан тосуп чыгып, табышмактуу жылмая:

— **Озоке,** сага мындай деген күжүрмөн тапшырма берилди. Бардыгын терип-тепчип айтып отурууга убакыт өтө тар, складдан аскерлердин жайкы кийимдеринин бир толук комплексин тез аранын ичинде алуу керек.

— Размерчи? — тамашага чала **Озоке** суроо берди, бирок көп маани билдирген Саралиновдун жылмаюусун байкай

коюп честь бере чукулунан бурулуп складды карай бет алды.

— Айттырбай билди, — деди Саралинов, Асан Алиевди тиктеп туруп.

— Анда чарбачылдык жөндөм бар, — деп эскадрондун политругу тигинин айтканын коштоп кетти.

Бул убакта складда болуп кладовщик Букин экөө гимнастерка, кур, жана башка кийимдерди кармалап, тандап көрүшүп өзүнчө коюп жыйышты.

— Эмесе менин оюмча; өтүк, галифе шым, гимнастерка, кур, фуражкалардын бардыгын алдың го. Мандайында жылдызы бар ак фуражканы старшина экинчи ирет тандап, негедир алар көңүлүнө толбой жатты...

— Мына ящик менен топтолтура, өзүңүз тандап алыңыз жолдош, командир — деп кладовщик колундагы үч бурч түрүндөгү кулпуну чыдамсыздык менен тегерете, клубга баруугa шашылып турду.

— Бир, эки... бардыгы бешөө экен, бирөө да жарабайт; биринин козырёгу чийилип калса, экинчисинин чети сынып калган, дагы бирөөнүн жылдызы кыйшайып калган...

Акырында керектүү размер да табылды. Мүмкүн ушул туура келер! Озоке вагондон түшүп келе жаткан жазы мандай кишинин элесин эсине түшүрүүгө аракеттенип жатты. «Сөзсүз, ага чак келет!» алган буюмдарынын бардыгын аярлай колтугуна кыса политрук Орозалы Саралиновдун кабинетин көздөй шаша жөнөдү.

Клубдун сценасына командирлер, күжүрмөн жана саясий даярдыктын отличниктери орун алышкан. Көгүш күрөң мундирлердин арасында жакасы менен ачылып апакай көйнөк кийген киши өзгөчө бөлүнүп турду. Озоке складдан алган аскер кийимин кабинетке калтырып, клубга бет алды.

Биринчи болуп сөздү дивизиондун командири Швецов алды. Андан кийин комиссар Амиров менен партбюронун секретары Саралиновдор сүйлөштү. Бардыгы тең меймандарга иштериндеги эң сонун ийгиликтерди каалоо менен Кыргызстанды дагы жакшылап үйрөнүшүп; түштүктүн эң сонун жаркын күндөрү сыяктуу алар өзүлөрү менен кошо жакшы элестерди, түбөлүк достук сезимдерин ала кетүүлөрүнө тилектеш экендиктерин билдиришти.

Юлиус Фучик трибунага чыкканда текши кол чабуулардан залдын дубалдары дагы нарыраак жыла түшкөндөй сезилди. Ал али жапжаш жигиттердикиндей кара көздөрүн күлүндөтө, чачын желкесине карай силке таштап үнүн коңур

чыгарып ар бир сөзүн ойлонуп сүйлөп жатты. Мейман ыр окуп жаткан кишиче эркин, жеңил, кысталгансыбай шурудай тизилген ак тиштерин көрөгөзө жай гана оюндагыларын ортого төктү. Котормочу анын айткандарын тезирээк которууга аракеттенди, бирок Фучиктин көптөгөн сөздөрү котормосуз эле залдагылардын жүрөктөрүнө жетип сезимдерин уялады.

Мейман, жаш коммунист өзү жөнүндө гана сүйлөбөдү, ал Чехословакияда калган миңдеген эркиндик үчүн күрөшүүчүлөрдүн жана социализмдин жеңиши сөзсүз боло тургандыгына толук ишенишип, азыр түрмөлөрдө азап чегишип жатышкандардын атынан сүйлөдү.

Фучик Советтик Кыргызстандын аз убакыттын ичинде жараткан жаңы түзүлөрүнө кубануу менен кыргыз жери жөнүндөгү чындыкты бул жерде күн кандай ачык жана нурдуу тийе тургандыгы жана анда жашашкан абышкалар менен балдардын кубанычтуу жүздөрү жөнүндө кай жакка барып, кандай жерде болбосун төкпөй-чачпай жеткизерин айтып:

— Бул жерлик чалдар ушундай эң сонун турмушту көрүшкөндүктөрүнө сыймыктанышса, балдар так ушул доордо көз жарышкандыктарына кубанышат, — деди.

Чындыгында эле бул эң сонун! — деп ойлоду **Озоке.** Юлиус Фучик ар дайым чындыкка тике карайт, аны бизден, биздин Кыргызстандан көргөн жаңылыктар шыктандыра да, чын жүрөктөн кубандыра да алат. Ошондуктан ал таланттуу жана ишенимдүү жазат.

Кечки текшерүү алдында чогулуш аяктады.

Ыраазы болушкан жоокерлер залдан чыгышып взводдор боюнча аянтка тизиле башташты.

Фонар тегерете жарык түшүргөн жерде дивизиондун командиринин катарында ар дайым кеңештеши болуп калган жазуу блокнотун оң колуна кармап Юлиус Фучик турду.

— Дивизион түздөлгүлө! Смирно!

Андан соң, кичине тыныгуудан кийин:

— Буйрук уккула!

Буйрукту дивизиондун командири Швецовдун өзү окуду.

— Кыргыздын улуттук атчандар дивизионунун биринчи эскадронундагы биринчи взводуна караштуу биринчи бөлүгүнүн жоокерлеринин катарына ардактуу кызыл аскер болуп жолдош Юлиус Фучик катталсын!

Ур-а-а деген үндүн күчтүү толкуну кырка тоого жеткендей болду. Буйрук окулуп жаткан кезде какайып турган ардактуу кызыл аскерге жоокер кийиминин толук комплектисин алып келип беришти.

Экинчи күнү эртең менен Фучик дивизионго аскер формасы менен келди. Взводдун командиринин жардамчысы Озеке мейманды тынчсыздана карап, форма атайын ченелип жасалгандай чак келгенин көргөн соң ыраазы боло анын ажардуу тиктеди. Гимнастерка менен шым үтүктөлүп, өтүктөр аябай жалтырата сүртүлгөн. Кыскасы мейманды кийгени да талаптагыдай деп айтарлык.

Ардактуу кызыл аскерди казармага ээрчитип киришип, таза жана этияттык менен тартипке келтирилген кроваттын баш жагына илинген: «Ардактуу кызыл аскер Юлиус Фучик» деген жазууну окутушту. Кыйгачынан коюлган мылтык, противогаз, атчандардын баш кийими, бардыгы тең ардактуу кызыл атчандыкы. Фучик мылтыгын, шапкасын жана противогазын көңүл коюу менен карап ар биринин номерин китепчесине жазып алып жатты. Андан кийин ал биринчи взвод менен ашканаңы көздөй жөнөдү. Взводго Осмон Элмуратов командалык кылды. Мейман эртең мененки тамакка абдан ыраазы болуп ашпозчулардын башчысына алкыш айтты.

Эскадрондун бир взводунун командиринин жардамчысы бул күнү бардык чарбачылык жумуштарын калтырып, биринчи взводдун атчандары менен бирге талаада өткөрүлүүчү окууга чыкты. Атчандардын катарында ардактуу кызыл аскерге атайын бекитилген атын минип Юлиус Фучик кетип бара жатса кантип чыкпай коюуга болот? Ал ээрге дыкан отуруп, өзү менен кошо бастырып бара жатышкандардын тизилген тартибин бузбоого аракеттенип жатты.

— Чыныгы жигит, Чехословакиядан келген жигит! — дешип атчандар бири-бирине шыбырап жатышты. Алар бир аз оңтойсуздана түшүштү. Калемди кармоого аябай көнүп кал ган калем саяпкеринин алдында аскердик татаал оюндарды аткаруу оңой-олтоң бекен!

Кылыч менен лоза таяктарын чабышуу аяктаган соң мейманга улуттук жигит оюндарын көргөзүүнү чечишти.

Доскенов чөнтөгүнөн күмүш элүү тыйындыкты сууруп чыгып айланасындагыларга кыдырата көргөздү. Обочорооко алып барып таштаган тыйын күн нуруна чагылып жаркырап турду. Аны көздөй Кадыркул Качкеев кыраан бүр-

— Ооба биз баардыгыбыз... Айныксыз!

— А, аны үчүн сөзсүз Ленин айткандай: «Окуу, окуу жана окуу» керек — деди Озоке. Үчөө тең ойго чөмүлүшө бир топко унчугушпай калышты. Жымжырттык кайрадан бузулду... Асман чайыттай ачылып кечки жылдыздар алыстап бара жатышты. Таңкы чолпон жаркырап тиерине саналуу гана минуталар калды...

* * *

Бир миң тогуз жүз отуз бешинчи жылдын октябрь айы эле. Чек арачыларга Юлиус Фучик менен экинчи жолу кездешүү бактысы туура келди. Гарнизондун жаш жоокерлери үчүн Юлиус Фучик жумушчу табынын ишине чындап берилген, социализмдин салтанаты үчүн күрөшүүдөн дайым даяр турган жалындуу коммунист катары кайсы жагына болбосун үлгү адам. Ал кезде Чехословакия капиталисттик түзүлүштө эле. Фучик анда отуз эки жашта болучу. Биринчи кездешүүдөн бери беш жыл өттү. Анда атчандар дивизионундагылардын бир далайы улуу Родинага душмандарды башбактырбоо үчүн чек арада кызмат кылууга өтүп кетишкен.

Бул ар кимди толкундаткан жана дайыма эсте каларлык жолугушуу Тянь-Шань тоолорунун так ортосунда болуп өттү.

...Күз айларынын биринчи карлары тоолор менен чек ара өрөөндөрүнүн бир кыйла жерин каптап улам төмөндөгөндөн төмөндөп келе жаткан.

Октябрь айында тоолордо суук тартып калат. Эртең менен денени ичиркенткен муздак шамал согуп, өзөндөрдөгү таштарга тегерете муздар пайда боло баштаган. Чек арачылар күнүгө эртең менен аттарына минишип ак карга жалгыз аяк жол салыша пост турган жакка жөнөшөт. Тоолор менен чек ара тилкелеринде бороон-чапкын айрыкча күчөгөн кездерде чек арачылар дозорду бекемдешип бардыгына мурдагыдан да сак боло башташат. Бул аба ырайы жакшынакай болуп турган убактарда да чек арачыларга тиешелүү жумуш.

Ушул күндөрдүн биринде эртең менен Озоке өзүнүн группасындагы жоокерлер менен наряддан кайтып келе жатты. Аны заставадан Харьковдун алдында туулуп-өскөн кызыл аскер Егор Шинкаренко тосуп чыгып:

— Жолдош командир, сиз жок убакта заставаларда эч кандай өзгөрүүлөр болбоду. Бардыгы тең мурдакы эле калыбында. Буларды сизге баяндап жаткан застава боюнча дежурный, кызыл аскер Шинкаренко! — деди.

— Кызматыңды аткара бергин, — деп жооп кайтарды. Озоке атынын чылбырын ага берип жатып, жаңыдан келген почта жана чекарачылардын саясий, ошондой эле жеке даярдыктары менен таанышуу максатында өзүнүн бөлмөсүн карай шашыла.

Ал жылуу бөлмөгө кирип, тонун, баш кийимин жана тер кол кабын чечип столдун үстүнө таштады. Кийимдерин илгичке илип, чачын кылдаттык менен тарана, ийинден арта салма илгичин оңдонуп «командир кайсы убакта жана кайда болбосун тыкан жүрүүсү керек эмеспи», — деген жалпы аскердик тартип жөнүндө ойлоду. Ал столго жакындар замат телефон эки жолу катуу шыңгырады. Озоке трубканы алып:

— Озоке угуп жатат.

— Сүйлөп жаткан партиялык бюронун секретары Демченко, — деди телефондогу үн.

— Сизди угуп жатам, жолдош Демченко, — деди Озоке оң колу менен гимнастеркасын оңдогулай.

Лейтенант Озоке чек ара заставасында кызмат кыла баштагандан бери ал Демченко менен көп ирет жолугушуп, бир канча жолу ичке каштын алды жагындагы анчалык көк эмес көздүү партбюронун секретарын биринчи көргөн адам өтө жай, аябай абайлап иштеген кадамдарынан улам мажүрөө жана өтө алсыз киши катары сезиши мүмкүн эле, бирок аны менен аңгемелеше баштасаң, ошол замат үнү чечкиндүү чыгып түшүнүктүү жана так айтылган сөздөр андан тоонун мөлтүр башатындай оргуй баштоочу. Демченко ар бир сөзүн ушунчалык ишенимдүү сүйлөгөндүктөн биринчи эле аны менен аңгемелешкен адам партбюронун секретарын урматтап анын акылынын тетиктигине ыраазы болбой койчу эмес. Аны бул жердегилердин көпчүлүгү билишчү. Атта чарчабай көп жүрүү жана изкубардык байкагычтыгы жагынан анын алдына эч ким тең тайлаша алчу эмес. Анын мындай жакшы сапаттарын бардык заставадагылар, ошондой эле комндирлер менен жоокерлердин көзчүлүгү жакшы билишчү.

Телефондун трубкасынан салмактуу тааныш үн угулуп жатты:

— Эртең кечинде комендатурага келиңиз, райком партиянын пленуму болот. Эсиңизге салып коёюн, сиз пленумдун мүчөсүсүз.

Трубкадан үч чыкпай бир аздан соң анын улам кайталаган жаңырыгы угула баштады...

Лейтенант Озоке комендатурага айтылган убакта болуу үчүн ушунчалык алыс аралыкка ат менен кантип жетүү керектиги жөнүндө ойлоно баштады. Өрөөндөрдү кесип, бир эле эмес бир канча ашуулардан ашып өтүү менен суулардан кечүү оңой-олтоң жумуш эмес эле. Чек арачыларда аттан башка эч нерсе жок. Эмне болсо да элибизде: «Ат адамдын канаты», — дейт эмеспи.

Анда, атты жакшылап тойгузууну өз колума алайын, анын такасын да текшерип көрүш керек. Эгер жараксызыраак болуп калса тезинен алмаштыруу керек, — деп ойлоду.

...Столдун төр жагында кең далылуу, бети жакшылап кырылган, кийген кийими дыкан полковник Васильев отурган эле. Озоке түз боло калып шпорун шарактата колун жогору көтөрүп честь бере:

— Жолдош полковник сиздин чакыруунуз боюнча чек ара заставасынын начальнигинин жардымчысы лейтенант Озоке бул жерге келди, — деп өзү жөнүндө баяндады.

— Озоке отурунуз, — деп Борис Михайлович ага колун сунду. Анын алаканы жумшак жана жылуу эле. Ал урмат менен чек арачынын колун чын жүрөктөн кысты. Ден соолугуң кандай, заставада эмне жаңылыктар бар?

— Ырахмат, жолдош полковник, ден соолугума даттангым келбейт. Заставада да бардыгы ойдогудай. Пленум эң сонун өттү, ал жерден эски досторума кезиктим. Эми заставага кете берүүгө болот. Иштер толугу менен бүттү.

— Эсимен чыгарып коюптурмун, сиз тамеки тартасызбы, Озоке?

— Жок, мен тамеки тартпаймын.

Борис Михайлович күмүш портсигарын ачып тамекини шашылбай алып чыкты да ширеңке чакты.

— Мындай маанилүү бир иш болуп жатат.

— Угуп жатам, жолдош полковник, — деп лейтенант Озоке орундугунан жогору турду.

— Отур, отура бериңиз, — деди Васильев анын отурушун өтүнө. Турган калыбында папкасынан сүрөт кагаздарын сууруп чыгып бардыгын Озокенин алдына кылдаттык менен коюп жатып:

— Бул киши сага тааныштыпы? — деп сурады.

Озоке сүрөткө көз жүгүртө, ошол замат:

— Бул чех журналисти Юлиус Фучик. Беш жыл мурда

ал биздин дивизиондо болгон. Анда дивизиондун командирининин буйругу боюнча ага ардактуу кызыл аскер деген наам берилген.

— Эң жакшы лейтенант, унутпасаңыз, эсиңиз абдан жакшы экен, — деп аны жактыруу менен сүйлөдү. — Жолдош Фучик бизге кайрадан келе жатыптыр. Ал чек арачыларга да баргысы келет экен. Жакшы мейманга абдан кубанабыз. Байка, эми конокту тосуп алууга күтүн. Анын жолдоштору да болушу мүмкүн.

...Кызыл аскерлердин бир бөлүгү, штаб кызматкерлери — бардыгы атка минишип шаардын дарбазасы — Нарындын көпүрөсүнө келишти. Чек арачылар менен командирлер майрамдагыдай кийинишкен. Алар аттарынан түшүшпөй көпүрөнүн жанында; конок түшкөн машинанын тигил кичинекей коктучадан көрүнүшүн чыдамсыздык менен күтүп турушту. Машинанын күрүлдөгү алыстан эле угулар замат Озоке атынан ыргып түшүп көпүрөнүн так ортосунан колун жогору көтөрдү.

Машина көпүрөгө жетпей токтоп калды. Чек арачылар документтерди текшерет деген ойдо шофер колуна путевка кагаздарын кармаган калыбында кабинадан ыргып түштү. Озоке шофердун жаны менен каршы өтүп машинанын жүргүнчүлөр түшүүчү салонуна кирди. Ал ошол замат Юлиус Фучикти тааный койду. Ал жылуу пальто, мехтен жасалган тумак кийип алган. Фучиктин каштары; жазы, капкара жана узунураак тартылып түз эле, ал эми кырдаач мурду сууктан бир аз кызара түшкөн. Фучик лейтенанттык погондорду карап, жылмая текши апакай тиштерин көргөзө Озокенин киришин кубанып тосуп алды.

— Кымбаттуу меймандар, сиздердин тынчыңыздарды алгандыгым үчүн кечирип коюңуздар, бардык чек арачы жоокерлер, бүтүндөй командалык состав сиздерди чайга чакырууга келдик, — деп Озоке эми гана бардыгы ойдогудай болду го, — дегенде жеңилдене дем алды.

Ал:

— Алыс жол сапарынан кийин суук кычырап турган кезде жылуу бөлмөдө чай менен сыйлоо кандай жакшы. Урматтуу меймандар буга каршы болбосоңуздар экен! — деп отургандардын жылмаюуларын жылмаюу менен жооп кайтарууга кошумчалады.

Бул сөздөрдү котормочу чех туристтерине которуп берди эле автобустун ичиндегилер бир-бирин карашып, айрым-

дары орус тилдеринде сүйлөшүп жатышты. Юлиус Фучик ордунан туруп колдорун сүртө лейтенант Озоке жакын келди да аны кучактай ыраазылык менен:

— Жолдош Фучик чакырганыңыздар үчүн чоң рахмат айтып жатат, ал ошондой эле Кызыл Армиянын эр жүрөк жоокерлери менен кездешүүгө даяр, — деп кыз Озокеге которуп берди.

— Урмат көрсөткөндүгүңүзгө ыраазымын, — деп лейтенант Фучикке кайрыла: — шаардын ичинде атчан жүрүүнү каалайсызбы? — деди. Бул жолу алар бир-бирин түшүнүшүүгө котормочу жардамдашкан жок. Фучик кубануу сезими менен:

— Мен даярмын! Атка минемин!

Мээлейи менен машинадагы жүргүнчүлөрдү жаңсай, Фучик машинадан секирип түштү. Ага ат тартышты. Фучик ээрге жеңил отурду. Ал мурда ат мингенди үйрөнүп алгандыктан өткөн жолу келгенде атта жүрүү өнөрүн бир аз көргөзгөн эле.

Эң алдыда Фучик менен Озоке, алардын артында мейманлар түшүшкөн машина, алардан соввзводдун командирининин жардамчысы Павловдун атчандар бөлүгү келе жатышты.

Комендатуранын дарбазасынын алдынан келе жаткандарды полковник Васильев тосуп чыкты.

Ал Фучиктин колун бекем кысып:

— Кароого кирүүңүздү өтүнөм. Бул жерде да өз үйүңүзгө келгендей сезиниз. Сый конок болуңуз.

— Чакыргандыгыңыздарга абдан чоң ырахмат, — деп Фучик жооп кайтарды. Ошол эле күнү кечинде Фучик өзү жетекчилик кылган жумушчулардан түзүлгөн делегациясы менен бирге шаардык митинге чакырылды. Шаардыктар мамлекеттик банктын жанындагы аянтка чогулушту. Горнизондун оркестри ойноп турду. Минуталар өткөн сайын суук күчөгөндөн күчөп келе жатса да, Юлиус Фучик, райондук партия комитетинин секретары Жамангулов жана шаардык эмгекчилеринин өкүлдөрү сүйлөп болушкуча аянттан бир да киши кетишпей митингдин акырына чейин болушту. Чех достор биздин өлкөнүн элинин мейманларды урматтап кабыл алуу салты, советтик жана чехословакиялык жумушчулардын ортосундагы көп убакыттардан берки байланыштар жөнүндө көп жылуу пикирлер айтышты.

Ошол күндөн баштап Юлиус Фучик бир саат да мейманкананын өзүнө эничиленген бөлмөсүндө олтурбастан, ал шаардын өнөр жай мекемелелерин, коомдук жана административдик уюмдарды эртең менентен кечке чейин кыдырып жүрдү. Ошондой эле ал гарнизондун аскер бөлүктөрүндө да бир канча ирет болууга үлгүрө алды. Ал кайда, кайсы жерде кандай мекемеде болбосун адамдар аны кубанып тосуу менен курчап алып жатышты. Фучик далайлары менен аңгемелешип, далайларын блокнотуна түшүрүп жатты. Бул көрүнүш бир күндө бир канча жолу кайталанды. Көп нерселер жөнүндө сурап алып, ошол эле убакытта өзү да далай-далай суроолорго дилгирлене жооп кайтарып жүрдү. Көп убакытта котормочу кыздын кызматын жеңилдетип Юлиус орус сөздөрүнө чех сөздөрүн аралаштыра сүйлөчү.

Ага советтик чек арачылардын кызматы менен жашоо формасы абдан жагып калганын полковник Васильев менен болгон аңгемесинде:

— Сиздердин чек ара заставаларыңызда болуп: жоокерлер өз кызматтарын кандай өтөшөт, алардын жашоолору кандай, эмнелер жөнүндө ой жүгүртүп кыялданышат, бардыгын өз көзүм менен көргүм келет. Чынын айтыш керек, эң кызык болор эле, ырас эң кызык! деген толкундуу сөзүнөн даана сезилип турду.

— Эч нерсе эмес, айтканыңызды аткарууга болот, — деп Фучиктин оюн жердин тоолорун абдан жакшы билет.

Фучик Озокени көңүл коё карады да качандыр бир өткөн окуяны эске түшүрө албай жаткан кишиче алаканы менен ээрдин сүртө сыйпалады, бирок эстей албады көрүнөт.

— Болуптур, абдан жакшы. Мен эртең дагы аттанып кетүүгө даярмын, — деди.

Эң сонун! Бирок тиги чек арага жеткиче атчан барууга туура келет, — деп экскерте сүйлөдү Васильев.

— Лейтенант, — деп Васильев Озоке карап: — Камданыңыз, жол алыс, аттарынды жакшылап тойгузуп жолго даяр болсун.

— Угуп жатам, жолдош полковник, — деп Озоке жооп бере кабинеттен чыкты. Ат-Башы кыштагына чейин Нарындан жүргөн автобуска отуруп барса болот эле, бирок бул сунушка Фучик макул болбой койду. Ат эле минип барыш керек, жургөндө да жол менен эмес капчыгайлар, тоолор менен жүрүү керек. Ал өзү айткандай Тянь-Шандын кышкы муздак абасынан дем алып, ак кар көк муз каптаган өзөндөрүн, алардын

шар агымдарын көрүп, күркүрөгөн дабыштарын уккусу келди. Алар жай жүрүп келе жатышты.

Сүйүктүү мейманы менен коштошоор алдында Озоке планшетинен бир топ сүрөттөрдү сууруп чыгып аларды Фучикке берди. Ал кыргыздын улуттук дивизионунун биринчи эскадронунун жоокерлери менен түшкөн өзүнүн сүрөтүн көрө коюп таң калды. Ал лейтенант Озокени карап үнүн катуу чыгара:

— Мен сени эми таанылым! Сүрөттө менин катарымда турган сен эмессиңби?

Мен.

— Э-э-й лейтенант, буга чейин эмне унчукпай жүрдүң? Айтпаганың жакшы эмес. Биз көрсө эски достор турбайбызбы!

— Ойлогом, бирок ыңгайсызыраак болот го деп айтууну туура көрбөдүм, — деп Озоке кетирген кемчилигине оңтойсузданды.

Кош бол, урматтуу жолдош Фучик. Мен кетүүчү убакыт жакындап калды.

Юлиус Фучик лейтенант Озокеге жакын келип, аны орус салты боюнча бекем кучактап үч жолу өптү:

— Кош бол, эмдиги кезигишкенге чейин эсен бол!

Озоке өзүнүн составына жөнөп кетти. Озоке, эми эле жакында туруп кызуу сүйлөшкөн, өбүшүп коштошкон адам бир топ жылдардан кийин өз элин чындап сүйгөн патриот катарында фашисттердин кыйноосунда баатырдык менен каза табат деп эч ойлогон эмес. Бул окуя кимдин болбосун жүрөгүн титиретип, гитлердик желдеттерге өлүм гана керек деген жек көрүүчү сезим туугузат.

Озоке Хайруллин экөө капчыгайда келе жатып бир азга тыным албаган аракетчил, жогорку принципиалдуу мээримдүү адамды узатып келишкенин ойлоп, ичинен ыраазы боло жылмайды. Ал өзүн жеңил, көңүлү көтөрүңкү сезди. Лейтенант Озоке кандайдыр бир ыйык, таза үмүт гана тең тайлаша алар, ыйык нерселерге колу тийгендей сергип бара жатты. Эми аны кеч күздүн чыкыроону ичиркентпестен, айланасынын бардыгын жарыктык, жылуулук, кооздук каптагандай сезди. Дагы бир ирет өзүн курчаган тоолорго көз жүгүрттү...

О. ЛАЙЛИЕВ,
армиянын отставкадагы майору.
Журнал «Ала-Тоо» № 7, 1972-жыл.

КЫРГЫЗСТАН КОМСОМОЛУНУН ВЕТЕРАНЫ САТАР КУЛМАТОВ

«Ал жаштардын сүйүктүү жетекчиси, комсомолдук, партиялык талыкпаган кызматкер эле. Койчудан Эл комиссарына чейин көтөрүлгөн кеминдик жөнөкөй жигит бардык иште алдыңкы болучу» дейт эски большевик Токуш Токбаев, Сатар Кулматов жөнүндө.

Сатар 1904-жылы Чоң-Кемин селосунда кедей-дыйкан үйбүлөсүндө туулган. 1916-жылдагы көтөрүлүш басылгандан кийин ал ата-энеси менен Кытайга качып кетишкен болучу. Өз мекенинен алыста Кулматовдордун үй-бүлөсү ачкачылыкты да, жакырчылыкты да баштарынан өткөрүштү. 12 жашынан баштап, ал Үч-Турпан байларынын койчусу болду. Атасы өлгөндөн кийин алардын үйүнө ого бетер жакырчылык келди. Буржуазиялык-демократиялык февраль революциясы жеңгенден кийин Сатар энеси менен айлына кайткан. Бирок турмуш мурункудай эле болуп кала берди. Убактылуу өкмөт урпадаттарды сактады. Зомбулук-жакырчылык өкүм сүрүп турду.

Кыргыз элине Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жарык таңы да атты. 1918-жылы Сатар балдар үйүнө кабыл алынат. Ал бул жерде окуду, 1919-жылы ноябрь айында комсомолдун катарына өттү жана Токмок, Пишпек уезддеринде комсомолдук ячейкаларды түзүүгө катышты. Ал 1921-жылы Ташкентке советтик-партиялык мектепке жиберилген. Аны бүтүп келери менен комсомолдун Токмок райондук комитетинин секретары болуп дайындалган. Ал бай-манаптар, кулактар менен болгон катуу жана аёосуз күрөштө өстү жана эр жетти. Комсомолдун Жети-Суу областтык комитети аны жооптуу жана эң кыйын жумуштарга жумшады. 1923-жылдан 1924-жылга чейин комсомолдун Нарын уездик комитетинде, ал эми 1924-жылдын август айында комсомолдун Каракол округдук комитетинин секретары болуп шайланды. Ал Кыргызстан комсомолунун биринчи Учредителдик съездинин делегаты болгон. Ушул эле съездде РЛКСМ областтык комитетинин мүчөсү жана саясий-агартуу бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалган.

1926-жылы комсомолдун областтык экинчи съезди Сатарды Кыргызстан комсомолунун Борбордук Комитетинин жогорку секретарлыгына шайлады. Ошол жылы ал биринчи жаштар газетасынын — «Ленинчил жашты» чыгарууга жетишкен.

1928-жылы ноябрда Сатар Кулматов комсомолдук иште он жылдан ашык иштегенден кийин Кыргызстан ВКП(б) областтык комитети аны партиянын Каракол округдук комитетине секретарь кылып жиберди. Бул жерде ал Ысык-Көл жана Тянь-Шань өрөөндөрү боюнча коллективдештирүүнү жүргүздү. Кулактар менен бай-манаптардын ташын талкандап, биринчи колхоздор менен совхоздорду түзүүгө жетекчилик кылды. Кийинки жылдары ал партиянын областтык комитетинин жооптуу кызматкери, Талас жана Нарын райкомунун секретары болуп иштеген. 1937-жылдын февраль айынан баштап аны Кыргыз ССРинин жеңил өнөр жай комиссарына дайындады. Бул постуда ал өмүрүнүн акырына чейин, башкача айтканда 1938-жылга чейин иштеген.

Партиялык, чарбалык, комсомолдук иштерде иштеген 19 жыл ичинде ал көптөгөн съезддердин жана конференциялардын делегаты болгон. 1926-жылдан 1928-жылга чейин ВЛКСМ Борбордук Комитетинин мүчөлүгүнө кандидат эле.

Ал өз өмүрүн Советтик Кыргызстандын өнүп-өсүшү үчүн, жаштардын бактысы үчүн күрөшкөн.

КЫРГЫЗ КОМСОМОЛУНУН ТҮЗҮЛҮШҮ

1925-жылдын, 25-майында Фрунзе шаарында Кыргызстан комсомолунун биринчи уюштуруу съезди өзүнүн ишин баштады. Кыргызстандын тарыхында республикабыздын комсомолу өзүнүн жаңы барагын ачты. Съезд мурдакы чачыранды, ар кайсы жерде жайгашкан баштапкы комсомолдук уюмдарды бүтүндөй бир чоң ийримге кошту. Эми комсомолдун катарына Жети-Суунун, Сыр-Дарыянын, Фергананын жана Туркестандын, Самарканд областтарынын жаштары кошулду. Комсомолдун областтык уюмунун түзүлүшү Кыргызстандын жаштарынын турмушундагы тарыхый олуттуу жана көрүнүктүү окуя. Съезд Улуу Октябрдын жеңип алгандарын бекемдөө боюнча жаштарды баш коштуруп, аларды өлкөбүздө социализмди жана коммунизмди кеңири курууга үндөдү.

Кыргызстандын комсомолунун уюштуруу съездине ар кайсы тараптан, так айтканда, 113 делегат келди. Пишпек тараптан 42 делегат, Караколдон — 36, Оштон — 19 жана Жалал-Абаддан — 16 делегат эле. Делегаттардын арасында 105 жигит жана 8 кыз бар болучу. Алардын арасында кыргыздар 80, орустар менен украиндер 24, өзбектер 5, татарлар экөө жана уйгурлар экөө. Съезддин ишине Өзбекстандын, Казак-

стандын жана азыркы Калинин областынын жаштарынын өкүлдөрү да катышты. Съездди ачып жатып, уюштуруу бюросунун жооптуу секретары Осмонкул Алиев делегаттарга Владимир Ильич Ленинди аза күтүүгө чакырды да, мындай деп айтты:

— Жолдоштор, Кыргызстандын комсомолу азыр салтанаттуу түрдө өзүнүн БИРИНЧИ УЮШТУРУУ СЪЕЗДИНЕ чогулган кезде биздин арабызда ысмын алып жүргөн адам жок экендигине зээниң кейийт. Ал адам жумушчу табынын жетекчиси жана РКП(б)нын уюштуруучусу Владимир Ильич Ленин. Анын бүт мурастарын биз аткарууга ант беребиз.

Залда оркестрдин мундуу күүсү тартылып, бардык делегаттар өзүлөрүнүн атасы жана окутуучусуна аза күтүп унчукпай турушту. Анан делегаттар бай-манаптар менен кармашууда каза болушкан Нариманов, Атабековдун жана башкалардын ысымдарын атап аза күтүштү. Бул жигиттер Коммунисттик партиянын жана Совет бийлигинин идеялары үчүн курман болушкан.

Съезддин күн тартибинде: 1) Тверь губерниясынын комсомолдук уюмунун шефтигин кабыл алуу; 2) РЛКСМ БКнын Орто Азиялык бюросунун докладын угуу; 3) областтагы абал жана партиянын милдеттери; 4) уюштуруу бюросунун отчёту жана уюмдун кезектеги милдеттери; 5) тарбия ишиндеги кезектеги милдеттери; 6) улуттук түзүлүштөр жөнүндө; 7) комсомолдун областтык комитетинин жетекчи органдарынын шайлоо маселелери турган.

Күн тартиби бекитилгенден кийин съезддин делегаттарын партиянын обкомунун секретары **Жайнак САДАЕВ** куттуктады.

— Жолдош комсомолецтер, — деди Садаев толкундануу менен, — силер партиянын чыныгы жардамчылары болуп эсептелесиңер. Автономиялуу Кыргыз областынын түзүлүшү Октябрь Социалисттик Революциясынын жемиштеринин бири. Келечекте силер бул областтын жетекчилери болосуңар. Силердин эң негизги милдетиңер — көбүрөөк окуп, жаңы турмушту куруу. Жаңы өлкөнүн курулушу, жаңы элдин тарбияланышы жалаң гана силердин колуңардан келбей тургандыгы бизге маалым. Бул үчүн баарыбыздын күчүбүз талап кылынат. Биз азыр Улуу Ленин үйрөткөндөй, айыл-кыштактарга көбүрөөк жардам беришибиз керек. Партиянын областтык комитети, республиканын комсомолу алдыга койгон максат-

тарды турмушка ийгиликтүү ашырып, чыныгы резерв болуп эсептеле тургандыгына бекем ишенет.

Ооба, Кыргызстандын комсомолу, партиянын ишенимин актады. Буга комсомолубуздун басып өткөн жолу жакшы далил болот. Комсомол эл чарбачылыгын калыбына келтирүүдө, аны индустриялаштырууда, өлкөнүн экономика кубаттуулугун чыңдоодо, германдык фашизмди жана япондук милитаризмди талкалоодо эбегейсиз чоң салым кошту.

Жолдош Садаевден кийин делегаттарга РЛКСМ БКнын Орто Азия боюнча бюросунун, Союзкошчунун, профессионалдык, союздарынын областтык советинин, комсомолдук Тверь губерниялык уюмунун өкүлдөрү куттуктоо сөздөрүн айтышты. Тверь губерниясынын өкүлү жолдош Толмачевский губерниянын 25 миңден ашык комсомолецтери Кыргызстандын жаштарын шефке ала тургандыгын чоң ыраазылык менен билдирди. Ошол эле мезгилде Тверден келген дагы бир өкүл жолдош Гаврилов республикабыздын уюштуруу сезиминде Владимир Ильич Лениндин портретин эстелик кылып тапшырды. Кызыл Тууну болсо жолдош Бутин тапшырып жатып мындай деди:

— Бул Кызыл Тууну силерге комсомолдун Тверь губерниялык комитети жиберип олтурат. Губерниянын бардык пролетариаттык жаштары жана жаш дыйкандары ушул тууну ыйык сактагыла деп тапшырып олтурат. Кызыл Туунун бетинде: «Ленинизмдин туусу астында баш кошушкан бардык улуттардын комсомолецтери өздөрүнүн жетекчиси жана окутуучусу жолдош Лениндик осуяттарын акыр аягына чейин аткарышат» деген сөздөр жазылып турат.

Бул сөздөр залда жаңырганда делегаттардын баары өз орундарынан туруп, шатырата кол чабышты. Съезддин делегаттары Успенский жана Алиев сөз алышып, Тверден келген өкүлдөрдү кызуу куттуктап, Кыргызстандын комсомолецтери ленинизмдин туусун колдон түшүрүшпөй, улуу Лениндин бардык осуяттарын абийирдүүлүк менен жүзөгө ашырышат деп ишендирип кетишти. Бул маселе боюнча атайын резолюция да кабыл алынды.

Съезддин делегаттарын Чехословакиялык «Интергельпо» кооперативинин атынан ошол коммунанын мүчөсү жолдош Ягода куттуктады. Ал өзүнүн сөзүндө чехословакиялык коммунисттик жаштар союзунун түзүлүшү жөнүндө айтты. Жаштар союзу полициянын ар кандай куугунтуктоолоруна карабастан 1920-жылы эле уюштурулган. Комсомол Чехословакиянын Коммунисттик партиясынын ишенимдүү жардамчысы

болуп келе жатат. Чехословакиядан Россияга келген комсомолецтер аларга тагылган бардык милдеттерди чоң ынтаа менен аткарышууда.

Комсомолдун уюштуруу съезди «областтагы абал жана комсомолдун милдеттери жөнүндө» деген маселе боюнча резолюция кабыл алды. Ал резолюцияда коммунисттик партиянын жана совет бийлигинин дыйкандар жөнүндө көргөн бардык чараларын жактырды, партиянын ички-тышкы саясатын кубаттады.

РЛКСМ БКнын Орто Азия боюнча бюросунун иши жөнүндөгү докладда комсомолдун алдына орчундуу милдеттер коюлду. Ал милдеттер партиялык ички жакшыртуу, айыл кыштактарга көбүрөөк жардам берүү, сабаттуулукту жогорулатуу жана башка чаралар кирет.

Уюштуруу съездинин жүрүшүндө РЛКСМдин уюштуруу бюросунун отчету да кеңири талкууланды. Ал отчетту Осмонкул Алиев жасады. Уюштуруу бюросунун отчетунун негизинде съезд комсомолдук уюмдун келечегине кеңири милдеттерди белгиледи.

Партия менен өкмөттүн Автономиялуу кыргыз областын түзүү жөнүндөгү чечимин алгандан кийин РЛКСМ БКнын Орто Азия боюнча бюросу комсомолдун областтык уюмун түзүү боюнча Кыргыз бюросун уюштурду. Бюронун составына Алиев, Сильвинский жана Айникеев жолдоштор киришти. Алар бюро уюштурулган алгачкы күндөн тартып эле көп кыйынчылыктарга дуушар болушту. Комсомолдук жетекчи кызматкерлер жетишпегендиктен, айыл-кыштактар бири-биринен бир күндүк ат чабымдай жерде болгондуктан жана саясий ишинин деңгээли төмөн тургандыктан алгачкы уюштуруучуларга көп эмгектенүүгө туура келди. Каражат да, күч да жетишпей жатты.

Улуттук чек салып бөлүнүү мезгилинде жергиликтүү байманаптардын кыймылы да күч алды. Алар ар кандай ураандарды көтөрүп чыгышып, таптык күрөштү сүйлөшүү жолу менен токтотууга аракет көрүштү. Бай-манаптардын негизги максаты дыйкандарды жана малчыларды өз колдоруна алып, аларды Совет бийлигине каршы көтөрүү эле.

Автономиялуу область түзүлгөнгө байланыштуу Кыргызстандын аймагындагы эл бай-манаптардын тукурууларына карабастан мындан да жакшы эмгектенип, республиканы чыңдоого киришти. Алардын биринчи катарларында Комму-

нисттик партиянын ишенимдүү жана берилген жардамчылары — комсомолецтер болушту.

1925-жылдын январь айына чейин уюштуруу бюросу округдарга уюштуруу бюролорун түзүүгө жана аларга кызматкерлерди тандоого көп аракеттенди. Аларды чыңдоо максатында атайын окуу жайларында билимин өркүндөтүп жаткан көп студенттер чакырылып алынды.

Уюштуруу бюросунун мүчөлөрү комсомолдук уюмдун сан жагынан өсүшүнө көп көңүл бөлүштү. Алардын күндөлүк ишинин натыйжасында комсомолдук уюм алты айдын ичинде дээрлик эки эсеге өстү. Мисалы, 1924-жылдын ноябрь айында комсомолдун областтык комитетинде 5101 мүчө, алардан 2605 кыргыздар болсо, 1925-жылдын майында комсомолецтердин мүчөсү дээрлик он миңге жетип, алардын алты миңин кыргыз улутунун уландары менен кыздары түзүштү. 1924-жылдын ноябрь айында комсомолдук 176 ячейка болсо, 1925-жылдын майында ячейкалардын жалпы саны 250гө жетти.

Уюштуруу бюросу комсомолецтердин санын өстүрүүгө гана аракеттенбестен, жаштарды саясий жактан тарбиялоо маселесине да көп көңүл бөлдү. Бюро ар кайсы жерлерде пропагандисттердин алты коллективин, 30 саясий кружокту, кыраатын келтирип окуунун 40 группасын уюштурду. Ар бир округда кыргыз жана орус тилдеринде дубал газеталары чыгарылып турулду.

1925-жылдын 25-мартында РЛКСМ БКнын областтык уюштуруу бюросунун кеңири пленуму болуп, ал Кыргызстандын комсомолецтеринин кезектеги милдеттери боюнча тезистерди кабыл алды. Ал тезистерде комсомолдук ишти айылкыштактарда айрыкча жакшыртуу жергиликтүү кыздарды комсомолго көбүрөөк тартуу, жаштар арасында сабатсыздыкты жоюу, уруулардын ортосундагы талаш-тартыштарды жок кылуу, көп аял алууга тыюу салуу сыяктуу орчундуу чаралар белгиленген.

1925-жылдын март айында партиялык биринчи конференция болуп, ал конференция отчеттук доклад боюнча резолюция жана «Партиянын жаштар арасында жүргүзө турган кезектеги милдеттери жөнүндө» атайын токтом кабыл алды. Конференция партиялык башталмаларды комсомол гана жүзөгө кеңири ашыра ала тургандыгын баса көрсөтүп, айылкыштактарда ишти чыңдоого жаштарды милдеттендирди. Партиялык биринчи конференциянын комсомол боюнча кабыл

алган чечими жаштар арасында иште мындан ары карай күчөтүү үчүн мааниси чоң эле.

Ошентип, республикабыздын комсомолунун биринчи съезди уюштуруучулук этаптан өтүп, жер-жерлердеги чачыранды уюмдарды бирдиктүү бир уюмга баш коштурду. Съезддин жабылган күнү Кыргызстан Коммунисттик Жаштар Союзунун уюштуруулган күнү катарында республикабыздын тарыхына кирди.

Чек аранын ардагерлери

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧЕК АРА АСКЕРЛЕРИ

Россия менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы 1992-жылдын 9-октябрындагы «Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан Россия Федерациясынын чек ара аскерлеринин статусу жөнүндөгү» келишимге жана Россиянын Президентинин 1992-жылдын 8-ноябрында чыккан Указына ылайык 1992-жылдын 12-декабрында Россия Федерациясынын чек ара аскерлеринин Кыргыз Республикасындагы Тобу түзүлгөн. Республиканын аймагындагы чек ара бөлүктөрүнүн курамында МКК (КГБ) Чыгыш чек ара округунун бирикмелеринен калган ысымдуу эки чек ара заставасы бир эле. Алар А. Бесценный жана А. К. Сидоров атындагы заставалар эле.

Акыркы жылдарда чек арачы баатырлар С. Н. Пекуштун, О. Т. Лайлиевдин, К. Торгоевдин ысымдары дагы үч чек ара заставаларына ыйгарылды.

Андрей БЕСЦЕННЫЙ атындагы чек ара заставасы

Андрей Бесценный Харьков шаарында туулган Балалык чагын ата-энесиз өткөрдү.

Алай-Гүлчө чек ара комендатурасынын «Иркештам» чек ара заставасында бөлүм командири болуп кызмат өтөгөн.

Чек арачылар басмачылардын бандалары менен күжүрмөн кагылышууларга киришкенде застава кайтарып турган чек ара участогунда мылтык үнү угулуп турчу.

1931-жылдын 17-ноябрында башында Аитмерек турган басмачылар чек арадан өтүп, кыштактардын бирине кол салышты. Застава күжүрмөн тревога боюнча көтөрүлдү. Заставанын начальнигинин жардамчысы абалды кыскача түшүндү-

рүп, буйрук берди. Банданы жок кылууга чек арачылардын эки тобу жиберилди. Алардын бири бандиттердин чегинүү жолун кесүү үчүн чек арага жиберилди. Курамына заставанын парторгу кирген экинчи топ кыштакты көздөй жөнөдү.

Кечки күүгүмдө Караван-Көл ашуусуна жакындаганда чек арачылар аны басмачылар ээлеп алганын көрүштү. Ошентип чек арачылар ылдыйда душмандардын огу алдында калышты.

Ашууда ок атуулар башталганда, командирдин үнү капысынан угулбай калды. Бесценный оор жарат алган командирдин жанында эле, анан ал чек арачыларды башкарууну ага өткөрүп берди.

Түнү бою жоокерлер бандиттер менен салгылашты. Таң атканда банда алардын чек арага карай жолун тосуп турган үч тирүү калган чек арачыга каршы жаңы чабуул баштады. Бирок чек арачылар жан албай коргонушту. Бир убакта басмачылар чыдай албай артка чегиништи. Алар ашуудан ашып кеткенде Бесценный согуш талаасына көз чаптырды. Кырда 19 бандиттин өлүгү жатыптыр. Бул чабуулду кайтарууда чек арачылар да жоготууларга учурады. Басмачылар чек арага жырып өтүүгө умтулуп, өз жоготууларына карабай чек арачыларды тирүүлөй колго түшүрүү үчүн жаңы чабуулга өтөөрүн Бесценный түшүнүп турду.

Басмачылар жаңы күчтөр менен кайтып келээрин сезип, Бесценный чек арачылардын бирин заставага кабар менен жиберди. Калган жоокерлер заставадан жардамды күтүп калышты.

Түшкө жакын бандиттер ашуудан ылдый түшүп, чек арачыларды курчап алышты. Каардуу салгылашуу башталды.

Ок-дары аяктаганда А. Бесценный бандиттер тарапка граната ыргытып, аларды көздөй салгылашка умтулду. Жарадарларды таштап, басмачылар ашууга чегиништи. Алдыга умтулуп, А. Бесценный чегинип бараткандарды кууп жөнөдү. Бирок басмачылардын огу баатырдын өмүрүн үздү.

Басмачылар жарып өтүү үчүн дагы бир чабуулга өтүштү. Анын жүрүшүндө пулемётчу Костромской каза болуп, анын жардамчысы Михалев башынан оор жаракат алды. Бирок жардам ашууга жакындап калган эле. Чек арачылар уруш болгон жерге ат чаптырып, кылыч сууруп келип калышты банданын калдыгы жок кылынды.

«Иркештам» заставасынын чек арачыларынын өлбөс-өчпөс эрдигин эскерүү үчүн СССР ОГПУнун 1933-жылдын

25-февралындагы № 43 буйругу менен заставага Андрей Бесценныйдын ысмы ыйгарылган.

Заставада мындай жазуусу бар эстелик орнотулган: «Бул заставада 1931-жылдын 29-ноябрында Советтик Мекендин душмандары менен болгон кармашууда баатырдык менен курман болгон Андрей Бесценный бөлүм командири жана заставанын партячейкасынын катчысы болуп кызмат өтөгөн».

Ош областындагы Алай айылдык кеңешиндеги «Эгизек» мектеби А. Бесценныйдын ысмын алып жүрөт.

Азыркы күндө ысымдуу заставага ага лейтенант А. К. Алымбаев командалык кылат.

Андрей Кузьмич СИДОРОВ атындагы чек ара заставасы

Андрей Кузьмич Сидоров 1903-жылы Орел губерниясынын Мценск уездиндеги Плаутина кыштагында туулган. Фабрикалык-заводдук окутуу мектебин бүтүргөн, III разряддагы слесарь кесиптигин алган.

1925-жылы чек ара аскерлерине чакырылган. «Гүлгө» өзүнчө чек ара комендатурасынын «Ишик-Арт» заставасында старшина болуп кызмат өтөгөн.

Жаздын башталышы менен памирдик ашуулар ачыла баштады да, ушундан кийин басмачылар өз иштерин кызуу жүргүзө башташты.

1927-жылдын апрелинде старшина Андрей Сидоров жетектеген Кашка-Суу чек ара постунун курамы заставага кайтып келе жаткан эле. Маршрутта чек арачылар басмачылардын курчоосунда калышты. Чабандардын кыштоосунда коргонуу уюштуруп, жети эр жүрөк жоокер душмандардын чобуулун кайтарып, он сутка коргонушту. Көп жоготууларга учурап, банда чек ара коргонуусун буза алышкан жок.

Суунун, тамак-аштын запасы түгөндү, ок-дары аягына чыга баштады. Дээрлик бардык жоокерлер бир нече жолу жарат алышты. Басмачылар чек арачыларды тирүүлөй колго түшүрүүгө аракеттеништи. Бандиттерге жооп кылынып акыркы гранаталар ыргыды. Ошондо душмандар кыштоого өрт коюшту. Бардык жоокерлер курман болушту.

Бандиттер ашуудан кете электе заставанын маневрдык тобу жетип келди. Бул салгылашууда Жаныбек — казынын бандасы жок кылынды. Күйүп кеткен кыштоонун урандыларынан чек арачылар өз жолдошторунун жети өлүгүн, кундактары күйгөн жети мылтыкты, жети кылычты жана иштен чык-

кан пулемётту алып чыгышты. Өлөөрдүн алдында чек арачылар басмачылардын колуна тийбесин деп өз куралдарын иштен чыгарып салышкан экен.

Станковый пулемёттун калканчасында мындай жазуу калган экен: «1927-жылдын апрели. Жашасын коммунизм! Андрей Сидоров, Яков Бердников, Владимир Охапкин, Иван Ватник, Валерий Свищевский, Николай Жуков, Иосиф Шаган».

Мекендин душмандары менен болгон салгылашууда баатырдык менен каза болгон чек арачылардын элесин түбөлүккө сактоо максатында Кыргыз ССРинин Совет Министрлигинин 1974-жылдык, 21-майдагы № 214 Токтому менен Ош чек ара отрядынын «Ишик-Арт» чек ара заставасына старшина Андрей Сидоровдун ысмы ыйгарылган.

Баатыр чек арачынын ысмын Кыргызстандын мектептеринин бири алып жүрөт.

Чек ара аскерлеринин Борбордук музейинин көптөгөн экспонаттарынын арасында көрүүчүлөрдүн өзгөчө көңүлүн бурган бир күжүрмөн реликвия бар. Ал А. Сидоровго таандык болгон кыны күйгөн атчандардын кылычы.

Сергей Никифорович ПЕКУШ атындагы чек ара заставасы

Кызыл аскер Сергей Никифорович Пекуш 1903-жылы Днепропетровск областынын Петропавловка кыштагында туулган.

1927-жылдын майында биздин аймакка чектеш Кытайдан корбашы Жаныбек жетектеген саны 500 адамга жеткен басмачылардын ири бандасы өттү. Иш коммендатурасына кошуна бөлүктөрдүн чек арачылары бандага сокку урушуп, ал 200гө жакын жоокерин жоготуп, комендатуранын участкасындагы чек ара тарапты кесип өтүүгө жөнөдү.

16-майда «Ак-Бел Красногарь» заставасынын начальниги 13 чек арачы менен Сөөк капчыгайы тарапка чыгып кетти. Жоокерлерде мөнчик ок атуучу куралдар, кылычтар жана бир пулемёт бар эле.

Эртеси гана чек арачылар банданы байкап калышты. Салгылашуу башталды. Пулеметчу С. Пекуш кыр менен жогору көтөрүлүп, душманга капталдан ок ачты. Бандиттер аргасыз артка чегиништи. Чек арачылар Көк-Бел ашуусун ээлешип, таштардан тосмо жасашып, жарып өтүүнү кайтарууга даярданышты.

Басмачылар бир канча жолу жарып өтүүгө аракеттеништи, бирок коргоочулардын ок атуусунан чегинүүгө аргасыз болушту. Өзгөчө пулемётчу Сергей Пекуштун кыска так атуулары душмандар үчүн коркунучтуу болду.

Кечинде караңгылыкка чамынып басмачылар чек арачыларды курчап алышты. Заставанын начальниги башында турган эр жүрөк жоокерлер эки сутка душмандар менен кармашты. Жалпысынан бардыгы болуп жыйырма үч чабуулдун мизи кайтарылды, ушундан кийин гана заставанын начальниги чегинүүгө чечим кабыл алды. Жолдошторунун чегинүүсүн С. Пекуш коргоп турду. Ал пулемётун жалгыз аяк жолго орнотту. Жоокердик милдетин аягына чейин аткарып, ал алты чабуулдун мизин кайтарды.

Банданын соккусун өзүнө алып, ал тең эмес кармашта курман болду, бирок өз жолдошторуна жоготуусуз чегинип кетүүгө мүмкүндүк берди.

Россия Федерациясынын чек ара аскерлеринин башкы командачысынын 1994-жылдын 10-декабрындагы № 498 буйругу менен С. Н. Пекуштун ысмы Нарын чек ара отрядынын заставасына ыйгарылган.

Чек арачы С. Н. Пекуштун курман болгон жеринде, Караколдун аймагында эстелик тургузулган. Нарын шаарындагы көчөлөрдүн бири С. Пекуштун ысмын алып жүрөт.

Озоке Ташматович ЛАЙЛИЕВ атындагы чек ара заставасы

Озоке Ташматович Лайлиев 1905-жылы 15-сентябрда Кыргызстандын, Фрунзе областынын, Чүй районундагы, Кең-Булун айылында кедей дыйкандын үй бүлөсүндө туулган. Баштапкы айылдык мектептин алты классын бүтүргөн.

1927-жылдын 7-октябрынан тартып чек ара аскерлеринде аскердик кызматта. 1930—1932-жылдарда Харьковдогу ОГПУнун чек ара мектебинин курсанты. Окууну аяктаганда «Инилчек»» заставасынын начальниги болуп дайындалган.

1937-жылы ОГПУнун чек араны кайтаруу аскерлеринин мектебин бүтүргөн. 1939-жылы О. Лайлиевге ага лейтенант деген наам ыйгарылган.

Озоке Ташматович Лайлиев чек арачылардын взводунун командиринин жардамчысы кызматында Өзбекстандын Фергана өрөөнүндө бандитизмди жок кылууга активдүү катышты.

Граждандык согуштан кийин Орто Азия чек ара округунун чек ара аскерлеринде ар кандай кызматта болду.

Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында немецтик-фашисттик басып алуучуларга каршы күжүрмөн кармашууларга катышкан, эскадрондун командири, андан кийин атчандар дивизионунун командири болгон.

Немецтик-фашисттик баскынчылар менен салгылашуулардагы көрсөткөн эрдиги жана баатырдыгы үчүн Ленин, Кызыл Жылдыз, Кызыл Туу ордендери, тогуз медаль жана күмүш саат менен сыйланган.

Чек ара аскерлеринин ардагерлеринин демилгеси боюнча Россия Федерациясынын Чек ара аскерлеринин Башкы командачысынын 1994-жылдын 10-декабрындагы № 498 буйругу менен Нарын чек ара отрядынын «Көк-Айгыр» чек ара заставасына О. Лайлиевдин ысмы ыйгарылган.

Баатыр-чек арачынын Даңк музейи ал туулган айылында жайгашкан, айылдагы мектепке анын ысмы ыйгарылган.

Кутан ТОРГОЕВ атындагы чек ара заставасы

Кутан Торгоев 1900-жылы Кыргызстандын Пржевальск районундагы Ак-Булун айылында туулган. Жаш кезинен байга малай болуп жүргөн. 20-жылдарда басмачылар менен күрөшүүчү ыктыярдык отрядга жазылган.

Каракол чек ара комендатурасынын алдында жол көрсөтүүчү-котормочу болуп кызмат өтөгөн. Бул комендатуранын заставалары Кытай менен болгон чек ара участогун кайтарышкан.

1929—1932-жылдарда К. Торгоев басмачыларды жоготуу боюнча салгылашууларга катышкан. Ал өлкөнүн түштүк-чыгыш чегин кайтарууну бекемдөөгө белгилүү салым кошкон. 1929-жылдан 1940-жылдарга чейинки убакытта анын активдүү катышуусу менен басмачылардын бир канча ири отряддары жок кылынган.

1929-жылдын жайынын аягында Хан-Теңгри чокусунун аймагында М. Т. Погребицкий жетектеген илимий экспедиция жай алды. Экспедициянын иши чет өлкөлүк атайын кызматтардын кызыгуусун туудурду. Окумуштууларды колго түшүрүү иши бандиттерге тапшырылды.

Изилдөө жүрүп жаткан аймакта башында Жантай Оманов турган басмачылардын көп сандуу бандасы бар эле. Бандиттердин бийик тоолуу Кую-Кап өрөөнүндөгү ордосу адам баргыс деп эсептелчү. Бул жактан алар Кыргызстандын Түп жана Казахстандын Нарынкөл райондоруна кол салып турушкан.

Басмачылардын экспедицияга кол салышын алдын ала сезип, чек ара округунун командированиеси аны кайтарууну уюштурууга буйрук берди. «Нарынкөл» заставасынын начальниги бул милдетти аткарууга башында өзүнүн саясий бөлүк боюнча жардамчысы турган жети чек арачыны бөлүп берди. Алардын ичинде Кутан Торгоев да бар эле.

Экспедициянын өз максатына карай жүрүшүндө басмачылар чек арачыларды экспедициядан бөлүп, аларды буктурмуга алдап түшүрүүгө аракет жасашты. Бирок чек арачылар душмандарды ок атуу менен токтотуп, куугунга өтүүгө кызыгышпады. Күн сайын кармашуулар болуп турду.

Бир жолу экспедициянын базалык лагерин 200дөй басмачы үч сутка чобуул коюп, алууга аракеттеништи. К. Торгоевдин ыңгайлуу тандап алган орду гана жоокерлерге душмандардын чабуулун кайтарууга мүмкүндүк берди. Бул убакта чек арачылар окумуштуулардын иш ордуна алып баруучу жалгыз аяк жолду коргоп турушту.

Кийинчерээк К. Торгоев Каракол комендатурасына Омановдун бандасынын башкы күчтөрүн табууга чоң жардам көрсөттү.

1936-жылдын апрелинде Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган.

Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Экинчи даражадагы Ата Мекендик согуштун ордени менен сыйланган. Согуштан кийин запаска кеткен. Жаштарды аскердик-патриоттук тарбиялоо боюнча ишке көп күч кубатын берген. 1961-жылдын январында дүйнөдөн кайткан. Туулган айылында жерге коюлган.

1961-жылы К. Торгоевдин ысмы Пржевальск шаарынын көчөлөрүнүн бирине ыйгарылган.

Россиянын федералдык чек ара кызматынын директорунун 1998-жылдын 25-майындагы № 250 буйругу менен Кутан Торгоевдин ысмы Пржевальск чек ара отрядынын заставасына ыйгарылган.

МАЗМУНУ

Өмүргө шерик 3
Ата журт силерди унутпайт 8
Улуттук байланыш жоокерлер 11
Солдаттын басып өткөн жолу 16
Командирдин баатырлыгы 19
Дивизионго данк 22
Комиссардын тагдыры 25
Баатырларча күрөшкөн 39
Элге арналган өмүр 41
Алгачкы кадам 42
Канга боёлгон кат 45
Шекер 45
Өчпөс өмүр 46
Туңгуч ветерандардын баяны 49
Чалгынчы 55
Эл үчүн, мекен үчүн 58
Ишке ашкан тилек 61
Биринчи комиссар 65
Кымбат өмүрүн арнагандар 68
Тагардагы беттешүү 71
Өлбөс-өчпөс жоокерлер 77
Солдат басып өткөн жол 82
Элдин уулу 88
Кызыл таңда кыйылган кырчын 90
Күрөштөрдүн күжүрмөндүк бир эпизоду 96
Басмачыны багынткан 99
Кызыл кандуу кыргындай кыйылган кырчын 102
Кыйын күндөгү кыйышпастар 106
Чаткалдагы чабышуулар 110
«Беш-Көл» ашуусундагы беттешүүлөр 114
Алардын эл үчүн кылган эмгеги эч качан унутулбайт . . . 120
Унутулгус достук 122
Кыргызстан комсомолунун ветераны Сатар Кулматов . . . 139
Кыргыз комсомолунун түзүлүшү 140
Кыргыз Республикасынын чек ара аскерлери 145
Андрей Бесценный атындагы чек ара заставасы 145
Андрей Кузьмич Сидоров атындагы чек ара заставасы . . 147
Сергей Никифорович Пекуш атындагы чек ара заставасы . . 148
Озоке Ташматович Лайлиев атындагы чек ара заставасы . . 149
Кутан Торгоев атындагы чек ара заставасы 150

О. Т. ЛАЙЛИЕВ, А. О. ЛАЙЛИЕВ.

ӨЧПӨС ӨМҮР

Эч ким унутпайт,
Эч качан унутулбайт.

Редактору *П. КАЗЫБАЕВ*
Тех. редактору *Г. ЖАТАЕВА*
Корректору *Д. ЭСТЕБЕСОВА*
Терүүгө 23.08.2003-ж. берилди.
Басууга 08.10.2003-ж. кол коюлду.
Форматы 84×108$^{1}/_{32}$, Нускасы 500. Заказ № 806

«Учкун» АКда басылды 720031, Бишкек,
С. Ибраимов көчөсү, 24.